| | |
|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги** | **Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-жыл. 12-августу № 75-чуа — Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин «КР КЧ 20-02:2024 «Жер титирөөгө туруктуу курулуш. Долбоорлоо ченемдери» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2024-жылдын 7-мартындагы № 68-чуа буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Конструкциялык талаптарды өркүндөтүү менен кабаттуулукту жогорулатууга карата жер титирөөгө туруктуу курулуш боюнча ченемдерди өркүндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуучу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өкүлдөө жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 токтомун жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары-Мамкурулуш) жөнүндө жобону жетекчиликке алып **буйрук кылам:**

1. Мамкурулуштун «КР КЧ 20-02:2024 «Жер титирөөгө туруктуу курулуш. Долбоорлоо ченемдери» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2024-жылдын 7-мартындагы № 68-чуа буйругуна төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда көрсөтүлгөн буйрук менен бекитилген курулуш ченемдеринде:

- расмий тилдеги курулуш ченемдин 5-главанын 5.4-пунктундагы «При проектировании зданий и сооружений» деген сөздөрдөн кийин «рекомендуется» деген сөз менен толукталсын;

- 7-главанын 7.1.1-пунктунун экинчи абзацындагы «60 м» деген цифралар «70 м» деген цифралар менен алмаштырылсын;

- 8-главанын 8.2-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«8.2 Курулуш конструкцияларын бекемдикке жана туруктуулукка эсептөөдө башка ченемдерге ылайык кабыл алынуучу жумуш шарттарынын коэффициенттеринен тышкары 8.1-таблица боюнча кабыл алынуучу жумуш шарттарынын коэффициентин $\gamma_r$ кошумча киргизүү керек. $\gamma_r$ коэффициентке конструкциянын тийиштүү материалынын эсептик каршылыгын көбөйтүлөт. »;

- 8.1-таблица төмөндөгү редакцияда баяндалсын:

8.1-т а б л и ц а с ы – Жумуш шартынын коэффициентинин мааниси $\gamma_r$

| Конструкциялар | Коэффициенттин мааниси $\gamma_r$ | |
|---|---|---|
| | 18 кабатка чейин кошуп эсептөө менен | 18 кабаттан көп |
| 1 Болот:<br>С235, С245, С255 болоттон элементтер (МАМСТ 27772 келтирилген) | 1,3 | |
| башка болоттон элементтер<br>ширетилген бирикмелер | 1,2<br>1,0 | |
| болттуу бирикмелер (анын ичинде жогорку бекемдиктеги болттор жана бекитүүчү бирикмелер менен бириктирилген) | 1,1 | |
| 2 Өзөктүү жана зым арматуралуу темир-бетон (жантык кесилиштердин бекемдигин текшерүүдөн тышкары): | | |
| а) А240, А400С жана А500С класстарындагы арматуралуу оор бетондон, Вр-I( МАМСТ 34028 берилген) | 1,3 | 1,2 |
| б) ошондой эле, башка класстардагы арматуралуу | 1,2 | 1,1 |
| в) ошондой эле, бардык класстардагы арматуралуу жеңил бетондон | 1,2 | |
| г) бардык класстардагы арматуралуу уюлдуу бетондон | 1,0 | |
| 3 Жантык кесилиштердин бекемдиги боюнча текшерилүүчү темир-бетон: | | |
| а) көп кабаттуу имараттардын мамылары | 1,0 | 0,9 |
| б) башка элементтер | 1,0 | |
| 4 Таш, армоташ жана бетон: | | |
| а) борбордон тышкаркы кысууга эсептегенде | 1,2 | |
| б) жылдырууга жана чоюуга эсептегенде | 1,0 | |
| 5 Жыгач | 1,2 | |
| Туруктуулукка эсептегенде | | |
| 6 100дөн ашык ийкемдүүлүктөгү болот элементтери | 1,0 | 0,8 |
| 7 Ошондой эле, 20га чейинки ийкемдүүлүктө | 1,2 | 1,0 |
| 8 Ошондой эле, 20дан 100гө чейинки ийкемдүүлүктө | интерполяция боюнча 1,2ден 1,0гө чейин | |
| Э с к е р т ү ү – Жылытылбаган жайларда же ачык абада минус 40°С төмөн эсептик температурада эксплуатацияланууга тийиш болгон болот жана темир-бетон жүк көтөрүүчү | | |

конструкцияларды эсептөөдө $\gamma_t$ =0,9, колонналардын жантык кесилиштеринин бекемдигин текшерген учурларда $\gamma_t$ =0,8 кабыл алуу керек.

- 8.2- жана 8.3-таблицалар күчүн жоготту деп таанылсын;
- 9-главанын 9.1.4-пунктуида:

экничи, үчүнчү жана төртүнчү абзацтар эскертүүсү менен төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Сейсмикалуулугу 8 балл болгон курулуш аянтчаларында мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин бийиктиги тиешелүүлүгүнө жараша беш жана төрт кабат менен чектелет.

Сейсмикалуулугу 9 жана 9 баллдан жогору болгон курулуш аянтчаларында мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин бийиктиги тиешелүүлүгүнө жараша үч жана эки кабат менен чектелет.

Эгерде функционалдык талаптар боюнча долбоорлонуп жаткан мектептин жана мектепке чейинки мекемелердин имаратынын кабаттуулугун көрсөтүлгөндөн ашыкча жогорулатуу зарылдыгы келип чыкса, сейсмикалык күч келүүлөрдү азайтуу үчүн сейсмикалык коргоонун атайын системалары (сейсмоизоляция, демпфирлөө ж.б.) колдонуу керек.

Эскертүү – Конструкциялардын бекемдигин жана/же алардын пластикалык деформацияга жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды гана камтыган атайын техникалык шарттардын болушу мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин долбоорлонуучу имараттарынын чектик бийиктиктерине карата ушул пункттун көрсөтмөлөрүнөн четтөө үчүн жетиштүү негиз болуп саналбайт.»;

- 9-главанын 9.3.1-пунктунун экинчи абзацы күчүн жоготту деп таанылсын;
- 9-главанын 9.3.4-пунктунда:
- «Имараттардын пайдубалдары» деген сөздөрдөн кийин «(бир кабаттуу каркастуулардан тышкары)» деген сөздөр менен толукталсын;
- экинчи абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:
- «сейсмикалуулугу 9 баллдан жогору болгон аянтчаларда;»;
- бешинчи абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Имараттардын бийиктиги 16 кабат жана андан жогору, ошондой эле сейсмикалык касиеттери боюнча жер кыртышынын шарттары III типке кирген топурактарда бийиктиги 4 кабат жана андан жогору болгон учурда темир-бетон плиталуу пайдубалдарды кабыл алуу керек»;

- 1.1, 1.8, 5.1, 6.1, 6.3.1, 6.3.2-пункттарда, 6.2-таблицада, 6.3.5-п., 6.4.2-п. г) пунктчасындагы, 7.3.1, 7.10.7-п., 9.1 жана 9.2-табл., 9.1.14, 9.3.5, 9.3.8, 9.6.7, 9.6.7.4, 9.7.5, 9.7.8, 9.7.12, 9.8.9, 9.9.1, 9.10.12, 9.10.15, 9.10.17, 10.3, 10.22, 12.1.1, 12.1.2, 12.1.3-п., 12.1.4-п. тиркемесиндеги, 12.4.4 – 12.4.9, 12.4.11, 12.5.1, 12.6.2, 13.2, 13.2.3, 13.2.5-13.2.10, 13.2.12-пунктчаларындагы, 13.1-табл., 13.4.7, 13.4.29-пунктчаларындагы, А.56-А.58, А тиркемесиндеги, Б тиркемесиндеги мамлекеттик тилдеги «сейсмиктик» деген сөз тиешелүү жөндөмөдөгү «сейсмикалуулук» деген сөз менен алмаштырылсын;
- К-тиркемесиндеги К.4 жана К.5 сүреттөр төмөнкүдөй мазмундагы формулалар менен толукталсын:




К.4-сүрөт – Пландагы кабаттардын К.3.1-пункттарына ылайык келген конфигурациялары





$F_B/F_A \leq 0{,}1$; $\Sigma F_B/F_A \leq 0{,}3$
$h \leq 0{,}25L_{min}$

$F_B/F_A \leq 0{,}1$; $\Sigma F_B/F_A \leq 0{,}3$
$b \leq 0{,}25L_{min}$

$F_B/F_A \leq 0{,}15$; $\Sigma F_B/F_A \leq 0{,}3$
$h \leq 0{,}25L_{min}$

$F_B/F_A \leq 0{,}1$; $\Sigma F_B/F_A \leq 0{,}3$
$h \leq 0{,}25L_{min}$

К.5-сүрөт – Пландагы кабаттардын К.3.2-пункттарына ылайык келген конфигурациялары

2. Мамкурулушка караштуу Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 токтомуна ылайык ушул буйрукту расмий жарыялоо боюнча чараларды көрсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жүзүндө жана электрондук түрдө, аталган буйруктун жарыяланган булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

- ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине маалымат үчүн жөнөтсүн.

3. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө директордун орун басары Иманакун уулу Таалайбекке жүктөлсүн.

УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги

Государственное агентство архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

12 августа 2024 года № 75-ниа г. Бишкек

**О внесении изменений в приказ Государственного агентства архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 20-02:2024 «Сейсмостойкое строительство. Нормы проектирования» от 7 марта 2024 года № 68-нпа**

В целях совершенствования норм по сейсмостойкому строительству относительно повышения этажности, с совершенствованием конструктивных требований, руководствуясь постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 3 марта 2023 года № 115 «О делегировании отдельных нормотворческих полномочий Кабинета Министров Кыргызской Республики государственным органам и исполнительным органам местного самоуправления» и Положением о Государственном агентстве архитектуры, строительства и жилищно-коммунального хозяйства при Кабинете Министров Кыргызской Республики (далее – Госстрой), утвержденного постановлением Кабинета Министров Кыргызской Республики от 25 июня 2021 года № 44, **приказываю:**

1. Внести в приказ Госстроя «Об утверждении строительных норм Кыргызской Республики СН КР 20-02:2024 «Сейсмостойкое строительство. Нормы проектирования» от 7 марта 2024 года № 68-нпа следующие изменения:

в строительные нормы, утвержденного вышеуказанным приказом:

- пункт 5.4 главы 5 строительных норм на официальном языке после слов «При проектировании зданий и сооружений» дополнить словом «рекомендуется»;

- в абзаце втором пункта 7.1.1 главы 7 цифры и букву «60 м» заменить цифрами и буквой «70 м»;

- пункт 8.2 главы 8 изложить в следующей редакции:

«8.2 При расчете строительных конструкций на прочность и устойчивость, помимо коэффициентов условий работы, принимаемых в соответствии с другими нормами, следует вводить дополнительно коэффициент условий работы $\gamma_t$, принимаемые по таблице 8.1. На коэффициент $\gamma_t$ умножают расчетное сопротивление соответствующего материала конструкции.»;

- таблицу 8.1 изложить в следующей редакции:

Таблица 8.1 – Значения коэффициента условий работы $\gamma_t$

| Конструкции | Значение коэфф. $\gamma_t$ | |
|---|---|---|
| | до 18 этажей включительно | свыше 18 этажей |
| 1 Стальные:<br>элементы из сталей С235, С245, С255 (приведены в ГОСТ 27772) | 1,3 | |
| элементы из других сталей<br>сварные соединения | 1,2<br>1,0 | |
| болтовые соединения (в том числе соединяемые на высокопрочных болтах и заклепочные соединения) | 1,1 | |
| 2 Железобетонные со стержневой и проволочной арматурой (кроме проверки прочности наклонных сечений): | | |
| а) из тяжелого бетона с арматурой классов А240, А400С и А500С, Вр-I (приведены в ГОСТ 34028) | 1,3 | 1,2 |
| б) то же, с арматурой других классов | 1,2 | 1,1 |
| в) то же, из легкого бетона с арматурой всех классов | 1,2 | |
| г) из ячеистого бетона с арматурой всех классов | 1,0 | |
| 3 Железобетонные, проверяемые по прочности наклонных сечений: | | |
| а) колонны многоэтажных зданий | 1,0 | 0,9 |
| б) прочие элементы | 1,0 | |
| 4 Каменные, армокаменные и бетонные: | | |
| а) при расчете на внецентренное сжатие | 1,2 | |
| б) при расчете на сдвиг и растяжение | 1,0 | |
| 5 Деревянные | 1,2 | |
| При расчете на устойчивость | | |
| 6 Стальные элементы гибкостью свыше 100 | 1,0 | 0,8 |
| 7 То же, гибкостью до 20 | 1,2 | 1,0 |
| 8 То же, гибкостью от 20 до 100 | по интерполяции от 1,2 до 1,0 | |

Примечание. При расчете стальных и железобетонных несущих конструкций, подлежащих эксплуатации в неотапливаемых помещениях или на открытом воздухе при расчетной температуре ниже минус 40°С, следует принимать $\gamma_t$ =0,9, в случаях проверки прочности наклонных сечений колонн $\gamma_t$ =0,8.

- таблицы 8.2 и 8.3 признать утратившим силу;

- в пункте 9.1.4 главы 9:

абзацы второй, третий и четвертый с примечанием изложить в следующей редакции:

«На строительных площадках сейсмичностью 8 баллов высота школ и дошкольных учреждений ограничивается пятью и четырьмя этажами соответственно.

На строительных площадках сейсмичностью 9 и более 9 баллов, высота школ и дошкольных учреждений ограничивается тремя и двумя этажами соответственно.

В случае если по функциональным требованиям возникает необходимость повышения этажности проектируемого здания школы и дошкольных учреждений сверх указанной, следует применять специальные системы сейсмозащиты (сейсмоизоляция, демпфирование и т.п.) для снижения сейсмических нагрузок.

Примечание – Наличие специальных технических условий, содержащих только мероприятия по повышению прочности конструкций и/или их способности к пластическому деформированию, не является достаточным основанием для отступлений от указаний настоящего пункта в отношении предельных высот проектируемых зданий школ и дошкольных учреждений »;

- абзац второй пункта 9.3.1 главы 9 признать утратившим силу;

- в пункте 9.3.4 главы 9:

- после слов «Фундаменты зданий» дополнить словами «(кроме одноэтажных каркасных)»;

- абзац второй изложить в следующей редакции:

« - на площадках сейсмичностью более 9 баллов;»;

- абзац пятый изложить в следующей редакции:

«При высоте зданий 16 этажей и выше, а также на грунтах с III типом грунтовых условий по сейсмическим свойствам при высоте 4 этажа и выше, следует принять железобетонные плитные фундаменты.»;

- в пунктах 1.1, 1.8, 5.1, 6.1, 6.3.1, 6.3.2, табл. 6.2, п. 6.3.5, подп. г) п. 6.4.2, п. 7.3.1, 7.10.7, табл. 9.1 и 9.2, п. 9.1.14, 9.3.5, 9.3.8, 9.6.7, 9.6.7.4, 9.7.5, 9.7.8, 9.7.12, 9.8.9, 9.9.1, 9.10.12, 9.10.15, 9.10.17, 10.3, 10.22, 12.1.1, 12.1.2, 12.1.3, в приложениях п. 12.1.4, п.п.12.4.4 – 12.4.9, 12.4.11, 12.5.1, 12.6.2, 13.2, 13.2.3, 13.2.5-13.2.10, 13.2.12, табл. 13.1, п.п. 13.4.7, 13.4.29, А.56-А.58, А тиркемеси, Б тиркемеси, на государственном языке слово «сейсмиктик» заменить на слово «сейсмикалуулук» в соответствующих падежах;

- в рисунках К.4 и К.5 Приложения К дополнить формулами следующего содержания:



$F_B/F_A \le 0{,}05$
$b \le 0{,}15L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}05$
$b \le 0{,}15L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}05$; $\Sigma F_B/F_A \le 0{,}2$
$h \le 0{,}15L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}05$; $\Sigma F_B/F_A \le 0{,}2$
$h=b \le 0{,}15L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}05$; $\Sigma F_B/F_A \le 0{,}2$
$h \le 0{,}15L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}05$; $\Sigma F_B/F_A \le 0{,}2$
$b \le 0{,}15L_{min}$

Рисунок К.4 – Конфигурации этажей в плане, соответствующие пунктам К.3.1



$F_B/F_A \le 0{,}1$
$h \le 0{,}25L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}1$
$b \le 0{,}25L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}1$; $\Sigma F_B/F_A \le 0{,}3$
$h \le 0{,}25L_{min}$



$F_B/F_A \le 0{,}1$; $\Sigma F_B/F_A \le 0{,}3$
$b \le 0{,}25L_{min}$



$F_B/F_A \leq 0{,}15$; $\Sigma F_B/F_A \leq 0{,}3$
$h \leq 0{,}25L_{min}$



$F_B/F_A \leq 0{,}1$; $\Sigma F_B/F_A \leq 0{,}3$
$h \leq 0{,}25L_{min}$

Рисунок К.5 – Конфигурации этажей в плане, соответствующие пунктам К.3.2

2. Государственному институту сейсмостойкого строительства и инженерного проектирования при Госстрое:

- принять меры по официальному опубликованию настоящего приказа в соответствии с постановлением Правительства Кыргызской Республики «Об источниках официального опубликования нормативных правовых актов Кыргызской Республики» от 26 февраля 2010 года № 117;
- в течение трех рабочих дней со дня официального опубликования направить копию настоящего приказа в двух экземплярах на государственном и официальном языках, на бумажном и электронном носителях, с указанием источника опубликования указанного приказа в Министерство юстиции Кыргызской Республики для включения в государственный реестр нормативных правовых актов Кыргызской Республики;
- в течение трех рабочих дней со дня вступления в силу настоящего приказа направить в Кабинет Министров Кыргызской Республики для информации.

3. Настоящий приказ вступает в силу по истечении 15 дней со дня официального опубликования.

4. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя директора Иманакун уулу Талантбека.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**

УПРАВЛЕНИЕ ЧЕЛОВЕЧЕСКИМИ РЕСУРСАМИ

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЧЕНЕМДЕРИ**

Система нормативных документов в строительстве

**СТРОИТЕЛЬНЫЕ НОРМЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ЖЕР ТИТИРӨӨГӨ ТУРУКТУУ КУРУЛУШ. ДОЛБООРЛОО ЧЕНЕМДЕРИ

# КР КЧ 20-02:2024*

# СЕЙСМОСТОЙКОЕ СТРОИТЕЛЬСТВО. НОРМЫ ПРОЕКТИРОВАНИЯ

# СН КР 20-02:2024*

Расмий басылма

Издание официальное

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ АРХИТЕКТУРА, КУРУЛУШ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ-КОММУНАЛДЫК ЧАРБА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО АРХИТЕКТУРЫ, СТРОИТЕЛЬСТВА И ЖИЛИЩНО-КОММУНАЛЬНОГО ХОЗЯЙСТВА ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

БИШКЕК 2024

## Сөз башы

1 «Сейсмотуруштуу курулуш боюнча эксперттердин эл аралык ассоциациясы»нын коштоосу менен Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин (Мамкурулуш) алдындагы Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институту тарабынан ЖАҢЫРТЫЛДЫ

2 Мамкурулуштун Архитектура жана техникалык ченемдөө башкармалыгы тарабынан КИРГИЗИЛДИ

3 Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115-токтомуна ылайык берилген ыйгарым укуктардын негизинде Мамкурулуштун 2024-жылдын 12-августунда № 75-чуа буйругу менен БЕКИТИЛИП, 2024-жылдын 28-августунан тартып ИШКЕ КИРГИЗИЛДИ

4 Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине 2024-жылдын 19-августундагы № 1242 менен КАТТАЛДЫ

5 Мамкурулуштун КР КЧ 20-02:2024 «Жер титирөөгө туруктуу курулуш. Долбоорлоо ченемдери» Кыргыз Республикасынын курулуш ченемдерин бекитүү жөнүндө» 2024-жылдын 7-мартындагы № 68-чуа буйругуна ӨЗГӨРТҮҮЛӨР КИРГИЗИЛДИ

*Мамкурулуштун уруксатысыз ушул курулуш ченемдерин расмий басылма катары толугу менен же жарым-жартылай көчүрмөсүн жасоого, аларды тираждоого жана таратууга болбойт*

© Мамкурулуш, 2024

Ушул курулуш ченемдеринин жоболору кайра каралган (алмаштырылган) же жокко чыгарылган учурда, тиешелүү билдирме белгиленген тартипте жарыяланат. Тийиштүү маалымат, билдирмелер жана тексттер жалпы колдонгон маалыматтык тутумдарда – иштеп чыгуучунун расмий сайтында жайгаштырылат

## Мазмуну

1 Колдонуу чөйрөсү ........ 1
2 Ченемдик шилтемелер ........ 2
3 Терминдер жана аныктамалар ........ 2
4 Символдор, алардын кыскартуулары жана шарттуу белгилери ........ 2
5 Жалпы жоболор ........ 2
6 Курулуш аймагынын сейсмикалык коркунучу. Курулуш аянтынын кыртыштык шарттары жана сейсмикалык коркунучтуулугу ........ 4
6.1 Райондун сейсмикалуулугу ........ 4
6.2 Сейсмикалык касиеттери боюнча курулуш аянтынын кыртыштык шарттары ........ 6
6.3 Курулуш аянтындагы сейсмикалык коркунучу ........ 7
6.4 Курулуш аянтын тандоо ........ 9
7 Сейсмикалык таасирлерге эсептөөлөр ........ 10
7.1 Негизги жоболор ........ 10
7.2 Имараттардын жана курулмалардын эсептик моделдери ........ 12
7.3 Спектралдык ыкма менен сейсмикалык эсептөөчү жүктөмдөрдү аныктоо ........ 13
7.4 Имараттардын жана курулмалардын жоопкерчилик классы. Жоопкерчилик коэффициенти ........ 14
7.5 Эсептик реакциялардын спектрлери ........ 17
7.6 Абал коэффициенти ........ 19
7.7 Пландагы имараттын кокусунан айлануу эффекттери ........ 22
7.8 Сейсмикалык таасирдин эффекттерин аныктоо ........ 23
7.9 Сейсмикалык таасирдин компонентинен модалдык реакциянын комбинациясы ........ 24
7.10 Имараттардын көтөрбөөчү элементтерине болгон сейсмикалык эсептөөчү жүктөмдөр ........ 25
7.11 Имараттын кабаттарынын горизонталдык кыйшаюулары ........ 28
7.12 Экинчи түрдөгү эффекттерди эсептөө ........ 29
8 Бышыктыгына жана туруктуулугуна болгон эсептөө ........ 30
9 Турак, коомдук, өндүрүштүк имараттар жана курулмалар ........ 31
9.1 Долбоорлоонун негизги принциптери ........ 31
9.2 Антисейсмикалык шовдор ........ 34
9.3 Негиздер, пайдубалдар жана жер төлөнүн дубалдары ........ 35
9.4 Жабуулар жана калкалар ........ 37
9.5 Тепкичтер ........ 38
9.6 Көтөрбөөчү дубалдар жана тосмолор ........ 39
9.7 Каркастык имараттар ........ 41
9.8 Ири панелдүү имараттар ........ 43
9.9 Монолиттик темир бетондон жасалган көтөрүүчү дубалдары менен имараттар ........ 44
9.10 Комплекстүү конструкциянын дубалдары менен имараттар ........ 46
10 Темир-бетон конструкцияларды долбоорлоонун өзгөчөлүктөрү ........ 49
11 Болот конструкцияларды долбоорлоонун өзгөчөлүктөрү ........ 52
12 Транспорттук курулмалар ........ 52
12.1 Жалпы жоболор ........ 52
12.2 Жолдорду трассалоо ........ 54

12.3 Жер полотносу жана жолдун жогорку түзүлүшү ... 54
12.4 Көпүрөлөр ... 54
12.5 Үймө топурак алдындагы түтүктөр ... 57
12.6 Тирегич дубалдар ... 57
12.7 Тоннелдер ... 58
13 Гидротехникалык курулмалар ... 58
13.1 Колдонуу чөйрөсү ... 58
13.2 Жалпы жоболор. Ченемдик, баштапкы жана эсептик сейсмикалуулукту аныктоо ... 58
13.3 Сейсмикалык таасирлер жана алардын мүнөздөмөлөрүн аныктоо ... 61
13.4 Эсептик сейсмикалык таасирлер. Гидротехникалык курулмалардын сейсмикалык таасирге карата эсептөөлөрүнүн шарттары ... 63
13.5 Гидротехникалык курулмалардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу боюнча иш чаралар ... 73
13.6 Эксплуатациялоо процессинде гидротехникалык курулмаларга геодинамикалык мониторинг ... 75
А тиркемеси (милдеттүү) Терминдер жана аныктамалар ... 76
Б тиркемеси (милдеттүү) Символдор, алардын кыскартуулары жана шарттуу белгилери ... 84
В тиркемеси (милдеттүү) Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасы ... 86
Г тиркемеси (милдеттүү) Сейсмикалык кооптуулуктун көрсөткүчтөрү баллдарда жана Ылдамдануударда көргөзүлгөн Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарынын тизмеси: жер титирөөнүн интенсивдүүлү (IPE) балл менен, жер кыртыш шартынын аскалуу грунтуна тиешелүү сейсмикалык термелүүнүн горизонталдык түзүүчүсүнүн жогорку чектеги (пиктик) ылдамдануусу (PGA1) g=981 см/сек$^2$ өлчөмүндө ... 90
Д тиркемеси (маалымдама) Инструменталдык, жасалма жана синтезделген акселерограммдарды колдонуу менен сейсмикалык таасирди сүрөттөө ... 123
Е тиркемеси (милдеттүү) Имараттардын жана курулмалардын эсептөөчү моделдеринде темир бетон жана таш конструкцияларынын катуулуктары ... 127
Ж тиркемеси (маалымдама) Имараттын же курулманын кыртыштуу негиз менен өз ара аракетин эсептөө учурунда кыртыштын эквиваленттүү серпилгич катуулугунун параметрлери ... 128
И тиркемеси (милдеттүү) Жер титирөө күчүнүн (интенсивдүүлүгүнүн) балл жана аскалуу грунтта ылдамдануу катыштык шкаласы ... 132
К тиркемеси (милдеттүү) Регулярдуулугу боюнча имараттарды бөлүштүрүү ... 133
Л тиркемеси (милдеттүү) Имараттын кабаттарынын горизонталдык кыйшаюуларын аныктоо ... 141
М тиркемеси (сунуштама) ... 143

## Киришүү

Ушул курулуш ченемдери имараттарды жана курулмаларды долборлоо жана куруу боюнча негизги жоболорду камтыйт, Кыргыз Республикасынын аймагында курулуштагы ченемдик документтер системасында базалык документ болуп саналат.

Сейсмикалык райондоштуруунун базалык картасынын негизине активдүү жаракаларды көрсөтүү менен магнитудаларды $M_{LH}$ бөлүштүрүү карталары, сейсмикалык коркунучту жогорку чектеги ылдамдануу жана баллдар менен көрсөтүп, жер кыртышынын силкинишинин интенсивдүүлүгүнүн картасы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Сейсмология институту (д.г.-м.н., проф. Абдрахматов К.Е., к.г.-м.н. Омуралиев М.О., к.г.-м.н. Омуралиева А.М., Захожая И.Г.) тарабынан 2018-жылдын 29-ноябрында иштелип чыккан Сейсмикалык коркунучтуулугун баллдар жана жогорку чектеги ылдамдануу менен көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын калктуу конуштарынын тизмеси алынган.

Ушул ченемдердин кайсы бир жобосунан четтөө мүмкүнчүлүгү каралган учурларда, бул жобо «эреже катары» же «сунушталат» деген сөздөр менен коштолот.

«Эреже катары» деген сөздөр бул жобо артыкчылыктуу, ал эми андан четтөө негизделген болууга тийиш дегенди билдирет.

«Сунушталгандарга» курулуштун (өндүрүштүн) конкреттүү шарттарына ылайык өзгөрө турган жоболор кирет.

Ушул курулуш ченемдери Мамкурулуштун 2018-жылдын 11-июнундагы № 13-нпа буйругу менен кабыл алынган Курулуштагы ченемдик документтердин системасы жөнүндө жобонун талаптарына ылайык иштелип чыккан.

КР КЧ 20-02:2024 аталган Курулуштагы ченемдик документтердин системасы жөнүндө жобого ылайык «Курулуш курулмаларынын ишеничтүүлүгүнүн негизги жоболору» 20-комплексинин курамына кирет.

Ушул КР КЧ 20-02:2024 Мамкурулуштун Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долборлоо мамлекеттик институту (ЖТТКИДМИ) тарабынан иштелип чыкты.

Ушул курулуш ченемдерин иштеп чыгууга катышышты:

Жер титирөөгө туруктуу курулуш жана инженердик долбоорлоо мамлекеттик институтунан – инж. Канболотов К.Т., Дуйшеев А.А., Мусуралиев А.С., Тайлякова Ж.К.;

Сейсмотуруштуу курулуш боюнча эксперттердин эл аралык ассоциациясынан: эсептик жана конструктивдик бөлүмдөрү боюнча – т.и.к. Ицков И.Е., т.и.к. Шокбаров Е.М. («КазНИИССА» АК), т.и.к. Абдыбалиев М.К. («Промпроект» ААК), т.и.к. Бегалиев У.Т. (ЭИТУ); «Транспорттук курулмалар» бөлүмү боюнча – т.и.д., проф. Абдыкалыков А.А., т.и.к. Апсеметов М.Ч. (Н. Исанов ат. КМКТАУ); «Гидротехникалык курулмалар» бөлүмү боюнча – т.и.к. Чукин Б.А.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КУРУЛУШ ЧЕНЕМДЕРИ

Курулуштагы ченемдик документтер тутуму

**ЖЕР ТИТИРӨӨГӨ ТУРУКТУУ КУРУЛУШ.**
**ДОЛБООРЛОО ЧЕНЕМДЕРИ**

**Сейсмостойкое строительство.**
**Нормы проектирования**

Earthquake engineering.
Seismic Design Codes

**Киргизүү датасы – 2024.08.28**

# 1 Колдонуу чөйрөсү

1.1 Бул курулуш ченемдерин Кыргыз Республикасынын аймагындагы сейсмикалуулугу 7, 8, 9 жана 9 баллдан жогору болгон аянттарда (В жана И тиркемелери) жайгашкан имараттарды жана курулмаларды курууга, реконструкциялоого, күчөтүүгө жана калыбына келтирүүгө долбоордук документацияны иштеп чыгуу учурунда аткаруу керек.

1.2 Ошондой эле, бул курулуш ченемдери сейсмикалык таасирлер болгон учурда, адамдардын коопсуздугу камсыздалса, имараттардын жана курулмалардын нормалдуу эксплуатациялоосун кыйындата турган кайсы бир элементтеринин жабыркоосуна же эксплуатациялоону убактылуу токтотуп турууга жол бере турган талаптарды да камтыйт.

1.3 Бул ченемдердин негизги максаттары жана милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

– жер титирөө учурунда адамдардын өмүрүн коргоо;

– жер титирөөлөрдөн зыянды чектөө;

– жер титирөөдөн кийин калктын жарандык коргоосу үчүн маанилүү болгон имараттардын жана курулмалардын эксплуатациялык сапаттарынын сакталышын камсыз кылуу.

1.4 Ушул ченемдер обьекттерди долбоорлоого жана курууга жайылтылбайт:

– ушул ченемдин талаптарына шайкеш келбеген габариттик өлчөмдөр, көлөмдүк-пландаштыруучу жана конструктивдик чечимдер;

– жаңы конструктивдик системалар, чечимдер, материалдар жана сейсмикалык коргоонун атайын системалары менен;

– жер титирөөнү пайда кылуучу очоктордун магнитудасы 7,6 жана андан жогору болгон аймактарда жана/же күндүзгү бетте тектоникалык жаракалар пайда болушу мүмкүн болгон тилкелерде.

1.5 Ушул ченемдердин 1.4 жана 6.4.3 пункттарында көрсөтүлгөн обьекттерди, курулушу өтө маанилүү эмес объекттерден башка (7.2-таблицаны кара), тийиштүү ченемдик документтер иштелип чыкканга чейин, долбоорлоону жана курууну Архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик орган тарабынан берилген ыйгарым укуктуу жер титирөөгө туруктуу

курулуш боюнча адистештирилген уюмдар тарабынан иштелип чыккан долбоорлоого атайын техникалык шарттар боюнча ишке ашыруу керек.

1.6 Ушул курулуш ченемдерин өнүктүрүү үчүн иштелип чыккан документтердин, (курулуш эрежелер, уюмдардын стандарттары, атайын техникалык шарттар, сунуштамалар ж.б.) жоболору ушул ченемдердин милдеттүү талаптарына каршы келбеши керек.

1.7 Ушул курулуш ченемдеринде каралган конструктивдик иш чаралардын жана эсептөө жүктөмдөрүнүн деңгээли минималдуу болуп саналат жана тапшырыкчынын каалоосу боюнча жогорулатышы мүмкүн.

1.8 Имараттардын жана курулмалардын жаңы конструктивдик системалары, ошондой эле жаңы материалдар жана конструкциялар аларды курулушта колдонгонго чейин тийиштүү эксперименталдык текшерүүдөн жана жарактуулугу 7, 8, 9 жана 9 баллдан жогорку сейсмикалуулук аянттарда техникалык күбөлөндүрүүдөн өтүшү керек.

## 2 Ченемдик шилтемелер

Ушул курулуш ченемдеринде төмөнкү ченемдик документтерге шилтемелер келтирилген:

- МАКЧ 3.03-07-97 Темир жол жана автожол өтмөктөрү;
- МАКЧ 3.04-01-2005 Гидротехникалык курулмалар. Негизги жоболор;
- МАКЭ 5.01-102-2002 Имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарын жана негиздерин долбоорлоо жана орнотуу;
- МАМСТ 34028-2016 Темир бетон тузүлүштөрү үчүн арматуралар прокаты;
- МАСТ 27772-2015 Курулуш болот конструкциялары үчүн прокат. Жалпы техникалык шарттары.

Э с к е р т ү ү – Ушул курулуш ченемдерин колдонуу учурунда шилтемелердеги ченемдик документтердин Кыргыз Республикасынын аймагында иштешин, Архитектуралык-курулуш ишмердүүлүгүнүн тармагында саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу органдын жана Стандартташтыруу боюнча улуттук органдын ушул жылы жарыяланган тийиштүү маалыматтары боюнча текшерүү керек. Эгер шилтемедеги документ алмаштырылган (өзгөртүлгөн) болсо, анда ушул курулуш ченемдерин колдонуу учурунда, алмашылган (өзгөртүлгөн) ченемдик документти колдонуу керек. Эгер шилтемедеги документ алмаштырылбай алынып салынса, анда ага шилтеме келтирилген жобо, бул шилтемеге тийиштүү эмес бөлүгүндө колдонулат.

## 3 Терминдер жана аныктамалар

Ушул курулуш ченемдеринде А тиркемесиндеги терминдер жана аныктамалар колдонулган.

## 4 Символдор, алардын кыскартуулары жана шарттуу белгилери

Ушул курулуш ченемдеринде Б тиркемесиндеги символдор, алардын кыскартуулары жана шарттуу белгилери колдонулган.

## 5 Жалпы жоболор

5.1 Имараттарды жана курулмаларды долбоорлоону төмөнкүлөрдү эске алуу менен түзүү керек:

– курулуш аянтынын жана райондун сейсмикалуулугу;

– курулуш аянтында инженердик - геологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары (инженердик - геологиялык изилдөөлөрдүн материалдарында бардык белгиленген инженердик-геологиялык элементтердеги туура толкундардын таралуусунун ылдамдыгынын орто эсеп менен өлчөнгөн маанисин ($v_s$) көрсөтүү сунушталат);

– имараттардын жана курулмалардын көлөмдүк-пландаштыруучу жана конструктивдик схемалары;

– ушул курулуш ченемдеринин талаптарына ылайык аткарылган, курулмалардын жана имараттын көтөрүүчү конструкцияларынын сейсмикалык таасирге болгон эсептөөлөрүнүн жыйынтыгы;

– ушул курулуш ченемдеринин тийиштүү бөлүмдөрүндө келтирилген ченемдик конструктивдик талаптар.

5.2 Бузулушу оор экологиялык кесепеттерге алып келе турган имараттар жана курулмаларды калк жайгашкан жерлердин чегинен тышкары, аймактын жантайышын жана басымдуулук кылган шамалдын багытын эске алуу менен жүргүзүү керек.

5.3 Ушул курулуш ченемдеринин жоболоруна ылайык долбоорлонгон имараттар жана курулмалар, ошондой эле алардын өзүнчө элементтери аларга башка колдонуудагы ченемдик документтердин талаптарын да канааттандырышы керек, эгер башкасы ушул ченемдерде айтылбаса.

5.4 Имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо учурунда төмөндөгүлөр сунушталат:

– имараттарга жана курулмаларга сейсмикалык жүктөмдөрдүн азыраак маанисин камсыз кылган материалдарды, конструкцияларды колдонуу;

– имараттардын жана курулмалардын бийиктиги боюнча алардын үзгүлтүксүздүгүн жана пландагы вертикалдык конструкцияны бөлүштүрүүнүн бир түрдүүлүгүн, симметриялуулугун, регулярдуулугун жана тегиздигин камсыз кылуу;

– имараттардын жана курулмалардын бийиктиги боюнча жана пландагы массасын болжолдуу бирдей камсыз кылуу;

– бирдиктүү конструктивдик система катары сейсмикалык таасирге болгон имараттын (курулманын) реакциясын жана кабат ортосундагы жабууларынын диафрагмалдык абалын камсыз кылуу;

– конструктивдик системаны анын башкы горизонталдык багытында каршылыгын жана жакын катуулугун камсыз кылуу;

– бардык багытта сейсмикалык таасирлерге каршылык кылууга жана пландагы тегеренүүчү термелүүлөрдү чектөөгө жөндөмдүү конструктивдик схемаларды колдонуу;

– ашыкчалыкка ээ болгон, көп жолку аныкталбаган конструктивдик системаларга артыкчылык берүү;

– имараттын же курулманын талкаланышына алып келүүчү көтөрүүчү конструкциялардын локалдык бузулууларынан же жол берилбеген деформациялануусунан сактоону камсыз кылган иш чараларды кароо;

– пластикалык деформациялануусуна конструкциянын жөндөмдүүлүгүн камсыз кылган иш чараларды кароо;

– конструктивдик системалардын конструкцияларда өнүгүү учурунда жана/же алардын ортосундагы пластикалык деформациялардын биригишинде туруктуулугун жана геометриялык өзгөрбөөчүлүгүн камсыз кылуу;

– көтөрбөөчү конструкциялардын сакталышын камсыз кылган иш чараларды карайт, алардын жабыркашы адамдардын ден соолугу үчүн коопсуздук келтирет же аларды четтетүүгө чоң чыгашаларды талап кылат.

5.5 Имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо эсептөөлөрдүн жана алардын конструкцияларын сыноонун жыйынтыгына негизделет. Сыноолордун жыйынтыгын колдонуу менен долбоорлоо тийиштүү эсептөөчү сейсмикалык кырдаал үчүн талап кылынган ишенимдүүлүк деңгээлин камсыз кылышы керек.

5.6 Ушул курулуш ченемдеринин эсептөөчү жана конструктивдик жоболорун кармоо учурунда имараттардын жана курулмалардын күчөп бара жаткан бузулуусуна эсептөөлөр талап кылынбайт.

5.7 Инженердик-сейсмометрикалык кызматтын станцияларын төмөнкү объектилерге орнотуу сунушталат:

- жаңы конструктивдик чечими менен имаратка;
- бийиктиги 60 метр жана андан көп иматтарга жана курулмаларга;
- сейсмикалык коргоонун атайын системалары менен имараттарга жана курулмаларга;
- өзгөчө маанидеги курулмаларга;
- архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик орган тарабынан аныкталган башка обьекттерге.

# 6 Курулуш аймагынын сейсмикалык коркунучу. Курулуш аянтынын кыртыштык шарттары жана сейсмикалык коркунучтуулугу

## 6.1 Райондун сейсмикалуулугу

6.1.1 Курулуш районунун сейсмикалык коркунучтуулугун Кыргыз Республикасынын аймагын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасын колдонуу менен, же болбосо Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарынын тизмеси боюнча аныктоо керек.

Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасы В тиркемесинде келтирилген.

Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарынын тизмеси алар үчүн сейсмикалык коркунучту балл менен жана ылдамдануу менен көргөзүп, Г тиркемесинде келтирилген.

6.1.2 Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасында жер титирөөлөрдү пайда кылган активдүү жаракалардын жана алардын сегменттеринин максималдуу локалдык магнитудасынын ($M_{LH}$) таралышы төмөнкүдөй көрсөтүлгөн: ≤6,5; ≤7,0; ≤7,5; ≤8,0; >8,0.

6.1.3 Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасында Кыргыз Республикасынын аймагынын потенциалдуу сейсмикалык коркунучтуулугу горизонталдык жогорку чектеги (пиктик) ылдамдануу амплитудасы менен изотилкелери боюнча мүнөздөлөт: <0,2 g; 0,2g; 0,3 g; 0,4 g; 0,5 g; 0,6 g; 0,7 g.

Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасында келтирилген сейсмикалык интенсивдүүлүктүн көрсөткүчү $a_{gR}$, аска кыртыштарына киргизилет (6.1. таблицасы боюнча IA кыртыштык шарттарынын тиби).

6.1.4 Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасында, алардын ар биринин чегинде сейсмикалык коркунучтуулук шарттуу түрдө туруктуу деп кабыл алынган жана 7, 8, 9 жана 9 баллдан жогору шкаласы боюнча бүтүн сандуу баллдар менен мүнөздөлөт.

6.1.5 Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарынын тизмесинде (Г Тиркемеси) калктуу пункттагы аймактардагы сейсмикалык коркунучтун көрсөткүчтөрү балл жана жогорку ылдамдануу менен көргөзүлгөн.

6.1.6 Г тиркемесинде келтирилбеген калктуу пунктта жана курулуш аймактары үчүн, райондук сейсмикалык коркунучтуулугу ылдамдануу менен төмөнкүдөй аныктоого жол берилет:

– I, II жана III (7.4 бөлүмү) функционалдык багыты боюнча жоопкерчилик классы менен обьекттерди долбоорлоо учурунда – интерполяция боюнча, мында, Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасында ар бир жуп изотилкенин ортосундагы аралыкта ылдамдануу мааниси үзгүлтүксүз жана акырындап өзгөрүп турарын кабыл алуу керек;

– IV функционалдык багыты боюнча жоопкерчилик классы менен обьекттерди долбоорлоо учурунда – Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасын түзүүчүнүн – уюмдун корутундусуна же болбосо атайын сейсмологиялык жана сейсмотектоникалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча түзүү керек.

6.1.7 Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасында келтирилген сандык көрсөткүчтөрдү сейсмикалык чакан райондоштуруунун жыйынтыгынын негизинде жол берилет:

а) эгер бул карталарды колдонуу процессинде болжолдонгон сейсмикалык таасирлердин интенсивдүүлүгүнө жөндөмдүү, эске алынбаган факторлор табылган учурда;

б) ар кандай баллдагы же тоолуу райондордогу аймактардын ортосундагы чек арадан 15 км га чейинки аралыкта жайгашкан калктуу пункттар жана аймактар үчүн.

Кыргыз Республикасынын аймагынын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасын тактоону бул картанын түзүүчүсү - уюм гана аткара алат.

6.1 т а б л и ц а с ы – Сейсмикалык касиеттери боюнча кыртыш шарттарынын типтери

| Кыртыш шартта-рынын типтери | Стратиграфиялык профилдин кыртыштары (сүрөттөөчү белгилер) | Орто мааниси $v_{s,10}$ жана $v_{s,30}$, м/с |
|---|---|---|
| IА | Бардык түрдөгү аска кыртыштары шамалдабаган жана алсыз шамалдаган, борпоң катмарлардын жабуусу менен (5 м ге чейин) | $v_{s,30} \geq 800$ |
| IБ | Бардык түрдөгү аска кыртыштары шамалдаган, борпоң катмарлардын жабуусу менен (5 м га чейин)<br>Ири кесектүү кыртыштар басымдуу бөлүгү магматикалык жана метаморфтук тектерден (70% көп), тыгыз (кыртыштын тыгыздыгы $\rho \geq 2{,}15$ т/м$^3$), кумдуу-чополуу толтургучту камтуу менен 30% га чейин, борпоң катмарлардын аз кубаттуу жабуусу (5,0 м ге чейин) | $v_{s,10} \geq 350$<br>$550 \leq v_{s,30} < 800$ |
| II | Аска кыртыштары катуу шамалдаган, ири кесектүү кыртыштар толтургучтун камтылышынан көз карандысыз тунма тектерден басымдуулук кылат (70% көп)<br>Ири кесектүү кыртыштардын 30% дан жогору толтургуч камтылышы менен бардык түрүлөрү<br>Ири шагылдуу кумдар жана орто кесектеги ири кумдар сууга каныккандык даражасынан көз карандысыз тыгыз<br>Ири кумдар жана орто тыгыздыгы менен орто ириликтеги кумдар аз жана орто суу каныккан даражасы менен<br>Майда жана чаңдуу кумдар орто тыгыздыгы жана сууга каныккандыгы аз даражасы менен тыгыз. Агуучулук көрсөткүчү ≤0,5 болгон учурда чополуу кыртыштар чополор жана чополуу кумдар үчүн майда тешиктүүлүк коэффициенти e<0,9 болгон учурда жана кумдуу топурак e<0,7 болгон учурда | $230 \leq v_{s,10} < 350$<br>$270 \leq v_{s,30} < 550$ |

*6.1 – таблицасынын аягы*

| Кыртыш шартта-рынын типтери | Стратиграфиялык профилдин кыртыштары (сүрөттөөчү белгилер) | Орто мааниси $v_{s,10}$ жана $v_{s,30}$, м/с |
|---|---|---|
| III | Сууга каныккандыгына жана чоңдук даражасынан көз карандысыз борпоң кумдар<br>Сууга каныккан орто тыгыздыктагы орто чоңдуктагы жана ири кумдар<br>Сууга орто каныккан орто тыгыздыгы жана сууга каныккан тыгыз майда жана чаңдуу кумдар<br>Агуучулук көрсөткүчү >0,5 болгон учурда майда тешиктүүлүк коэффициентинин маанисинен көз карандысыз чополуу кыртыштар<br>Агуучулук көрсөткүчү ≤5 болгон учурда чополуу кыртыштар чополор жана чополуу кумдар үчүн майда тешиктүүлүк коэффициентигинин мааниси е<0,9 болгон учурда жана кумдуу топурак е<0,7 болгон учурда | $v_{s,10}$<230<br>$v_{s,30}$<270 |
| Э с к е р т ү ү л ө р<br>Сүрөттөөчү маалыматтарды колдонуу учурунда:<br>а) курулуш аянтынын кыртыштык шарттарын IА жана IБ типтерине киргизүүгө жол берилет, эгер бул типтерге ылайык келген катмарлардын кубаттуулугу, пландаштырылган белгиден баштап үстүңкү 30-метрлик катмардын чегинде 25 м ашыкты түзгөн учурда, ал эми кыртыштын механикалык касиеттери тереңдиги боюнча (анын ичинде үстүңкү 30-метрлик катмардан төмөн болгондо) акырындап көбөйөт;<br>б) стратиграфиялык профилдин бир түрдүү эмес курамы учурунда кыртыштык шарттарды көбүрөөк жагымсыз типтерге киргизишет, эгер жогорку 10 метрлик калыңдыктын чегинде (пландаштыруучу белгиден баштап эсептегенде) бул типке кирген катмарлар 5 м дан ашык суммардык калыңдыкка ээ;<br>в) жер алдындагы суулардын деңгээлин жана курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын тибинин кыртышын суу каптоо деңгээлинин көтөрүлүшүн болжолдогон учурда, нымдуу абалда кыртыштын касиетине (нымдуулугун, консистенциясын) жараша аныктоо керек;<br>г) агуучулук көрсөткүчүнүн кумдуу жана чополуу кыртыштын нымдуулугунун мааниси тууурасында маалыматтар жок болгон учурда, курулуш аянтынын кыртыштык шарттары жер алдындагы суунун деңгээли 5 метрден жогору болгон учурда, аны сейсмикалык касиеттери боюнча 3-типке киргизүүгө болот. | | |

## 6.2 Сейсмикалык касиеттери боюнча курулуш аянтынын кыртыштык шарттары

6.2.1 Курулуш аянтынын кыртыштык шарттары сейсмикалык касиеттери боюнча IА, IБ, II жана III типтерге бөлүнөт.

6.2.2 Курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын типтерин 6.1-таблицасынын маалыматтарына ылайык аныктоо керек, бул инженердик-геологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыгынан алынат, алар колдонуудагы ченемдик документтердин жоболоруна ылайык аткарылат жана курулуштун спецификалык шарттарына жана имараттын же курулманын жоопкерчилик классынан көз каранды болгон атайын талаптар эске алынат.

6.2.3 Курулуш аянтынын кыртыштык шартынын типтери үстүңкү 30 жана 10 метрлик калыңдыктагы $v_{s,30}$ жана $v_{s,10}$ туура толкундардын таралуусунун ылдамдыгынын эксперименталдык бекитилген маанисинен алып, аныктоо керек.

6.2.4 Туура толкундардын $v_{s,30}$ таралуусунун орточо ылдамдыгын төмөнкү мааниге ылайык эсептеп чыгуу керек (6.1):

$$v_{s,30} = \frac{30}{\sum\limits_{i=1,N} \frac{h_i}{v_i}}, \quad (6.1)$$

мында $h_i$ жана $v_i$ – метр менен калыңдыгын жана м/с менен туура толкундун таралышын билдирет (жылдыруунун деформациясынын деңгээли $10^{-5}$ менен же андан аз болгондо), бул *i*-чи

формация же $N$ катмарлардын жалпы саны учурундагы катмар үчүн, бул үстүңкү 30-метрлик кыртыштык калыңдыгы учурунда.

6.2.5 $v_{s,10}$ туура толкундардын таралуусунун орточо ылдамдыгын төмөнкү мааниге ылайык эсептеп чыгуу керек (6.2):

$$v_{s,10} = \frac{10}{\sum_{i=1,N} \frac{h_i}{v_i}}, \tag{6.2}$$

6.2.6 Эгер үстүңкү кыртыштык калыңдыкта туура толкундардын таралуусунун орто ылдамдыгынын көрсөткүчтөрүнүн бири ($v_{s,10}$ же $v_{s,30}$) 6.1 таблицада көргөзүлгөн мааниге караганда азыраак мааниге ээ болсо, анда курулуш аянтынын кыртыштык шарттарын сейсмикалык касиети боюнча жагымсыз типке киргизүү керек.

6.2.7 Үстүңкү калыңдыктагы туура толкундардын ылдамдыгы туурасында маалыматтар жок болгон учурда, курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын тибин 6.1 таблицасында келтирилген сүрөттөөчү белгилер боюнча аныктоого жол берилет.

## 6.3 Курулуш аянтындагы сейсмикалык коркунучу

6.3.1 Курулуш аянтынын сейсмикалуулугун 2018-жылы иштелип чыккан Кыргыз Республикасынын аймагын сейсмикалык жалпы райондоштуруу картасын жана Кыргыз Республикасынын калктуу пункттарынын тизмесин колдонуу менен, же болбосо инженердик изилдөөлөрдүн курамында адистештирилген мекемелер тарабынан аткарылган, аянттарды сейсмикалык чакан райондоштуруунун натыйжасынын негизинде аныктоо керек.

6.3.2 Сейсмикалык чакан райондоштуруунун картасын иштеп чыгууга чейин, курулуштун аянтынын сейсмикалуулугун аныктоо керек.

а) балл менен – 6.2 таблицасы боюнча, Кыргызстандагы мүмкүн болгон максималдуу жер титирөөлөрдө жер бетинин термелүү күчтөрүнүн (интенсивдүүлүгүнүн) балл менен көрсөтүлгөн картасы (В тиркемеси) же калктуу пункттардын тизмеси (Г тиркемеси) боюнча курулуш районунун сейсмикалуулугун жана курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын тибин эске алуу менен;

б) горизонталдык ылдамданууда – чагылдыруунун жардамы менен (6.3):

$$a_g = a_{gR} \cdot S(a_{gR}) \cdot S_T, \tag{6.3}$$

мында $a_g$ – курулуш аянтынын анын факты жүзүндөгү кыртыштык жана топографиялык шартында кыртыштын жогорку горизонталдык ылдамдануусунун эсептик мааниси;

$a_{gR}$ – каралып жаткан курулуштун аянтында кыртыштын $g$ үлүшүндө кыртыштын эң жогорку горизонталдык ылдамдануусунун референттик мааниси, Кыргызстандагы аскалуу грунтта сейсмикалык термелүүнүн жогорку чектеги (пиктик) ылдамдануулар (PGA) картасы (В тиркемеси) боюнча аныкталган IA тибиндеги кыртыш учурунда, же Г тиркемеси боюнча;

$S$ ($a_{gR}$) – курулуш аянтынын 6.3.3 пунктуна ылайык аныкталган, сейсмикалык таасирдин интенсивдүүлүгүнө болгон, факты жүзүндөгү кыртыштык шарттарын мүнөздөөчү коэффициент;

$S_T$ – курулуш аянтынын 6.3.4 пунктуна ылайык аныкталган горизонталдык сейсмикалык таасирлерди күчөтүүнүн топографиялык натыйжаларын эске алган.

6.3.3 Кыртыштык шарттарды мүнөздөөчү $S(a_{gR})$ коэффициентинин мааниси, сейсмикалык касиеттери боюнча курулуш аянтынын тибинен жана $a_{gR}$ жогорку ылдамдануу

чоңдугу боюнча көз каранды, аны 6.3 таблицасында келтирилген маанинин жардамы менен аныктоо керек.

6.2 т а б л и ц а с ы – Курулуш аянтындагы сейсмикалуулукту балл менен аныктоо

| Кыртыш шарттарынын типтери | Райондук сейсмикалуулугу учурунда курулуш аянтынын сейсмикалуулугу (балл менен) сейсмикалык райондоштуруу картасы боюнча же Г тиркемесиндеги калктуу пункттарынын тизмеси боюнча | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 7 | 8 | 9 | >9 |
| ІА жана ІБ | 7 | 8 | 9 | >9 |
| ІІ | 7 | 8 | 9 | >9 |
| ІІІ | 8 | 9 | >9 | изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча |
| Э с к е р т ү ү – Тоо жергесинде жайгашкан же дөбөлүү аймактарда жайгашкан аянттардын сейсмикалык аянттарын аныктоо учурунда, сейсмикалык таасирлерди күчөтүүнүн топографиялык эффекттерин кошумча эске алуу керек (6.3.4 кара) | | | | |

6.3 т а б л и ц а с ы – $S(a_{gR})$ коэффициентинин мааниси

| Сейсмикалык касиеттери боюнча кыртыш шарттарынын типтери | $a_{gR}$ чоңдугуна жараша $S(a_{gR})$ коэффициентинин мааниси |
|---|---|
| ІА | 1,0 |
| ІБ | $1{,}0 \leq (1{,}4 - a_{gR}/g) \leq 1{,}2$ |
| ІІ | $1{,}1 \leq (2{,}0 - 2{,}5 \cdot a_{gR}/g) \leq 1{,}6$ |
| ІІІ | $1{,}3 \leq (2{,}5 - 3{,}0 \cdot a_{gR}/g) \leq 2{,}4$ |

6.3.4 Өзүнчө жайгашкан же болбосо бийиктиги 30 метрден бийик бир багытта созулган (эки баскычтуу) дөбөдөгү айрым жөнөкөй учурлар үчүн $S_T$ коэффициентинин мааниси 6.4 таблицада көргөзүлгөн.




6.1 сүрөт – $S_T$ коэффициентинин маанисинин аныктамасына

6.4 т а б л и ц а с ы – $S_T$ коэффициентинин мааниси

| Рельефтин категория-сы | Рельефтин мүнөздөмөсү | Аянттын жайгашуусу | $S_T$ |
|---|---|---|---|
| 1 | 15° кичирээк бийиктиктеги жалпак беттер жана дөбөлөр | — | 1,0 |
| 2 | 15° жогорку боорлордун бийиктиги менен жалгыз дөбөлөр | боорунун үстүнкү кырына жакын | ≥1,2 |
| 3 | 15° тан 30° ка чейинки бийиктиктеги жана негизге салыштырмалуу бир топ кичирээк кыры менен узун дөбөлөр | дөбөнүн чокусуна жакын | ≥1,2 |
| 4 | Негизге караганда үстүнкү кырынын туурасы негиздүү кичирээк жана боорунун тиктиги 30° бийик болгон узун дөбөлөр | дөбөнүн чокусуна жакын | ≥1,4 |
| Э с к е р т ү ү – Негизи менен аскалардын чокуларынын ортосунда жайгашкан аянтчалар үчүн, $S_T$ күчөтүү коэффициентинин маанисин линейлүү интерпретация боюнча аныктоого жол берилет, анда 1,0 гө барабар болгон чокулардын негиздеринде $S_T$ мааниси кабыл алынат | | | |

6.3.5 Курулуш аянтынын эсептик сейсмикалуулугун балл менен эсептеген учурда, долбоорлонгон имараттардын жана курулмалардын жол берилген габариттерин аныктоо учурунда, планда жана бийиктиги боюнча, ошондой эле конструктивдик ойлор боюнча кабыл алынган антисейсмикалык иш чараларда эске алуу керек.

6.3.6 Курулуш аянтындагы $a_g$ ылдамдануусундагы сейсмикалык коркунучту баалоону курулуш аянтындагы горизонталдык жана вертикалдык маанини аныктоо учурунда эске алуу керек (6.3.2 жана 7.5.5 кара).

6.3.7 Курулуш аянтындагы инженердик-геологиялык изилдөөлөрдө төмөнкүлөрдү көргөзүү керек:

а) курулуш аймагынын сейсмикалык коркунучунун көрсөткүчтөрү;

б) сейсмикалык касиеттери боюнча курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын типтери;

в) курулуш аянтынын сейсмикалык коркунучунун көрсөткүчтөрү;

г) жергиликтүү сейсмотектоникалык, геологиялык же топографиялык шарттардан улам сейсмикалык мааниден алып караганда жагымсыз болгон, факторлордун болушу же жоктугу.

6.3.8 Курулуш аймагынын сейсмикалык көрсөткүчтөрү Г тиркемесинде келтирилген бүтүн сандуу балл жана ылдамдануусу менен көрсөтүү керек же болбосо Кыргыз Республикасынын аймагындагы сейсмикалык райондоштуруу картасы боюнча аныкталат.

6.3.9 Курулуш аянтынын сейсмикалык коркунучун көрсөткүчтөрүн бүтүн сандуу балл менен жана сейсмикалык чакан райондоштуруу картасында келтирилген ылдамдануударда көрсөтүү керек же болбосо 6.3.2 а) жана б) пункттарынын жоболоруна ылайык аныкталат.

6.3.10 Кыртыштык шарттардын тиби жана курулуш аянтынын сейсмикалык коркунучтун көрсөткүчү 6.2 жана 6.3 кө ылайык аныкталат, пайдубалдын конструктивдик өзгөчөлүктөрүнөн жана куруу тереңдигинен, ошондой эле аларды күчөтүүдөн кийин же локалдуу участокторду алмаштыруудан кийин өзгөртүүгө жол берилбейт.

## 6.4 Курулуш аянтын тандоо

6.4.1 Курулуштун аянтын тандоо учурунда сейсмикалык мамилелерде жагымсыз аянттарда өзүнчө имараттарда жана курулмаларда же өнөр жай (өндүрүштүк) комплекстерде турак жай массивдерин жайгаштырууга жол берилбейт.

6.4.2 Сейсмикалык жактан алып караганда жагымсыз шарттарына төмөнкүлөр кирет:

а) жер титирөөнүн очокторунун мүмкүн болгон (ЖОМБ), 7,6 же андан жогору магнитудасы менен аймактарда жайгашкан;

б) күндүзгү беттерде тектоникалык жаракалардын пайда болушу мүмкүн болгон аянттарда жайгашкан;

в) суюлтууга жөндөмдүү кыртыш катмарлары менен;

г) 9 баллдан жогору сейсмикалуулуктун III кыртыштык шарттарынын тибине ээ;

д) кыртыштардын жок болуучулугу, сүзгүчтөр, карстар, тоодо иштеп чыгуулар, тектердин физикалык-геологиялык процесстер тарабынан катуу бузулушу менен;

е) катуу бузулган структурасы менен же борпоң сууга каныккан кыртыштар менен тектерден түзүлгөн, 15° жогорку боорлордун бийиктиги менен;

ж) көчкү, уранды, эшилген тоо жаракалары жана сел агымы боло турган аймактарда жайгашкан.

6.4.3 Ушул курулуш ченемдеринин 6.4.2 а) б) жана в) пункттарда көрсөтүлгөн аянттарда курулуш жүргүзүү үчүн багытталган имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо, аларды 1.5 пунктуна ылайык ишке ашыруу керек.

6.4.4 Ушул курулуш ченемдеринин 6.4.2 в), г) жана д) пункттарда көргөзүлгөн аянттарда курулуш жүргүзүү убагында, кыртыштардын касиетин жакшыртуу же аларды алмаштыруу боюнча инженердик иш чараларды жүргүзүү керек, имараттардын жана курулмалардын негиздерин бекемдетүүгө чараларды жүргүзүү керек.

Кыртыштардын касиеттерин жакшыртуу, имараттардын жана курулмалардын негиздерин бекемдөө боюнча чаралар кыртыштын ажырымынын пайда болуу мүмкүндүгүн, боорлордун туруксуздугун жана жер титирөө учурунда кыртышты бекемдөө же суюлтуу менен байланышкан калдык тунмалардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарышы керек.

6.4.5 Боорлордун бийиктиги 15° көп болгон учурда курулуш аянттарында (6.4.2 е) ни кара) имараттардын жана курулмалардын контуру сыйгалануу тегиздигинин чегинен тышкары болушу керек, анын абалы сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен боорду эсептөөдөн кийин орнотулат.

6.4.6 Ушул курулуш ченемдеринин 6.4.2 ж) пунктунда көргөзүлгөн аянттарда имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо жана куруу, аларды көчкү, уранды, эшилген тоо жаракалары жана сел агымынан коргоо боюнча атайын иш чараларсыз жол берилбейт.

# 7 Сейсмикалык таасирлерге эсептөөлөр

## 7.1 Негизги жоболор

7.1.1 Имараттардын жана курулмалардын негиздерин жана конструкцияларды эсептөө сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен негизги жана өзгөчө айкалыштарда аткарылат.

Бийиктиги 70 мдан ашкан имараттардын эсептөөлөрү ар кандай эсептик моделдерди пайдалануу менен экиден кем эмес сертификацияланган, көз карандысыз иштелип чыккан эсептик программалар боюнча аткарылышы керек. Көрсөтүлгөн эсептөөлөрдүн натыйжалары дал келбеген учурларда кыйла жагымсыз жыйынтыктарга ылайык келген чечим кабыл алуу зарыл.

7.1.2 Имараттарды жана курулмаларды эсептөө учурунда (транспорттук жана гидротехникалыктан башка) жүктөмдөр жана таасирлер боюнча КЧжЭ ылайык кабыл алынган, туруктуу жана убактылуу жүктөмдөрдүн эсептик маанилеринин жүктөмдөрүн өзгөчө айкалыштырууга 7.1 таблицасы боюнча кабыл алынган айкалыштардын коэффициентин көбөйтүү керек.

7.1 т а б л и ц а с ы – Жүктөмдөрдүн айкалышынын коэффициенти

| Жүктөмдүн түрү | Айкалыштардын коэффициенти |
|---|---|
| 1 Туруктуу:<br>а) металл конструкциялардын өздүк салмагынан<br>б) башка конструкциялардын өздүк салмагынан | <br>0,95<br>0,9 |
| 2 Убактылуу узак | 0,8 |
| 3 Кыска мөөнөттүү (жабууларга жана кайра жабууларга) | 0,5 |

7.1.3 Сейсмикалык жүктөмгө кирген жүктөмдөрдүн өзгөчө айкалышында, төмөнкүлөр эске алынбайт:

а) таасирдин климаттык таасирлери, шамал жүктөмдөрү, транспорттон жана жабдуунун таасиринен динамикалык таасирлер, крандардын кыймылынан тормоздук жана каптал аракеттери;

б) ийилчээк асылмалардагы массанын горизонталдык жүктөмдөрү;

в) жүктөмдөр жана таасирлер боюнча КЧжЭ бөлүмүндө каралган кран жүктөмдөрүн жана жабууларга жүктөмдү азайтуу.

7.1.4 Сейсмикалык жүктөмгө кирген жүктөмдөрдүн өзгөчө айкалышында, төмөнкүлөр эске алуу керек:

а) кран алдындагы устундардын огуна перпендикуляр болгон багытта, крандардын арабаларынын жана мостторунун салмагынан сейсмикалык горизонталдык эсептөө жүктөмү;

б) вертикалдык сейсмикалык эсептөөчү жүктөмдү аныктоо учурунда крандардын арабаларынын жана мостторунун салмагы 0,8 коэффициенти менен, ал эми крандын жүк көтөрүмдүүлүгүнө барабар жүктүн салмагы - 0,3 коэффициенти менен.

7.1.5 Имаратка же курулмага сейсмикалык жүктөмдөрдүн эсептөөчү маанисин төмөнкүдөй аныктоо керек:

а) спектралдык ыкма боюнча;

б) Ушул курулуш ченемдеринин Д тиркемесине ылайык калыптандырылган, жасалма, инструменталдык же синтезделген акселерограммалардын топтомун колдонуу менен.

7.1.6 Ушул курулуш ченемдеринин 7.1.5 а) боюнча сейсмикалык жүктөмдөрдү эсептөөлөрдү аныктоону бардык курулмаларга жана имараттарда аткаруу керек.

7.1.7 Ушул курулуш ченемдеринин 7.1.5 б) боюнча сейсмикалык жүктөмдөрдү эсептөөлөрдү аныктоону аткаруу керек:

– өзгөчө жооптуу же башка имараттар үчүн, аларда жер титирөө учурунда курулуш конструкцияларында жабыркоолордун болушуна жол берилбейт;

– атайын сейсмикалык коргоо системалары менен жабдылган имараттар үчүн;

– имараттарды жана курулмаларды долбоорлоого атайын техникалык шарттарда сүрөттөлгөн учурларда.

7.1.8 Имараттарды жана курулмаларды эсептөөнү горизонталдык жана вертикалдык сейсмикалык жүктөмдөргө аткаруу керек.

7.1.9 Имараттарга жана жүктөмдөргө вертикалдык сейсмикалык жүктөмдү эске алуу керек, эгер 7.5.5 пунктка ылайык аныкталган сейсмикалык таасирдин вертикалдык компоненттеринин интенсивдүүлүгү 0,25 g ашса.

7.1.10 Горизонталдык жана вертикалдык сейсмикалык жүктөмдөрдүн бир убактагы таасири, эгер сейсмикалык таасирдин вертикалдык компоненттери 0,25 g болсо, аларды эсептөө учурунда эске алуу керек:

а) «ийкемдүү» каркастык кабаттардын жана жогорку бийиктигин ченегич менен түркүк пайдубалдардын колонналары;

б) басырылып же жергиликтүү ийрейүүсүн текшерген конструкциялар;

в) көтөрүүчү жана өзүн көтөрүүчү кыш (таш) конструкциялар;

г) 24 жана андан көп метр пролет менен балкалар, рамалар, аркалар, фермалар, мейкиндик жабуулары;

д) горизонталдык жана жантайма консолдук конструкциялар;

е) кабаты 9 жогорку бийиктиктеги имараттардын вертикалдык көтөрүүчү конструкциялары.

7.1.11 Имараттарды жана курулмаларды эсептөө учурунда сейсмикалык жүктөмдөрдүн мыйзамдуу өзгөргөн мүнөзүн эске алуу керек жана каралып жаткан элементтин чыңалган абалы үчүн пайдалуу эмес болгон багытын кабыл алуу керек.

## 7.2 Имараттардын жана курулмалардын эсептик моделдери

7.2.1 Жалпысынан алганда имараттардын жана курулмалардын эсептөөлөрүн жер үстүндөгү жана жер алдындагы конструкциялардын, пайдубалдын жана кыртыш негиздин биргелешкен ишин эске алуу менен аткарылат.

7.2.2 Имараттардын жана курулмалардын эсептик моделдерин адекваттуу чагылдыруу керек:

а) сейсмикалык таасир учурунда конструктивдик системаларды деформациялоонун мейкиндик мүнөзү;

б) планда жана конструктивдик системасынын бийиктиги боюнча массаларды жана катуулуктарды реалдуу бөлүштүрүү;

в) имараттардын жана курулмалардын конфигурациясы, конструктивдик системасынын көтөрүүчү элементтеринин жайгашуусу жана геометриялык параметрлери;

г) конструктивдик системанын реакциясынын таасирине жөндөмдүү көтөрбөөчү элементтер;

д) аралаш элементтердин конструктивдик системасында өз ара аракеттенүүнүн шарты;

е) конструктивдик системанын деформацияланышына бириккен кошулуулардын ийкемдүүлүгүнө таасири (зарыл болгон учурда);

ж) конструктивдик системанын грунттук негизи менен байланыш шарттары, ошондой эле сейсмикалык таасирдин эффектисине жөндөмдүү башка мүнөздөмөлөр.

7.2.3 Ушул курулуш ченемдеринин 7.1.5 а) пункту боюнча эсептик сейсмикалык жүктөмдөр, ошондой эле бул жүктөмдөрдүн таасиринен натыйжаларды конструктивдик имараттар жана курулмалардын линейлүү-серпилгич абалын болжолдоп аныктоо керек.

7.2.4 Имараттардын жана курулмалардын эсептик линейлүү - солкулдак моделдерин куруу учурунда:

– көтөрүүчү болот конструкциялардын катуулугун, болотко анын солкулдак деформациясынын тийиштүү стадиясында физикалык мүнөздөмөлөрдү берүү менен эсептеп чыгуу керек;

– темир бетон жана таш менен курулган конструкциялардын катуулугун Е тиркемесинин жоболоруна ылайык аныктоо керек;

– кыртыштык негиздин катуулугунун параметрлерин Ж тиркемесине ылайык аныктоо сунушталат.

7.2.5 Имараттын же курулманын жүктөмүнүн жана бөлүктөрүнүн салмагын (массасын) эсептик моделдин топтоштурулган түйүнүндө кабыл алуу керек.

Кандайдыр бир эсептик моделдин чекитине ыйгарылган массаны эсептеп чыгуу үчүн, туруктуу жана убактылуу жүктөмдөрдүн эсептик маанилерин колдонуу керек, ал каралып жаткан багыттагы инерциялык күчтөрдү түзөт, жана 7.1.2 жана 7.1.3 пункттарына ылайык кабыл алынган коэффициенттерге көбөйтүлөт.

Массанын топтоштурулган чекиттеринин жайгашуусу жана алардын эркиндигинин даражасынын санын имараттын же курулманын көлөмдүк-пландаштыруучу жана конструктивдик схемаларынын өзгөчөлүктөрүнө жараша кабыл алууга жол берилет.

7.2.6 Имараттын же курулманын массасынын кандайдыр бир чекитке киргизилген бөлүгүн эсептеп чыгаруу учурунда, каралып жаткан багыттагы инерциялык күчтөрдү түзгөн туруктуу жана убактылуу жүктөмдөрдү эске алуу керек.

7.2.7 Имараттардын жана курулмалардын мейкиндик эсептөөчү моделдерин колдонуу учурунда, горизонталдык сейсмикалык таасирлер алардын башкы горизонталдык багыттарына бойлой салынышы керек, же, эгер башкы багыттардын абалы белгисиз болсо, бардык маанилүү горизонталдык багыттарга бойлой (имараттын конфигурациясына жана/же конструкциянын топтолушуна жараша кабыл алынган) жана алардын горизонталдык багыттагы ортогоналдык багытка бойлой жаткырылат.

7.2.8 Конструкциянын иштөөсүнүн чыныгы шарттарынын же алардын мүнөздөмөсүнүн бир жактуу эмес болгон учурда, азыраак жагымдуу шартта имараттардын жана курулмалардын эсептелген конструкцияны атайылап койгон эсептик моделдерди колдонуу сунушталат.

## 7.3 Спектралдык ыкма менен сейсмикалык эсептөөчү жүктөмдөрдү аныктоо

7.3.1 Эсептик сейсмикалык жүктөмдөр курулуштун районунун сейсмикалуулугуна, сейсмикалык касиеттери боюнча кыртыштык шарттардын тиби, курулуш аянтынын сейсмикалуулугу, кыртыштын жогорку ылдамдануусунун маанисин, ошондой эле конструктивдик схеманын өзгөчөлүгүн жана имараттардын жана курулмалардын жоопкерчилигине жараша аныкталышы керек.

7.3.2 Горизонталдык эсептик сейсмикалык жүктөмүн аныктоо үчүн $F_{ik}$ спектралдык ыкма менен чагылдырылышын колдонуу керек (7.1):

$$F_{ik} = \gamma_{Ih} \cdot S_d(T_i) \cdot m_{ik}, \quad (7.1)$$

анда: $F_{ik}$ – $k$ чекитине тиркелген анын өздүк термелүүлөрүнүн $i$- чи багыты үчүн горизонталдык багытта каралган имараттар же курулмаларга сейсмикалык жүктөм;

$\gamma_{Ih}$ – горизонталдык сейсмикалык жүктөмдү аныктоо учурунда имаратты же курулманын жоопкерчилигин эске алган коэффициент (7.4 бөлүмдү кара);

$S_d(T_i)$ – 7.5.3 пунктуна ылайык аныкталган $T_i$ мезгилде ылдамдануудагы (м/с$^2$; $g$=9,81 м/с$^2$) эсептик реакцияларынын спектринин мааниси;

$T_i$ – имараттын де курулманын каралып жаткан горизонталдык багытта $i$-чи формадагы термелүү мезгили;

$m_{ik}$ – $k$ чекитине таандык болгон натыйжалуу модалдык масса, (7.2) туюнтманын жардамы менен аныкталган $i$-чи термелүү формасына ылайык келет:

$$m_{ik} = m_k \cdot \eta_{ik}, \qquad \text{же} \qquad m_{ik}=w_k \cdot \eta_{ik}/g \quad (7.2)$$

мында

$\eta_{ik}$ – i-чи тону боюнча өздүк термелүүлөр учурунда, жүктөмдүн жайгашкан жери (7.3.3. пункту боюнча аныкталган) жана сейсмикалык таасирдин багытында имараттын же курулманын деформациясынын формасынан көз каранды болгон коэффициент;

$m_k$ жана $w_k$ – $k$ чекитине таандык болгон массасы жана салмагы.

7.3.3 $\eta_{ik}$ коэффициентинин мааниси төмөнкүдөй аныкталат:

консолдук эсептөө схемасы үчүн (7.1-сүрөт) (7.3) туюнтманын жардамы менен:

$$\eta_{ik} = \frac{U_i(z_k)\sum_{j=1}^{n} m_j U_i(z_j)}{\sum_{j=1}^{n} m_j U_i^2(z_j)}; \tag{7.3}$$

мейкиндик эсептөө схемасы үчүн (7.1 б сүрөт) (7.4) туюнтманын жардамы менен:

$$\eta_{ik} = \frac{U_i(z_k)\sum_{j=1}^{n} m_j U_i(z_j)\, cos(U_{ik}, U_0)}{\sum_{j=1}^{n} m_j U_i^2(z_j)}, \tag{7.4}$$

мында: $U_i$ ($z_k$) жана $U_i$ ($z_j$) – имараттын жана курулманын *і*-чи форма боюнча өздүк термелүүсү учурунда жылдыруу;

*cos* ($U_{ik}$, $U_0$) – $U_{ik}$ жылдыруу багыттарынын жана $U_0$ сейсмикалык таасирдин ортосундагы косинустар;

*n* – топтоштурулган жүктөмдөрдүн саны.




а) б)

7.1- сүрөт

7.3.4 Вертикалдык эсептик сейсмикалык жүктөмүн аныктоо үчүн $F_{ikv}$ спектралдык ыкма менен чагылдырылышын колдонуу керек (7.5):

$$F_{ikv} = \gamma_{Iv} \cdot S_{dv}(T_{vi}) \cdot m_{ik}, \tag{7.5}$$

мында: $F_{ikv}$ – *k* чекитине тиркелген өздүк термелүүсүнүн *і*-чи формасы үчүн имараттардын же курулмалардын вертикалдык багытындагы эсептик сейсмикалык жүктөмү;

$\gamma_{Iv}$ – вертикалдык сейсмикалык жүктөмдү аныктоо учурунда имаратты жана курулманын жоопкерчилигин эске алган коэффициент (7.4 бөлүмдү кара);

$S_{dv}$ ($T_{vi}$) – 7.5.3 пунктуна ылайык аныкталган $T_{vi}$ мөөнөтүндө ылдамдануудагы эсептик реакциялардын спектринин мааниси;

$T_{vi}$ – имараттын же курулманын вертикалдык багытта i-чи формадагы термелүү мезгили.

## 7.4 Имараттардын жана курулмалардын жоопкерчилик классы. Жоопкерчилик коэффициенти

7.4.1 Адамдардын коопсуздугу үчүн аларды талкалануусунун кесепетинин коркунучуна жараша, алардын коомдук коопсуздук үчүн маанилүүлүгүнө жараша, жер титирөөдөн кийинки түздөн түз убакыттын мөөнөтүндө калкты коргоо үчүн жана алардын талкалануусунун социалдык жана экономикалык кесепеттеринен коргоо үчүн имараттарды төмөнкү жоопкерчилик боюнча бөлүшөт:

а) функционалдык багытына жараша – төрт класска;

б) кабаттуулугуна жараша – беш класска.

7.4.2 Имараттарды жана курулмаларды жоопкерчилиги боюнча алардын багытына жараша классификациялоо 7.2 таблицада келтирилген. Имараттарды жоопкерчилиги боюнча алардын кабаттуулугуна жараша классификациялоо 7.3 таблицада келтирилген.

7.4.3 Имараттын багыты жана кабаттуулугу боюнча жоопкерчилигининин класстарынын ар бир айкалышына $\gamma_{Ih}$ жана $\gamma_{Iv}$ жоопкерчилик коэффициенттеринин маанилери ыйгарылды, алар эсептик горизонталдык жана вертикалдык сейсмикалык жүктөмдөрдү аныктоо учурунда эске алынат. Имараттар үчүн жоопкерчилик коэффициенттеринин мааниси алардын багыты боюнча жана кабаттуулук боюнча алардын жоопкерчилигинин класстарынын айкалышына жараша 7.4 таблицада келтирилген.

7.2 т а б л и ц а с ы – Багыты боюнча имараттарды жана курулмалардын жоопкерчилик класстары

| Жоопкер-чилик класстары | Жоопкерчилик классынын мүнөздөмөсү | Имараттардын жана курулмалардын типтери |
|---|---|---|
| I | Коомдук коопсуздук үчүн экинчи даражадагы имараттар жана курулмалар | Адамдардын дайыма туруусу каралбаган имараттар жана курулмалар, ал эми баш тартуулар баалуу жабдууларды бузуу жана/же курчап турган чөйрөнү булгоо менен коштолбойт:<br>- күнөсканалар, парниктер, анча чоң эмес убактылуу кармалуучу кампалар, ачык жеңил павильондор;<br>- убактылуу көмөктөшүүчү жана мобилдик. |
| II | I, III жана IV класстарына таандык болбогон имараттар жана курулмалар | I, III жана IV классына киргизилген имараттардан башка, турак жай, коомдук жана өндүрүштүк имараттар. |
| III | Сейсмотуруктуулугу алардын бузулуусунун социалдык кесепеттеринин позициясынан алып караганда маанилүү болгон имараттар жана курулмалар | Эксплуатацияланышы аларда көпчүлүк адамдардын узакка топтолушу менен байланышкан имараттар:<br>- мектепке чейинки мекемелердин, мектептердин, колледждердин, орто окуу жайлардын, жогорку окуу жайларынын имараттары;<br>- ооруканалардын жана төрөт үйлөрүнүн имараттары (IV классына киргизилгендерден башка);<br>- карылар үйлөрүнүн имараттары;<br>- калктын азыраак мобилдүү топтору үчүн имараттар;<br>- жатаканалардын, казармалардын, пенитенциардык кызматтардын имараттары жана башка буга окшогон багыттагы имараттар;<br>- театрлардын, кинотеатрлардын, жабык стадиондордун имараттары жана башка культтук, маданий-оюн көрсөтө турган жана көңүл ачуучу багыттагы имараттары, анын жалпы сыйымдуулугу 300 дөн 3000 гө чейин адам батат;<br>30 дан 60 метрге чейинки пролет менен имараттар (IV классына киргизилген имараттардан башка) |

*7.2 – таблицасынын аягы*

| Жоопкер-чилик класстары | Жоопкерчилик классынын мүнөздөмөсү | Имараттардын жана курулмалардын типтери |
|---|---|---|
| IV | Иштөөсү жер титирөөлөрдүн кесепетин жоюу учурунда жана калкты жарандык коргоо үчүн зарыл болгон имараттар жана курулмалар | Өрт депосунун имараты. Энерго жана суу менен камсыз кылуу системалары менен имараттар жана курулмалар (анын ичинде өрт өчүрүү жана IV жоопкерчилик классынын объекттери үчүн резервдик системалар менен).<br>Өкмөттүк байланыш системалары менен имараттар жана курулмалар.<br>Ички иштер органдарынын жана улуттук коопсуздук органдарынын административдик имараттары;<br>өзгөчө кырдаалдарды жоюу боюнча уюмдардын атайын курулмалары жана имараттары.<br>Жаракат жана хирургиялык бөлүмдөр менен ооруканалардын жана госпиталдардын имараттары; медициналык тез жардам станциясынын имараттары.<br>Чоң жана орто темир жол вокзалдардын жана аэропортторунун имараттары, ошондой эле алардын иштөөсүн камсыз кылуу системалары менен курулмалар (мисалы, кыймылды башкаруу);<br>самолеттор үчүн ангарлар.<br>Жер титирөөнүн кесепеттерин жоюуга катышкан авариялык, медициналык жана башка кызматтар үчүн имараттар. |
| | Социалдык жоопкерчиликтин жогорку деңгээли менен уникалдуу имараттар жана курулмалар | Театрлардын, кинотеатрлардын, концерттик залдардын, жабык стадиондордун имараттары жана башка культтук, маданий-оюн көрсөтө турган жана көңүл ачуучу багыттагы имараттары, анын жалпы сыйымдуулугу 3000 ге чейин адам батат;<br>Музейлердин имараттары; улуттук жана маданий аалуулуктардын сактагычтары менен имараттар; мамлекеттик архив имараттары.<br>60 метрден көп пролеттору менен имараттар жана курулмалар; зор көркөм жана тарыхый баалуулукка ээ болгон эстеликтер. |
| Э с к е р т ү ү – Бузулушу коркунучтуу экологиялык кесепеттерге алып келиши мүмкүн болгон өтө уулуу же жарылуу коркунучу бар заттарды камтыган имараттарды долбоорлоо жана куруу тиешелүү ченемдик документтерди иштеп чыкканга чейин архитектура жана курулуш боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жер титирөөгө туруктуу курулуш боюнча адистештирилген уюмдар тарабынан иштелип чыккан долбоорлоо үчүн атайын техникалык шарттар боюнча ишке ашырылууга тийиш. | | |

7.3 т а б л и ц а с ы – Кабаттуулугу боюнча имараттардын жоопкерчилик класстары

| Имараттардын жоопкерчилик классы | Жоопкерчилик классынын мүнөздөмөсү | Бийиктиги |
|---|---|---|
| I | Кабаты аз имараттар | 1-2-кабаттар |
| II | Орто кабаттуулуктагы имараттар | 3-5-кабаттар |
| III | Көп кабаттуу имараттар | 6-12-кабаттар |
| IV | Көпкабаттуулуктагы имараттар | 13-18-кабаттар |
| V | Бийик имараттар | 18 кабаттан жогору |

7.4 т а б л и ц а с ы – Имараттар үчүн жоопкерчилик коэффициентинин мааниси

| Имараттардын жоопкерчилик классы | | Сейсмикалык таасирлердин натыйжаларын аныктоо учурунда колдонулган $\gamma_{Ih}$ жана $\gamma_{Iv}$, коэффициенттеринин мааниси | |
|---|---|---|---|
| дайындалышы боюнча | кабаттуулугу боюнча | горизонталдык | вертикалдык |
| I | I | $\gamma_{Ih}$=0,5 | $\gamma_{Iv}$=0,5 |
| II | I-II | $\gamma_{Ih}$=1,0 | $\gamma_{Iv}$=1,0 |
| II | III – V | $\gamma_{Ih} = 1{,}0 + 0{,}060 \cdot (n-5);$ $1{,}06 \le \gamma_{Ih} \le 2{,}0$ | $\gamma_{Iv} = 1{,}0 + 0{,}04 \cdot (n-5);$ $1{,}04 \le \gamma_{Iv} \le 1{,}7$ |
| III | I-II | $\gamma_{Ih}$=1,25 | $\gamma_{Iv}$=1,25 |
| | III – V | $\gamma_{Ih} = 1{,}25 + 0{,}045 \cdot (n-5);$ $1{,}295 \le \gamma_{Ih} \le 2{,}0$ | $\gamma_{Iv} = 1{,}25 + 0{,}02 \cdot (n-5);$ $1{,}27 \le \gamma_{Iv} \le 1{,}7$ |
| IV | I-II | $\gamma_{Ih}$=1,5 | $\gamma_{Iv}$=1,5 |
| | III – V | $\gamma_{Ih} = 1{,}5 + 0{,}030 \cdot (n-5);$ $1{,}53 \le \gamma_{Ih} \le 2{,}0$ | $\gamma_{Iv}$=1,5 |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Бул жерде жана андан ары: n – жердин пландаштырылган белгисинен төмөн жайгашкан кабаттардан башка, имараттагы кабаттардын саны, ошондой эле чүркө кабаттар, жогорку техникалык жана мансарддык кабаттар, эгер алар А тиркемесинде келтирилген терминдерге жана аныктамаларга ылайык келсе.

2 Жер төлөнүн кабаты, эгерде анын үстү жердин орточо пландык белгисинен 2 метрден кем эмес жогору болсо, кабаттар санына киргизилет.

3 Имараттын жер астындагы бөлүгү топурак толтуруудан же жер астындагы курулуштун чектеш участокторунун конструкцияларынан конструкциялык жактан бөлүнгөн учурда жер астындагы кабаттар кабаттуулукка киргизилет.

## 7.5 Эсептик реакциялардын спектрлери

7.5.1 Горизонталдык сейсмикалык таасирлер эки ортогоналдык компоненттер менен сүрөттөлөт, алар көз карандысыз деп эсептелет жана реакциялардын бирдей спектрлери менен мүнөздөлөт.

7.5.2 Имараттардын жана курулмаларды эсептөө учурунда, сейсмикалык таасирдин горизонталдык компоненттери үчүн эсептик реакциялардын спектри $S_d(T)$ (7.6) – (7.7) туюнтмалардын жардамы менен аныкталат:

$$0 \le T \le T_C: \quad S_d(T) = a_g \cdot \frac{2{,}5}{q}, \tag{7.6}$$

$$T \ge T_C: \; S_d(T) = a_g \cdot \frac{2{,}5}{q} \cdot \left[\frac{T_C}{T}\right], \; \text{бирок аз эмес } \beta \cdot a_g, \tag{7.7}$$

мында: $S_d\,(T)$ – сейсмикалык таасирдин горизонталдык компонентин мүнөздөгөн эсептик реакциялардын спектри;

$T_C$ – 7.5 таблицанын маалыматтарына ылайык кабыл алынган, спектралдык ылдамдануунун графигинин туруктуу участогундагы мөөнөттүн максималдык мааниси;

$T$ – горизонталдык багыттагы эркиндиктин бир даражасы менен линейлүү системанын термелүү мөөнөтү;

$a_g$ – (6.3) туюнтмасына ылайык же Г тиркемеси боюнча аныкталган, курулуш аянтындагы эсептик горизонталдык ылдамдануу;

$\beta$ – 0,2 катары кабыл алынган, горизонталдык компоненттер үчүн эсептик реакциялардын спектринин төмөнкү чегинин көрсөткүчү;

$q$ – маанисин 7.6 бөлүмүнүн жоболоруна ылайык аныктоо керек болгон абал коэффициенти.

Сейсмикалык таасирдин горизонталдык компоненттери үчүн эсептик реакциялардын спектринин жалпы көрүнүшү 7.2 сүрөтүндө көргөзүлгөн.

7.5.3 Сейсмикалык таасирдин вертикалдык компоненттери үчүн эсептик реакциялардын спектри $S_{dv}(T_v)$ (7.8) жана (7.9) туюнтмаларынын жардамы менен аныкталат:

$$0 \le T_v \le T_{Cv}: \qquad S_{dv}(T_v) = a_{gv} \cdot \frac{2{,}25}{q}; \tag{7.8}$$

$$T_{Cv} \le T_v \le 2{,}0: \qquad S_{dv}(T_v) = a_{gv} \cdot \frac{2{,}25}{q} \cdot \left[\frac{T_{Cv}}{T_v}\right]^k, \tag{7.9}$$

мында: $S_{dv}(T_v)$ – сейсмикалык таасирдин вертикалдык компонентин мүнөздөгөн эсептик реакциялардын спектри;

$T_{Cv}$ – 0,2 секундага барабар кабыл алынган, спектралдык ылдамдануунун графигинин туруктуу участогундагы мөөнөттүн максималдык мааниси;

$T_v$ – вертикалдык багыттагы эркиндиктин бир даражасы менен линейлүү системанын термелүү мөөнөтү;

$k$ – 7.6 таблицасынын маалыматтарына ылайык кабыл алынган даражанын көрсөткүчү;

$a_{gv}$ – 7.5.5 пунктуна ылайык аныкталган, курулуш аянтындагы эсептик вертикалдык ылдамдануу;

$q$ – маанисин 7.6 бөлүмүнүн жоболоруна ылайык аныктоо керек болгон абал коэффициенти.

Сейсмикалык таасирдин вертикалдык компоненттери үчүн эсептик реакциялардын спектринин жалпы көрүнүшү 7.3 сүрөтүндө көргөзүлгөн.

7.5 т а б л и ц а с ы – $T_C$ мөөнөтүнүн мааниси

| Курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын типтери | $T_C$ мааниси, с |
|---|---|
| IА жана IБ | 0,48 |
| II | 0,72 |
| III | 0,96 |

7.6 т а б л и ц а с ы – $k$ даражасынын көрсөткүчү

| Курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын типтери | $k$ мааниси |
|---|---|
| IА жана IБ | 0,60 |
| II | 0,45 |
| III | 0,35 |



7.2 – сүрөт




7.3 – сүрөт

7.5.4 Ушул курулуш ченемдеринин (7.8) жана (7.9) туюнтмалары $S_{dv}(T_v)$ эсептик реакцияларынын спектринин маанисин 2 секунддан көп эмес $T_v$ мааниси учурунда аныктоо үчүн багытталган.

$S_{dv}$ ($T_v$) спектрлеринин 2 секунддан ашык убакытта $T_v$ үчүн маанисин кошумча изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде аныктоо керек.

7.5.5 Вертикалдык жогорку ылдамдануунун $a_{gv}$ маанисин 7.7 таблицасында келтирилген маалыматтарга ылайык аныктоо керек.

7.7 т а б л и ц а с ы – $a_{gv}$ жана $a_g$ маанилердин мамилеси

| Курулуш аянтынын кыртыштык шарттарынын тиби | $a_g$ мааниси учурундагы $a_{gv}/a_g$ мамилелери | | |
|---|---|---|---|
| | $a_g$≤0,12g | 0,12g<$a_g$≤0,4g | $a_g$>0,4g |
| IА, IБ, II жана III | 0,7 | 0,8 | 0,9 |

7.5.6 Турак жана коомдук имараттардын биринчи формадагы чайкалуулар мезгилинин алдын ала баалоосун М тиркемеси боюнча аныктоо керек.

## 7.6 Абал коэффициенти

7.6.1 Абал коэффициентинин q мааниси имараттын жана курулманын бийиктиги боюнча регулярдуу жана орточо-регулярдуу эмес горизонталдык сейсмикалык жүктөмдөрдү аныктоо учурунда эске алынып, төмөнкүдөй келтирилген:

имараттар үчүн –7.8 таблицада;

башка инженердик курулмалар үчүн –7.9 таблицада.

Э с к е р т ү ү – Бийиктиги боюнча регулярдуу жана регулярдуу эмес имараттарды жана курулмаларды аныктоо К тиркемесинин К.2 бөлүмүндө келтирилген.

7.6.2 Абал коэффициентинин *q* мааниси имараттын жана курулманын вертикалдык сейсмикалык жүктөмдөрдү аныктоо учурунда эске алынып, алардын конструктивдик тибинен, конфигурациясынан, ошондой эле көтөрүүчү конструкциялардын параметрлеринен жана материалдарынан көз каранды эмес, жана 1,5 катары кабыл алуу керек.

7.6.3 Ушул курулуш ченемдеринин 7.8, 7.9 жана 7.6.2 пункттарында келтирилген *q* коэффициентинин маанисин эксперименталдык-теоретикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча тактоо керек.

7.8 т а б л и ц а с ы – Бийиктиги боюнча регулярдуу имараттар үчүн абал коэффициентинин мааниси

| Имараттардын конструктивдик тиби | *q* коэффициентинин мааниси |
|---|---|
| 1 Конструкциясында жабыркоолор же башка серпилгич эмес деформациялар жол берилбеген имараттар | 1,0 |
| 2 Каркасы жок имараттар: монолиттик темир бетондон жасалган көтөрүүчү дубалдары менен, ири панелдүү:<br>а) тышкы жана ички көтөрүүчү дубалдары менен кайчылаш-дубалдуу, 6 метрден көп эмес кадам менен жайгашкан конструктивдик системалар, жана дубалга төрт тарабына боюнча такалып турган жабуулар | 5,0 |
| б) бир көтөрүүчү дубал менен башкы багыттардын бириндеги кайчылаш-дубалдуу конструктивдик система;<br>в) башка дубалдардын конструктивдик системасы | 3,3<br>4,0 |
| 3 6, 7 пункттарда көргөзүлгөндөн башка каркастык имараттар:<br>а) колонналар менен ригелдердин бирикмелеринин бардык катуу түйүндөрүнө ээ болгон, мейкиндик рамалык каркастары менен; колонналар менен ригелдердин бардык катуу түйүндөрүнө ээ болгон рамалык-байланыш каркастары менен; каркастык-дубалдык конструктивдик системалардын байланыш каркастары менен; бардык конструктивдик системалардын бир кабаттуу системалары;<br>б) а) пунктунда көргөзүлгөндөн башка конструктивдик системалар | 4,0<br>3,3 |
| 4 Комплекстүү конструкциядан дубалдар менен имараттар | 3,3 |
| 5 Айлануучу- эпке келүүчү конструктивдик системалар | 2,0 |
| 6 «Айландырылган маятник» тибиндеги конструктивдик системалар | 1,5 |
| 7 Жыгач көтөрүүчү конструкциялардан жасалган имараттар, төмөнкү көрүнүштө:<br>а) штифт же болттор менен бириктирилген статикалык аныкталбаган порталдык каркастар;<br>б) мыктар жана болттор менен бириктирилген, мык дубал панелдери | 3,0<br>4,0 |
| 8 Жергиликтүү курулуш материалдарынан көтөрүүчү дубалдар менен имараттар (саман, чопо-бетон, чийки кыштан, кош-сынч жана ушуга окшогон материалдар).<br>Арматураланган жана арматураланбаган кыш (таш) коюудан аткарылган сейсмикага каршы иш чаралары жок көтөрүүчү дубалдары менен имараттар | атайын изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча |

7.9 т а б л и ц а с ы – Инженердик имараттар үчүн абал коэффициентинин мааниси

| Курулмалардын конструктивдик тиби | *q* коэффи-циентинин мааниси |
|---|---|
| 1 Эркин турган мунаралар, түтүн чыгуучу түтүктөрү жана мачттар түрүндөгү курулмалар:<br>а) көтөрүүчү темир бетон же болот конструкциялары менен, алар алардын бийиктигинен жарымынан узун аралыкта вантсыз консол катары иштешет; | 2,5 |
| б) көтөрүүчү темир бетон же болот конструкциялары менен; алар алардын бийиктигинен жарымынан азыраак аралыкта вантсыз консол катары иштешет же конструкциянын массасынын борборунун деңгээлинде же бул деңгээлден жогорку тарткычтар менен бекитилген<br>в) комплекстүү конструкциялардан | 3,5<br><br>2,5 |
| 2 Үстүңкү деңгээлинде жайгашкан, резервуарлардын жана идиштердин таканчыктары болуп кызмат кылган, жалгыз түркүк жана мунара түрүндөгү курулмалар | 1,5 |

*7.9 – таблицасынын аягы*

| Курулмалардын конструктивдик тиби | *q* коэффи-циентинин мааниси |
|---|---|
| 3 Силостук мунара жана элеватор тибиндеги курулмалар | 3,5 |
| 4 Толтургучу жок рамалык каркастык кабаттар түрүндөгү курулмалар | 3,0 |
| 5 Айлантуучу-эпке келүүчү курулмалар | 2,0 |
| 6 Транспорттук курулмалар | 4,0 |
| 7 1-5 пункттарда көргөзүлбөгөн курулмалар | 3,0 |

7.6.4 Ушул курулуш ченемдеринин 7.8 жана 7.9 таблицаларында келтирилген абал коэффициентинин маанилери, долбоордук чечимдер, имараттардын жана курулмалардын конструкциясын аткаруу сапаты, ошондой эле аларды аткаруунун сапатын контролдоо бекитилген талаптарга ылайык келет деп болжоого кабыл алынганын эстен чыгарбоо керек (5.5 пунктту кара).

7.6.5 Эгер имараттар (курулмалар) массасынын кескин көбөйүп кетишинен же бир нече кабаттын (деңгээл) вертикалдык көтөргүч конструкцияларынын катуулугунун азайышынан улам, башка жанаша турган кабаттар (деңгээлдер) менен салыштырганда, бийиктиги боюнча регулярдуу эмес катары классификацияланса, анда тийиштүү кабаттагы (деңгээлдеги) конструкциялардагы сейсмикалык горизонталдык таасирлердин эсептик натыйжалары ушул курулуш ченемдердин 7.6.6-пунктуна ылайык көбөйтүлүшү керек.

Э с к е р т ү ү – Бийиктиги боюнча регулярдуу эмес имараттарга, мисалы, төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:
– төмөнкү же ортодогу ийкемдүү каркастык кабаттары менен имараттар;
– горизонталдык бөлүгү жогору болгон түркүк пайдубалдарга тургузулган имараттар;
– башка жанаша турган кабаттар менен салыштырмалуу бир же бир нече кабатты таш менен толтурууда катуулугун кескин азайтуу менен каркастык имараттар (вертикалдык элементтери жок катуулук же дубал).

7.6.6 7.6.5-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда, кармоо үчүн тийиштүү кабаттагы (деңгээлдеги) конструкцияларда горизонталдык сейсмикалык таасирдин эсептик натыйжаларын (7.11) туюнтмасынын жардамы менен эсептеп чыгарылган $f_{vk}$ жогорулатуучу коэффициенттер менен кабыл алуу керек:

$$1{,}0 \le f_{\text{vk}} = 1{,}2 \cdot r_{\text{ek}} - 0{,}5 \le q\,, \tag{7.11}$$

мында

$$r_{\text{ek}} = \frac{d_{\text{e,k}} \cdot h_{\text{k+1}}}{d_{\text{e,k+1}} \cdot h_{\text{k}}} \ge 1{,}25 \quad (7.12а) \qquad \text{жана} \qquad r_{\text{ek}} = \sqrt{\frac{m_{\text{j}} \cdot c_{\text{j-1}}}{m_{\text{j-1}} \cdot c_{\text{j}}}} \ge 1{,}25 \quad (7.12б)$$

(7.12а) туюнтмада:

$d_{e,k}$ жана $d_{e,k+1}$ – *k* кабаттын жана *k+1* кабаттын үстүңкү жана ылдыйкы жабууларынын ортоңку горизонталдык орун которуудагы айырмачылыгы, алар эсептик сейсмикалык жүктөмдөргө жооп берет; $d_{\text{re,k}}$ жана $d_{\text{re,k+1}}$ аныктамасы учурунда кокус айлануу эффекттери эске алынбайт;

$h_{\text{k}}$ жана $h_{\text{k+1}}$ – *k* жана *k+1* кабаттарынын бийиктиги.

(7.12б) туюнтмада:

$m_{\text{j}}$ жана $c_{\text{j}}$ – көп кабаттуу имараттын акыркысынын (*j*-чи) же эки кабаттуу имараттын экинчи кабатынын массасы жана горизонталдык катуулугу;

$m_{\text{j-1}}$ жана $c_{\text{j-1}}$ – көп кабаттуу имараттын ылдый жайгашкан (*j*-1) же эки кабаттуу имараттын биринчи кабатынын массасы жана горизонталдык катуулугу;

7.6.7 Эгер конструктивдик системанын классификациясы жана анын бийиктиги боюнча жөнгө салынгычтыгы ар кандай горизонталдык багыттар боюнча айырмаланса, анда $q$ абал коэффициенти жана $f_{vk}$ коэффициенти ар кандай болушу мүмкүн.

### 7.7 Пландагы имараттын кокусунан айлануу эффекттери

7.7.1 Ушул курулуш ченемдеринин 7.3.2 пунктуна ылайык аныкталган, горизонталдык сейсмикалык жүктөмдөрдөн башка, сейсмикалык кыймылдын мейкиндик вариациясы жана массалардын жайгашуусундагы аныкталбагандыктар менен шартталган пландагы имараттын айлануу эффекттерин эске алуу керек.

7.7.2 Сейсмикалык кыймылдын мейкиндик вариациясы жана массалардын жайгашуусундагы аныкталбагандыктар менен шартталган пландагы имараттын айлануу эффектин эсепке алуу үчүн, имараттын ар бир кабатындагы массаны эсептөөчү борборлор сейсмикалык күчтөрдүн аракетинин ортогоналдык багытында $e_{ak}$ аралыкка номиналдык абалына карата жылуу катары кароо керек:

$$e_{ak}=\pm 0{,}05\cdot L_k\cdot f_{ek}, \tag{7.13}$$

(7.13) туюнтмада:

$e_{ak}$ – имараттын бардык кабатындагы бирдей багытта кабыл алынган, $k$-чы кабаттын массасынын күтүүсүз эксцентриситети;

$L_k$ – сейсмикалык күчтөрдүн таасиринин багытына перпендикуляр турган багыттагы $k$-чы кабаттын үстүндөгү жабуунун өлчөмү;

$f_{ek}$ – $k$-чы кабаттын деңгээлинде имараттардын жөнгө салынбагандыгын эске алуучу коэффициент.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Жалпысынан алганда, ушул курулуш ченемдеринин 7.7.2 пунктту колдонуу каралып жаткан имараттын жана курулманын эсептик төрт моделин колдонуу зарылдыгын жаратат, анда массалардын жылуусу ар кандай багыттарды жана белгилерди камтыйт. Эгер массалардын баарынан көп эффектти камсыз кылган номиналдык абалдан жылуусунун багыты жана белгиси айкын көрүнүп турса, анда эки эсептик модель менен чектелишине жол берилет, анда массалардын номиналдык абалдан жылуусу бир багыт боюнча, бирок ар кандай белгилер менен каралат.

2 Күтүүсүз эксцентриситеттер 30 метрден кем эмес планда баарынан чоң өлчөм менен имараттар үчүн эске албоого жол берилет, жана бул учурда К тиркемесинин К.3.1 пунктунун бардык жоболоруна ылайык келиши керек.

7.7.3 Конструктивдик системалар планындагы регулярдык жана регулярдык эмес үчүн $f_{ek}$ коэффициенттин мааниси (К тиркемесинин К.3 бөлүмү) төмөнкү туюнтманын жардамы менен аныктоо керек:

$$f_{ek}=\rho\cdot\left(\frac{\delta_{kmax}}{1{,}1\delta_{kav}}\right)^4, \quad \text{мында } \rho\le f_{ek}\le 3{,}0. \tag{7.14}$$

(7.14) туюнтмада:

$\delta_{kmax}$ – $k$-чы кабаттын үстүңкү жабуусунун максималдык ордун которуусу;

$\delta_{kav}$ – k-чы кабаттын үстүңкү жабуусунун орто арифметикалык ордун которуусу;

$\rho$ – мааниси кабыл алууга мүмкүн болгон коэффициент:

1,0 – эгер К тиркемесинин К.3.1 пунктунда келтирилген бардык критерийлер кармалган учурда;

1,2 – эгер К тиркемесинин К.3.1 пунктунда келтирилген бир нече бир нече критерий аткарылбаса, бирок К.3.2 пунктунда келтирилген бардык критерийлер кармалса;

1,3 – эгер К.3.2 пунктунда келтирилген а), б) жана в) критерийлер кармалса, бирок К.3.2 пунктунда келтирилген г) критерийи кармалбаса, же жок дегенде К.3.2 д) критерийинин бири кармалбаса.

2,5 - эгер конструктивдик система планда айлантуучу-эпке келүүчү болуп саналса.

Кайра жабуулардын ордун которуунун кабыл алынган шарттуу белгилери 7.4-сүрөттө көргөзүлгөн.




7.4-сүрөт.

7.7.4 Альтернатив катары айлануу эффекттери $M_{ak}$ статикалык айлануучу учурлардын тийиштүү топтомдорунан улам пайда болгон жыйынтыктоочу натыйжа катары аныкталышы мүмкүн, ал $k$-чы кабаттын вертикалдык огуна карата аракеттенет:

$$M_{ak} = e_{ak} \cdot F_k, \qquad (7.15)$$

мында

$M_{ak}$ – анын вертикалдык огуна салыштырмалуу $k$-чы кабаттынүстүнөн жабууга тагылган айлануучу учур;

$e_{ak}$ – $k$-чы кабаттын массасынын күтүүсүз эксцентриситети, ал имараттын бардык маанилүү багыттары үчүн (7.13) туюнтмасына ылайык аныкталат;

$F_k$ – каралып жаткан багыттагы $k$-чы кабатка таасир этүүчү горизонталдык күч.

7.7.5 Ушул курулуш ченемдеринин 7.7.4 пунктуна ылайык аныкталган айлануу эффекттерин, оң жана терс белгилери менен эске алуу керек, алар имараттын бардык кабаттары үчүн бирдей кабыл алынат.

## 7.8 Сейсмикалык таасирдин эффекттерин аныктоо

7.8.1 Сейсмикалык таасирдин эффекттерин аныктоо учурунда, имараттын жалпы реакциясына олуттуу таасир эткен бардык формаларды эске алуу керек.

7.8.2 Ушул курулуш ченемдеринин 7.8.1 пунктунун талаптары, эгер төмөндө аталган шарттардын кайсынысы болбосун кармалган учурда, аткарылды деп саналат:

– термелүүнүн эске алынган формалары үчүн натыйжалуу модалдык массанын суммасы, имараттын жалпы массасынан эң жок дегенде 90 % түзөт;

– жалпы массанын 5 % ашкан натыйжалуу модалдык масса менен термелүүнүн бардык формалары эске алынат.

7.8.3 Ушул курулуш ченемдеринин 7.8.2 пунктта келтирилген шарт имараттын ар бир маанилүү багыты үчүн текшерилип чыгышы керек.

7.8.4 Эгер 7.8.2 пунктунун шарттары аткарылбай турган болсо (мисалы, термелүүнүн локалдуу формасынын олуттуу салымы менен имараттарда), анда сейсмикалык таасирлердин натыйжасын аныктоо учурунда $0{,}15T_1$ (мында $T_1$ – каралып жаткан багыттагы имараттардын

өздүк термелүүсүнүн биринчи формасынын мезгили) жана 0,1 с дан көп убакыт менен имараттын термелүү формасын гана эске алууга жол берилет.

### 7.9 Сейсмикалык таасирдин компонентинен модалдык реакциянын комбинациясы

7.9.1 Термелүүнүн эки формасына шайкеш келген сейсмикалык таасирдин бир компонентинен болгон имараттын реакциясы бири биринен көз каранды болбогон форма катары каралышы мүмкүн, эгер бул формалардын мөөнөттөрү $T_i$ жана $T_{i+1}$ (7.16) шартын канааттандыра турган болсо ($T_{i+1} \leq T_i$ учурунда):

$$T_{i+1} \leq 0,9 \cdot T_i. \tag{7.16}$$

7.9.2 Эгер бардык мааниге ээ болгон модалдык реакциялар бири биринен көз каранды болбогон катары каралса, анда бир компоненттер болгон сейсмикалык таасирдин $E_E$ эффектисинин максималдык чоңдугу «квадраттардын суммасынан алынган квадраттын тамыры» катары аныкталышы мүмкүн:

$$E_E = \pm\sqrt{\Sigma E_{Ei}^2}\ , \tag{7.17}$$

мында

$E_E$ – каралып жаткан сейсмикалык таасирдин эффектиси (күчү, ордун которуусу ж.б.);

$E_{Ei}$ – $i$-читермелүү формасы боюнча сейсмикалык таасирдин эффектисинин мааниси.

7.9.3 Эгер (7.16) шарты аткарылбаса, анда бир компоненттен болгон модалдык максимумдардын комбинациясы үчүн «толук квадраттык айкалыш» сыяктуу, дагы тагыраак процедуралар кабыл алынышы керек. Модалдык максимумдарды суммалоо үчүн туюнтма «толук квадраттык айкалыш» процедурасы менен төмөнкүдөй көрүнүшкө ээ:

$$E_E = \pm\sqrt{\sum_{i=1}^{n}\sum_{j=1}^{n} E_{Ei} E_{Ej} \rho_{ij}}\ , \tag{7.18}$$

мында демпфирлөөнүн $\xi_i$ жана $\xi_j$ көрсөткүчтөрүнүн бирдей мааниси учурунда (критикалыктан башталган үлүштөрдө) i-чи жана j- чи формасы үчүн корреляциянын $\rho_{ij}$ термелүү коэффициенти (7.19) туюнтманын жардамы менен аныкталат:

$$\rho_{ij} = \frac{8\xi^2 \left(1 + r_{ij}\right) r_{ij}^{1,5}}{(1 - r_{ij}^2)^2 + 4\xi^2 r_{ij} (1 + r_{ij})^2} \tag{7.19}$$

(7.19) туюнтмада $r_{ij}=T_j/T_i$ ($T_i \geq T_j$ учурунда ).

7.9.4 Жалпысынан алганда, сейсмикалык таасирдин горизонталдык компоненттери бирдей аракет кылат деп кабыл алуу керек.

7.9.5 Имаратка же курулмага сейсмикалык таасирдин горизонталдык компонентинин бир убакта таасир этүүсүнүн эффекттерин эсепке алуу үчүн модалдык реакциялардын комбинациясы төмөнкү тартипте аныкталышы мүмкүн:

а) алгач, (7.17) же (7.18) модалдык реакциялардын айкалышуусунун эрежелерин колдонуу менен, сейсмикалык таасирдин ар бир өзүнчө компонентке болгон имарат же курулманын максималдык реакциясы бааланышы керек;

б) андан кийин, эки компоненттер алынган сейсмикалык таасирдин эффектисинин максималдык чоңдугун аныктоо үчүн, (7.20) комбинациялоо эрежесин колдонуу керек, мында $E_{Ex}$ жана $E_{Ey}$ ар бир горизонталдык компоненттин максималдык эффекттеринин маанилери:

$$E_{\text{E}} = \pm\sqrt{E_{\text{Edx}}^2 + E_{\text{Edy}}^2}\,, \tag{7.20}$$

7.9.6 Альтернатива катары эки горизонталдык компоненттин бир убактагы таасири менен шартталган сейсмикалык таасирдин эффекттери эки төмөнкү комбинацияларды колдонуу менен эсептелип чыгышы мүмкүн:

а) $E_{\text{Edx}}$ “+” $0{,}30 \cdot E_{\text{Edy}}$, (7.21)

б) $0{,}30 \cdot E_{\text{Edx}}$ “+” $E_{\text{Edy}}$, (7.22)

мында

“+” – «.... менен комбинацияны» түшүндүрөт ;

$E_{\text{Edx}}$ – тандалып алынган $x$ имараттын горизонталдык огуна бойлой сейсмикалык таасирдин тийгизе турган эффекттерин түшүндүрөт;

$E_{\text{Edy}}$ – ортогоналдык $y$ имараттын горизонталдык огуна бойлой сейсмикалык таасирдин тийгизе турган эффекттерин түшүндүрөт;

(7.21) жана (7.22) комбинациясындагы ар бир компонентинин белгиси каралып жаткан таасир этүү эффектиси үчүн жагымсыз катары кабыл алуу керек.

7.9.7 Сейсмикалык таасирдин горизонталдык жана вертикалдык компоненттеринин бир убактагы аракетинен болгон эффекттерди эсепке алуу үчүн (7.23) же (7.24) – (7.26), комбинациялары колдонулушу керек, алар сейсмикалык таасирдин үч компонентине жайылтылат:

$$E_{\text{E}} = \pm\sqrt{E_{\text{Edx}}^2 + E_{\text{Edy}}^2 + E_{\text{Edz}}^2}\,. \tag{7.23}$$

же

$E_{\text{Edx}}$ “+” $0{,}30 \cdot E_{\text{Edy}}$ “+” $0{,}30 \cdot E_{\text{Edz}}$; (7.24)

$0{,}30 \cdot E_{\text{Edx}}$ “+” $E_{\text{Edy}}$ “+” $0{,}30 \cdot E_{\text{Edz}}$; (7.25)

$0{,}30 \cdot E_{\text{Edx}}$ “+” $0{,}30 \cdot E_{\text{Edy}}$ “+” $E_{\text{Edz}}$; (7.26)

мында

“+” –«.... менен комбинацияны» түшүндүрөт ;

$E_{\text{Edx}}$ жана $E_{\text{Edy}}$ –7.9.6 сыяктуу;

$E_{\text{Edz}}$ – $z$ имараттын вертикалдык огуна бойлой багытталган сейсмикалык таасирден болгон эффекттер.

7.9.8 Оодарылып кетүү жана жылууга каршы конструктивдик системалардын туруктуулугун текшерүү учурунда, сейсмикалык таасирдин вертикалдык компоненти менен чакырылган жана гравитациялык жүктөмдөргө каршы багытталган вертикалдык сейсмикалык жүктөмдөрдүн салымын албоого жол берет.

### 7.10 Имараттардын көтөрбөөчү элементтерине болгон сейсмикалык эсептөөчү жүктөмдөр

7.10.1 Имараттардын көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтери (парапеттер, тосмолор, короолор, механикалык жабдуулар жана башкалар) иштебей калган учурда адамдар үчүн коркунуч жаратышы мүмкүн жана имараттын негизги конструкциясына же маанилүү жабдуунун иштөөсүнө таасир этиши мүмкүн, жана аларды бекитүү элементтери менен бирге сейсмикалык таасирге каршылыгын текшеришет.

7.10.2 Дубалдын көтөрбөөчү элементтеринин бышыктыгы (мисалы, тосмолор жана каркастардын толтурулушу) имаратка болгон сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алууга катышпайт, ошондой эле имараттын көтөрүүчү конструкцияларына бекитүүлөргө кирбейт, ошондуктан дубал элементтеринин тегиздигинен таасир эткен сейсмикалык горизонталдык жүктөмдөргө эсептөө менен тастыкталышы керек.

7.10.3 Кыш (таш) менен тургузулган өзүн көтөрүүчү дубалдар жана алардын каркас менен байланышын тегиздикке жана тегиздиктентаасир берген горизонталдык сейсмикалык жүктөмдөргө, ошондой эле вертикалдык сейсмикалык жүктөмдөргө эсептөө керек. Тегиздиктеги өзүн көтөрүүчү дубалдардын бышыктыгы алардын каркас менен бирге жылдыруу учурунда келип чыккан аракеттердин таасирине текшерилиши керек.

7.10.4 Асылма панелдер жана фасаддык системалар, ошондой эле алардын имараттардын конструкцияларына бекитүүлөрүн алардын тегиздигинен таасир берүүчү сейсмикалык жүктөмдөргө кошуу керек, ошондой эле, эгер алар сейсмикалык жүктөмдөргө, кабаттардын горизонталдык кыйшаюусу учурунда келип чыккан аракеттерге, алар бекитилген конструкцияларды кабыл алууга катышса.

7.10.5 Өзгөчө жоопкерчиликтеги конструктивдик эмес же бузулушу өзгөчө коркунуч алып келе турган элементтердин сейсмикалык таасирлерин эсептөө реалисттик моделге жана көтөрбөөчү элементтерге бекитилген жерлердеги негизги конструктивдик системасынын тийиштүү реакцияларына шайкеш келген реакциялардын спектрин колдонууга негизделиши керек. Калган бардык учурларда, 7.10.6-7.10.10 пункттарда келтирилген жеңилдетилген эрежелерде колдонулушуна жол беришет.

7.10.6 Сейсмикалык таасирлердин эффекттери көтөрбөөчү элементтерге $F_a$ горизонталдык күчтү коюу жолу менен аныкталышы мүмкүн:

$$F_a = \frac{S_a \cdot W_a \cdot \gamma_a}{q_a}, \quad (7.27)$$

мында $F_a$ – көтөрбөөчү элементтин каралып жаткан багытындагы горизонталдык сейсмикалык күч, ал анын массасынын борборунда шарттуу түрдө топтоштурулуп кабыл алынган;

$S_a$ – көтөрбөөчү элементтер үчүн сейсмика коэффициенти (7.10.7 пунктту кара);

$W_a$ – көтөрбөөчү элементтин салмагы;

$\gamma_a$ – көтөрбөөчү элементтин жоопкерчилик коэффициенти (7.10.9 жана 7.10.10 пунктту кара);

$q_a$ – көтөрбөөчү элементтер үчүн абал коэффициенти (7.10 таблицаны кара);

7.10.7 $S_a$ сейсмикалуулук коэффициентин төмөнкү туюнтманын жардамы менен аныктоо керек:

$$S_a = 1{,}5 \cdot a_g \cdot a_p, \quad (7.28)$$

мында

$a_g$ – $g$ үлүшүндөгү эсептик ылдамдануу, ал имараттын сейсмикалык таасиринин интенсивдүүлүгүн мүнөздөйт;

$a_p$ – көтөрүүчү элементтин мүмкүн болгон күчөтүшүн эске алган динамика коэффициенти (7.10 таблицаны кара).

7.10.8 Горизонталдык сейсмикалык күч $F_a$, (7.27) туюнтмада шарттуу түрдө кабыл алынган, ал конструктивдик эмес элементтин массасынын борборуна топтоштурулган, бул элементтин бышыктыгын текшерүү учурунда анын массасын факты жүзүндө бөлүштүрүүгө ылайык кошулушу мүмкүн.

7.10 т а б л и ц а с ы – Имараттын көтөрбөөчү элементтери үчүн $a_p$ жана $q_a$ коэффициенттеринин мааниси

| № | Көтөрбөөчү элементтердин типтери | $a_p$ | $q_a$ |
|---|---|---|---|
| Консолдук элементтер | | | |
| 1 | Консолдук типтеги дубалдар жана тосмолор (мисалы, парапеттер жана фронтондор, алар негизинен гана бекитилген) | 2,5 | 2,5 |
| 2 | Табло жана жарнамалык щиттер<br>Алардын толук бийиктигинин жарымынан ашык аралыкта ванттык эмес консолдор катары иштеген, түркүктөгү мачттар жана резервуарлар, түтүн чыгуучу жана тартуучу түтүктөр<br>Имараттын үстүндөгү жана аларга салыштырмалуу анча маанилүү эмес кесилишке жана массага ээ болгон курулмалар | 2,5 | |
| 3 | Алардын бийиктигинен жарымынан азыраак аралыкта вантсыз консол катары иштеген түтүктөр, мачттар жана түркүктөгү резервуарлар, же конструкциянын массасынын борборунун деңгээлинде же бул деңгээлден жогорку тарткычтар менен бекитилген | 1,5 | |
| Көтөрбөөчү конструктивдик элементтер (консольдон башка) | | | |
| 4 | Каптоонун асылма фасаддык системалары жана элементтери; асылма панелдерден жасалган тосуучу дубалдар | 2,0 | 2,5 |
| | Асылма фасаддык система жана асылма панелдерден бекитүү элементтери | | 2,0 |
| 5 | Өзүн көтөрүүчү дубалдар, декоративдик элементтер | 1,5 | 2,5 |
| | Өзүн көтөрүүчү жана декоративдик элементтердин бекитүүчү элементтери | | 2,0 |
| 6 | Бийиктигине карата 1/10 кем эмес калыңдыкта мааниге ээ болгон көтөрүчү эмес дубалдар жана тосмолор, жана алардын бекитүүлөрү | 1,0 | 2,5 |
| 7 | Бийиктигине карата 1/20 кем эмес калыңдыкта мааниге ээ болгон көтөрүүчү эмес дубалдар жана тосмолор, жана алардын бекитүүлөрү | 2,0 | 2,0 |
| 8 | Бийиктигине карата 1/20, бирок 1/10 кем эмес калыңдыкта мааниге ээ болгон көтөрүүчү эмес дубалдар жана тосмолор | интерполяциясы боюнча (6 жана 7 пункттарды кара) | |
| Бекитүү үчүн элементтер | | | |
| 9 | Машиналар менен жабдуулардын бекитүүчү деталдары жана элементтери | 1,0 | 2,0 |
| 10 | Жабууларга бекитилген шкафтардын жана китеп текчелери | 1,0 | |
| 11 | Асма шыптар жана жарык кылуучу жабдуулар | 1,5 | |
| Э с к е р т ү ү – $a_p$ жана $q_a$ коэффициенттеринин мааниси эксперименталдык жана теориялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча тактоого жол берилет. | | | |

7.10.9 Жоопкерчилик коэффициентин $\gamma_a$ 1,5 кем эмес катары кабыл алуу керек:

- адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн зарыл болгон машиналардын жана жабдуулардын деталдары жана элементтери үчүн;
- уулуу же жардыруучу заттарды камтыган, калк үчүн өзгөчө опурталдуу деп каралган резервуарлар жана идиштер үчүн.

Калган бардык учурларда көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтер үчүн $\gamma_a$ жоопкерчилик коэффициенти 1,0 гө барабар катары кабыл алынышы керек.

7.10.10 Спектралдык ыкма менен көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтерге сейсмикалык эсептик жүктөмдөрдү аныктоо учурунда:

- имарат үчүн $q$ абал коэффициентинин маанисин 1,0 деп кабыл алуу керек;

- көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтер үчүн $q_a$ абал коэффициентинин маанисин 7.10 таблицасынын маалыматтары боюнча кабыл алуу керек;
- көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтер үчүн $\gamma_a$ жоопкерчилик коэффициентинин маанисин 7.10.9 пунктуна ылайык кабыл алуу керек.

7.10.11 Эгер көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтер үчүн технологиялык же жаратылыш-климаттык таасирлер сейсмикалык таасирлерден ашып кетсе, анда аларды долбоорлоо учурунда аларды аныктоочу катары кароо керек.

## 7.11 Имараттын кабаттарынын горизонталдык кыйшаюулары

7.11.1 Имараттардын кабаттарынын горизонталдык кыйшаюуларын, адамдардын коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жана дубал толтурмаларынын, тосмолордун, витраждардын жана башка көтөрбөөчү конструктивдик жана конструктивдик эмес элементтердин бузулушунун алдын алуу үчүн чектөө керек.

7.11.2 Ушул курулуш ченемдердин 7.11.1 пунктунун талаптары, эгер имараттын кабаттарынын горизонталдык кыйшыктары $d_{rs}$, Л тиркемеси менен аныкталып, 7.11.3 ылайык чектелген.

7.11.3 Кабаттардын горизонталдык кыйшыктарынын жол берилген чоңдуктары $d_{rs}$, алар 7.11.1 пунктунун талаптарына жооп берет жана (7.29) шартына шайкеш келиши керек:

$$d_{rs} \le \frac{h \cdot \varepsilon}{q} \qquad (7.29)$$

мында

$d_{rs}$ – имаратка сейсмикалык эсептик жүктөм учурунда кабат кыйшыгы;

$h$ – кабаттын бийиктиги;

$q$ – 7.6 бөлүмүнүн жоболоруна ылайык кабыл алынган коэффициенти;

$\varepsilon$ – 7.11 таблицасына ылайык кабыл алынган коэффициент.

Эскертүүлөр

1 Эгер бир же бир нече кабаттардын кыйшыгынын чоңдуктары 7.11.3 пунктунун талаптарына жооп бербесе, анда бул кабаттардын горизонталдык катуулугу көбөйтүлүшү керек.

2 $\varepsilon$ маанисин эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча жол берилет.

7.11 таблицасы – $\varepsilon$ коэффициентинин мааниси

| Көтөрбөөчү дубал конструкцияларынын жана имараттын көтөрүүчү конструкцияларынын ортосундагы бирикмелер | $\varepsilon$ коэффициентинин мааниси |
|---|---|
| 1 Көтөрүүчү эмес жана көтөрүүчү конструкциялардын сейсмикалык таасири учурунда өзүнчө ишти камсыз кылат | 0,020 |
| 2 Пластикалык материалдардан аткарылган көтөрбөөчү конструкциядардын жана көтөрүүчү конструкциялардын өзүнчө ишине сейсмикалык таасир учурунда камсыз кылбаган | 0,015 |
| 3 Катуу материалдардан аткарылган көтөрбөөчү конструкциядардын жана көтөрүүчү конструкциялардын өзүнчө ишине сейсмикалык таасир учурунда камсыз кылбаган | 0,010 |

## 7.12 Экинчи түрдөгү эффекттерди эсептөө



7.5 – сүрөт

7.12.1 Конструктивдик системанын горизонталдык катуулугун тандоо учурунда, сейсмикалык таасирдин эффектисин минималдаштырууга умтулуудан башка (реакциялардын спектринин формасына негизделип), экинчи түрдөгү эффекттердин ($P$-Δ эффекттер) пайда болушуна жана конструкциялардын ашыкча жабыркашына же туруксуздугуна алып келүүгө жөндөмдүү, анын ашыкча жылууларына чектөө зарылдыгын көңүлгө алууга туура келет.

7.12.2 Эгер бардык кабаттар үчүн (7.30) шарты аткарылса, анда экинчи түрдөгү эффекттер ($P$-Δ эффекттер) эсепке албай калынышы мүмкүн:

$$\theta = \frac{P_{\text{tot}} \cdot d_r}{V_{\text{tot}} \cdot h} \leq 0{,}10 \,. \qquad (7.30)$$

(7.30) туюнтмада:

$\theta$ – мааниси каралып жаткан кабаттын үстүңкү ($k$+1) жана ылдыйкы ($k$) жабууларынын ортого горизонталдык жылууларынын $d_s$ айырмасынан көз каранды;

$P_{tot}$ – каралып жаткан кабаттагы жана анын үстүндөгү толук гравитациялык жүктөм;

$d_r$ – үстүңкү ($k+1$) жана ылдыйкы ($k$) кабат жабууларынын горизонталдык орто жылууларынын айырмасы, алар эсептик сейсмикалык таасирлерден улам пайда болот (сүрөт 7.5);

$V_{tot}$ – каралып жаткан кабаттын деңгээлинде суммардык сейсмикалык туура күч;

$h$ – каралып жаткан кабаттын бийиктиги.

7.12.3 Каралып жаткан кабаттын үстүңкү жана ылдыйкы жабууларынын эсептик сейсмикалык таасиринен пайда болгон жылдыруунун линейлүү эсептөөсүн $d_s$ аткаруу учурунда, төмөнкү жеңилдетилген туюнтманын жардамы менен аныкталса болот:

$$d_s = q_d \cdot d_e, \qquad (7.31)$$

мында

$d_s$ – эсептик сейсмикалык таасир менен чакырылган, конструктивдик системанын чекитинин жылуусу;

$q_d$ – $q$ коэффициентине барабар болгон абал коэффициенти ($d_s$ жылууларын аныктоо учурунда), эгер башкасы аныкталбаса;

$d_e$ – эсептик сейсмикалык жүктөм учурунда линейлүү эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча аныкталган, конструктивдик системанын ошол эле чекитине жылдыруу.

7.12.4 Эгер $0{,}1<\theta\leq 0{,}2$, анда экинчи түрдөгү эффекттерди, $1/(1–\theta)$ ге барабар болгон коэффициентке сейсмикалык таасиринин эффектисин көбөйтүү менен, болжолдуу эсептеп чыгууга болот. Эгер $0{,}2<\theta\leq 0{,}3$ болсо, анда деформацияланган схема боюнча эсептөө керек.

7.12.5 $\theta$ коэффициентинин мааниси 0,3 төн ашпашы керек. Эгер эсептөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча $\theta$ коэффициентинин мааниси 0,3 төн ашса, анда имараттын конструктивдик схемасы кайра каралышы керек.

7.12.6 Жабдуунун сейсмикалык термелүүлөрүнө сезимтал болгон имараттар жана курулмалар үчүн, кошумча текшерүүлөр керек.

# 8 Бышыктыгына жана туруктуулугуна болгон эсептөө

8.1 Сейсмикалык таасирди эске алуу менен имараттарды жана курулуштарды эсептөө биринчи топтун чек абалы менен жүргүзүлөт. Технологиялык жана эксплуатациялык талаптардан келип чыккан учурларда, чек абалдын экинчи тобу боюнча эсептөө жүргүзүүгө тийиш.

8.2 Курулуш конструкцияларын бекемдикке жана туруктуулукка эсептөөдө башка ченемдерге ылайык кабыл алынуучу жумуш шарттарынын коэффициенттеринен тышкары 8.1-таблица боюнча кабыл алынуучу иштин шарттарынын коэффициентин $\gamma_\tau$ кошумча киргизүү керек. $\gamma_\tau$ коэффициентке конструкциянын тийиштүү материалынын эсептик каршылыгын көбөйтүшөт.

8.3 Арматуранын ширетилген бирикмелерин эсептөө учурунда, $\gamma_{S\tau}$ коэффициентинин маанисин төмөнкүлөр үчүн кабыл алынган коэффициентке көбөйтүү керек: догоо жана контакттык ширетүү үчүн – 0,9; ванна ширетүүсү үчүн – 0,8.

8.4 Конструктивдик системаны, оодарылып кетүүгө жана жылууга (сыймаланууга) анын туруктуулугун текшерүү учурунда катуу формасы калыптана элек тело катары кароого жол берилет.

Вертикалдык учурдан оодарылууга текшерүү учурунда кармап турууучу учур горизонталдык жүктөмдөн оодаруучу учурдан 1,5 коэффициент менен ашып турушу керек. Жылышууга текшерүү учурунда кармап турган горизонталдык күч 1,2 коэффициент менен учурдагы жылдыруучу күчтөн ашып турушу керек.

8.1-т а б л и ц а с ы – Жумуш шартынын коэффициентинин мааниси $\gamma_\tau$

| Конструкциялар | Коэффициенттин мааниси $\gamma_\tau$ | |
|---|---|---|
| | 18 кабатка чейин кошуп эсептөө менен | 18 кабаттан көп |
| 1 Болот:<br>С235, С245, С255 болоттон элементтер (МАМСТ 27772 келтирилген) | 1,3 | |
| башка болоттон элементтер<br>ширетилген бирикмелер | 1,2<br>1,0 | |
| болттуу бирикмелер (анын ичинде жогорку бекемдиктеги болттор жана бекитүүчү бирикмелер менен бириктирилген) | 1,1 | |
| 2 Өзөктүү жана зым арматуралуу темир-бетон (жантык кесилиштердин бекемдигин текшерүүдөн тышкары): | | |
| а) А240, А400С жана А500С класстарындагы арматуралуу оор бетондон, Вр-I (МАМСТ 34028 берилген) | 1,3 | 1,2 |
| б) ошондой эле, башка класстардагы арматуралуу | 1,2 | 1,1 |
| в) ошондой эле, бардык класстардагы арматуралуу жеңил бетондон | 1,2 | |
| г) бардык класстардагы арматуралуу уюлдуу бетондон | 1,0 | |
| 3 Жантык кесилиштердин бекемдиги боюнча текшерилүүчү темир-бетон: | | |
| а) көп кабаттуу имараттардын мамылары | 1,0 | 0,9 |
| б) башка элементтер | 1,0 | |

*8.1 – таблицасынын аягы*

| Конструкциялар | Коэффициенттин мааниси $\gamma_r$ | |
|---|---|---|
| | 18 кабатка чейин кошуп эсептөө менен | 18 кабаттан көп |
| 4 Таш, армоташ жана бетон: | | |
| а) борбордон тышкаркы кысууга эсептегенде | 1,2 | |
| б) жылдырууга жана чоюуга эсептегенде | 1,0 | |
| 5 Жыгач | 1,2 | |
| Туруктуулукка эсептегенде | | |
| 6 100дөн ашык ийкемдүүлүктөгү болот элементтери | 1,0 | 0,8 |
| 7 Ошондой эле, 20га чейинки ийкемдүүлүктө | 1,2 | 1,0 |
| 8 Ошондой эле, 20дан 100гө чейинки ийкемдүүлүктө | интерполяция боюнча 1,2ден 1,0гө чейин | |
| Э с к е р т ү ү – Жылытылбаган жайларда же ачык абада минус 40°С төмөн эсептик температурада эксплуатацияланууга тийиш болгон болот жана темир-бетон жүк көтөрүүчү конструкцияларды эсептөөдө $\gamma_\tau$ =0,9, колонналардын жантык кесилиштеринин бекемдигин текшерген учурларда $\gamma_\tau$ =0,8 кабыл алуу керек. | | |

# 9 Турак, коомдук, өндүрүштүк имараттар жана курулмалар

## 9.1 Долбоорлоонун негизги принциптери

9.1.1 Ушул норманын 9, 10 жана 11 бөлүмдөрүндө көргөзүлгөн имараттарды жана курулмалардын көлөмдүк-пландаштыруучу жана конструктивдик чечимдерине болгон талаптар жүктөмдөрдүн негизги жана өзгөчө айкалыштарына болгон эсептөө жыйынтыктарына жараша сакталышы керек.

9.1.2 Имараттардын конструктивдик-пландаштыруучу чечимдери тийиштүү критерийлерге ылайык келиши мүмкүн:

а) катуулук ядросу, көтөрүүчү дубалдар же колонналар сыяктуу горизонталдык жүктөмдөрдү кабыл алган бардык вертикалдык конструкциялар, имараттын пайдубалынан үстүнө чейин үзгүлтүксүз болуп саналышы керек, же, эгер бийиктиги боюнча ар кандай белгилерде урчуктар бар болсо, тийиштүү урчуктун үстүнө чейин болот:

Э с к е р т ү ү – Эгерде жер төлө же цоколь кабатында жер төлөнүн же цоколь кабатынын бийиктиги менен чектелген дубалдар болсо, анда ал дубалдарды имараттын пайдубал конструкциясынын бөлүгү катары карап, имараттын бийиктиги боюнча биринчи тепкичине (урчугуна) чейин жеткирүүгө жол берилбейт.

б) горизонталдык катуулуктар жана өзүнчө кабаттардын массалары туруктуу бойдон калышы керек же имараттын үстүнүнүн негизинен кескин өзгөрүүсүз калышы керек;

в) пландагы имараттардын өлчөмдөрүнүн шайкештиги К тиркемесинин К.2.1 г) же К.3.2 г) пункттарында көргөзүлгөн жобого шайкеш келиши керек.

г) пландагы имараттардын конфигурациясы (анын ичинде планда чыгып турган жана кирип турган участоктордун өлчөмдөрү) К тиркемесинин К.3.1 д) же К.3.2 пункттарында көргөзүлгөн жобого шайкеш келиши керек.

д) таш толтуруу менен рамалык каркастардан пландагы толтуруунун жайгашуусундагы регулярдуу эместик, ассиметрия же бирдей эместиктен качуу керек.

9.1.3 Пландагы имараттын антисейсмикалык шовдорунун ортосундагы кесиктердин өлчөмү 9.1-таблицада көргөзүлгөн мааниден ашпашы керек.

9.1.4 Имараттардын бийиктиги жана кабаттуулугу 9.2-таблицада көргөзүлгөн мааниден ашпашы керек.

Сейсмикалуулугу 8 балл болгон курулуш аянтчаларында мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин бийиктиги тиешелүүлүгүнө жараша беш жана төрт кабат менен чектелет.

Сейсмикалуулугу 9 жана 9 баллдан жогору болгон курулуш аянтчаларында мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин бийиктиги тиешелүүлүгүнө жараша үч жана эки кабат менен чектелет.

Эгерде функционалдык талаптар боюнча долбоорлонуп жаткан мектептин жана мектепке чейинки мекемелердин имаратынын кабаттуулугун көрсөтүлгөндөн ашыкча жогорулатуу зарылдыгы келип чыкса, сейсмикалык күч келүүлөрдү азайтуу үчүн сейсмикалык коргоонун атайын системаларын (сейсмоизоляция, демпфирлөө ж.б.) колдонуу керек.

Э с к е р т ү ү – Конструкциялардын бекемдигин жана/же алардын пластикалык деформацияга жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды гана камтыган атайын техникалык шарттардын болушу мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин долбоорлонуучу имараттарынын чектик бийиктиктерине карата ушул пункттун көрсөтмөлөрүнөн четтөө үчүн жетиштүү негиз болуп саналбайт.

9.1.5 Имараттардын чектеш участокторунун бийиктиги боюнча айырмаларын планда симметриялуу кабыл алуу керек. Имараттын (тилкенин) чектеш аймактарынын жабууларын, эреже катары, бир деңгээлде жайгаштыруу керек.

9.1.6 Имараттагы жогорку ийкемдүү кабаттарды орнотууга жол берилбейт. Имараттын жогорку кабатында чоң аралыгы менен зал тибиндеги имараттарды орнотуу учурунда жогорку кабаттын горизонталдык катуулугу төмөн жайгашкан кабаттын катуулугунан 70% кем эмесин түзүшү керек. Имараттан бийик турган жана имаратка салыштырмалуу көлөмү жана массасы аз болгон курулмаларды (желдетүүчү камералар, лифттердин машина жайлары ж.б.у.с.) ушул курулуш ченемдердин 7.10 бөлүмүн эске алып долбоорлоо керек.

9.1 т а б л и ц а с ы – Пландагы имараттын тилкелеринин өлчөмүнүн чек мааниси, м

| Курулуш аянтынын сейсмикалуулугу, балл | Узундугу (туурасы) боюнча өлчөмдөр, м | | |
|---|---|---|---|
| | Сейсмикалык касиеттери боюнча кыртыш шарттарынын типтери | | |
| | IА жана IБ | II | III |
| 7 | 150/80 | 150/80 | 96/80 |
| 8 | 96/80 | 96/80 | 72/60 |
| 9 | 96/60 | 72/60 | 60/60 |
| 9 дан ашык | 45/45 | 45/45 | 35/35 |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Санагычта металл же темир бетон каркас конструктивдик системаларынын жана монолиттик темир бетондон жасалган каркас конструктивдик системалары менен дубал конструктивдик системалары үчүн, ал эми бөлүүчүдө – башка конструктивдик системалар үчүн маалыматтар келтирилген.

2 8 жана андан жогорку балл сейсмикалуулук аянттарында курулуш үчүн долбоорлонгон бир кабаттуу каркастык имараттардын тилкелеринин чек өлчөмдөрүн максимум 30% га көбөйтүүгө жол берилет.

9.2 т а б л и ц а с ы – Имараттын бийиктигинин чеги

| Имараттын көтөрүүчү конструкциялары | Аянттык сейсмикалуулук учурунда бийиктиги, м (кабаттардын саны), балл менен | | | |
|---|---|---|---|---|
| | 7 | 8 | 9 | >9 |
| 1 Металл каркастар<br>а) рамалык байланыш жана байланыш<br>б) рамалык | <br>66 (20)<br>54 (16) | <br>58 (18)<br>42 (12) | <br>42 (12)<br>32 (9) | <br>16 (4)<br>9 (2) |
| 2 Темир бетон каркастар<br>а) рамалык байланыш жана байланыш<br>б) рамалык | <br>66 (20)<br>32 (9) | <br>58 (18)<br>25 (7) | <br>42 (12)<br>19 (5) | <br>16 (4)<br>7 (2) |
| 3 Дубалдуу имараттар<br>а) монолиттик<br>б) каркас-дубал<br>в) ири панелдүү | <br>75 (25)<br>66 (20)<br>54 (16) | <br>75 (25)<br>58 (18)<br>42 (12) | <br>42 (12)<br>42 (12)<br>32 (9) | <br>16 (4)<br>16 (4)<br>16 (4) |
| 4 Комплекстүү конструкциядан дубалдар менен имараттар | 21 (6) | 19 (5) | 16 (4) | 7 (2) |
| 5 Жыгач щит, брусчаткалуу, устундуу, сынч дубалдар | 13 (3) | 8 (2) | 8 (2) | 4 (1) |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Имараттын бийиктиги үчүн пландаштырылган жер үстүнүн орто деңгээлинин бийиктигинин жана эң жогорку кабаттын жабууларынын астынын (жогорку техникалык жана мансардалык кабаттарды эсепке албаганда) же керегелер конструкциясынын астынын айырмасы алынат.

2 53 метр жана андан бийик имараттардын жана курулуштардын конструктивдүү схемасы, ошондой эле сейсмикалуулук мүнөздөмөсү боюнча кыртыш шарттары III типтеги аянттарда имараттын бийиктиги 16 м ашса К тиркемесинин К.2.1 жана К.3.1 п.п. талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

9.1.7 Тышкы жана ички тосуучу дубалдар жана тосмолор төмөнкүлөрдөн аткарылышы мүмкүн:

а) имаратка болгон эсептик сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алууга катышпаган;

б) имаратка болгон эсептик сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алууга катышкан;

Толтурууну долбоорлоо боюнча талаптар:

– Сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алууга катышпагандар «Көтөрбөөчү дубалдар жана тосмолор» бөлүмүндө келтирилди;

– Сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алууга катышкандар «Темир бетон каркас имараттары» бөлүмүндө келтирилди.

9.1.8 Бир кабаттуу каркастык имараттардын планынын чегинде жайгашкан, киргизилген курулмалар, эреже болгондой, колонналардын жана имараттардын жабууларынан антисейсмикалык шовдор менен бөлүнгөн конструкцияларда аткарылышы керек.

9.1.9 Киргизилген курулмалардын көтөрүүчү конструкцияларын же ички кабатчаларды колдонуудагы каркастык имараттын конструкциялары менен бириктирүү учурунда, конструктивдик системаны өзгөртүү менен аткаруу керек.

9.1.10 Имараттарды жана курулмаларды долбоорлоо учурунда бийик жана оор жабдууларды имараттар менен курулмалардын көтөрүүчү конструкцияларына бекитүү эсеби менен текшерүү керек, ошондой эле бул учурда көтөрүүчү конструкцияларда келип чыккан сейсмикалык аракеттерди эске алуу керек.

9.1.11 Биринчи ийкемдүү кабаты менен имараттарды курууга тыюу салынат.

9.1.12 Сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алган көтөрүүчү арматураланбаган бетон конструкцияларды колдонууга жол берилбейт.

9.1.13 Курама темир бетон конструкцияларын колдонууда ири өлчөмдүү элементтерге артыкчылык берүү сунушталат. Кошулган жерлердин бирикмелери биригип жаткан элементтер менен бирдей бышык болушу керек жана максималдык аракеттин аймагынан тыш жайгашуусу зарыл. Кошулган жерлердин бирикмесинин конструктивдик чечими монтаждык иштердин сапаттуу аткарылышын камсыз кылышы керек.

9.1.14 Шарты III типтүү кыртыштык шарттары менен 9 баллдан жогорку сейсмикалуулугу менен аймактарга куруу учурунда, биринчи форма боюнча 0,5 с азыраак, биринчи форма боюнча термелүү мөөнөтү менен катуу имараттарга артыкчылык берүү сунушталат.

9.1.15 Мансардаларды долбоорлоо учурунда фронтондордун дубалынын туруктуулугу төмөн жайгашкан конструкциялар же сейсмоалкак жана жабуунун көтөрүүчү горизонталдык конструкциялары менен байланышкан каркастарды куруу менен камсыз кылынышы керек.

9.1.16 Майда дааналаган элементтерден жасалган чатыр конструкцияларында ар бир элементтин көтөрүүчү конструкцияга бекитилишин карап чыгуу керек.

9.1.17 Имараттардын жасалгасын жана капталышын жеңил материалдар менен жүргүзүү сунушталат.

9.1.18 Майда дааналаган материалдардан жасалган түтүн чыгуучу түтүктөр, морлор желдетүүчү каналдарды жана мештерди металл бурчунан жасалган жээк менен күчөтүү менен аткаруу керек.

9.1.19 Көтөрүүчү дубалдардын кесилишинде меш жана түтүн түзмөгүнө тыюу салынат.

9.1.20 Котелдордогу түтүн жүрүүчү түтүктөрдү болот же монолиттик темир бетондор менен долбоорлоо керек. Кыш түтүктөрүн колдонууга жол берилбейт.

9.1.21 Балкондорду аш дубалдары жана курама калкалары менен имараттардан чыгаруу (дубал огунан) 1,5 метрден ашпашы керек. Бардык башка конструкциялык схемаларда 3,0 м (огунан) узун консолдорго жол берилбейт.

## 9.2 Антисейсмикалык шовдор

9.2.1 Имаратты төмөнкү учурларда вертикалдык антисейсмикалык шовдор менен аткаруу керек:

– имарат планда жана/же бийиктиги боюнча татаал конфигурацияга ээ болсо;

– имараттын көлөмдүк-пландаштыруучу чечимдери 9.1.2 в) жана г) пункттарына шайкеш келбесе;

– пландагы имараттын өлчөмдөрү 9.1.3 пунктуна шайкеш келбесе.

9.2.2 Антисейсмикалык шовдор имаратты жана курулманы бүт бийиктиги боюнча бөлүшү керек. Температуралык жана жаан чачын шовдорун антисейсмикалык шовдору менен шайкештирүү керек.

Сейсмикалык касиеттери боюнча кыртыштык шарттарынын типтери менен курулуш аянттарында, пайдубалдарындардагы IA, IБ жана II антисейсмикалык шовдорду орнотпоо керек, эгер:

антисейсмикалык шовдор температуралык жана/же жаан чачындык шовдор менен дал келбесе;

имараттар (бөлүктөр) бир катарга жайгашса (бир горизонталдык ок боюнча) жана алардын пайдубалдарды бир деңгээлде аткарылса.

Кыртыштык шарттагы тиби менен курулуш аянттарында III антисейсмикалык шовдор имаратты же курулманы пайдабулдарын кошуп, бүт бийиктиги боюнча бөлүп турушу керек.

9.2.3 Антисейсмикалык шовдор жуп дубалдарды, жуп алкактарды же рамаларды жана дубалдарды куруу жолу менен аткарылат.

9.2.4 Имараттын же бөлүктөрдүн ортосундагы антисейсмикалык шовдун жазылыгын ушул норманын 7-бөлүгүнүн (7.31) туюнтмасынын жардамы менен саналган тийиштүү деңгээлде алардын эсептик горизонталдык жылууларынын суммардык маанисинен кем эмес кабыл алуу керек.

Антисейсмикалык шовдун жазылыгы (9.1) формуласы боюнча алынган имараттын туташ бөлүктөрүнүн термелүүлөрүнүн амплитудасынын суммасынан кем эмес болушу керек:

$$t>(f_1+f_2), \tag{9.1}$$

мында $f_1$ жана $f_2$ – имараттардын же бөлүктөрдүн максималдык эсептик жылуулары.

Имараттын 5 метрге чейинки бийиктиги учурунда антисейсмикалык шовдун жазылыгы, эсептөөлөрдүн жыйынтыгына карабай туруп, 30 мм дан кем болбошу керек. Көбүрөөк бийиктиктеги имараттар үчүн антисейсмикалык шовдун жазылыгынар бир 5 метр бийиктикке 20 мм ге көбөйтүп туруу керек.

Пайдубалдарды бөлүп турган антисейсмикалык шовдор (түркүк пайдубалдарынан башка), 10 мм жазылык менен кабыл алууга жол берилет.

9.2.5 Антисейсмикалык шовдун конструкциясы жана алардын толтурулушу жер титирөө учурунда туташ бөлүктөрдүн өз ара жылуусуна тоскоолдук кылбашы керек.

8 балл жана жогору болгон курулуш аянтында жайгашкан имараттарда туташ бөлүктөрдүн конструкцияларында эркин жаткан, пролеттук конструкциялардын жылдыруусунун эсебинен туташ бөлүктөрдүн өз ара кыймылынын мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга жол берилет.

9.2.6 Антисейсмикалык шовдун түзмөгү ичинде адамдардын туруктуу жашоосуна же узак убактытка болушуна багытталган имараттын ичинде коюуга жол берилбейт.

9.2.7 Имараттын бөлүктөрүнүн ортосундагы өтмө конструкциясы, туташ бөлүктөрдүн биринин элементтерине жакшылап бекитилген, консолдор же өтмөлөрдүн учтарынын ортосундагы эсептик шовдордун түзмөгү менен блокторду туташтыргандардан аткарылган эки консол түрүндө аткарылат. Алардын башка бөлүктүн элементтерине таянуу конструкциясы болуп элементтердин өз ара эсептик жылуусу менен камсыз кылынган, алардын сейсмикалык таасир учурунда талкалануу же уруу мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылган.

Антисейсмикалык шов аркылуу өтүү имараттар же курулмалардан эвакуациялоонун жалгыз жолу болуп саналышы керек.

### 9.3 Негиздер, пайдубалдар жана жер төлөнүн дубалдары

9.3.1 Имараттардын жана курулмалардын пайдубалдарын долбоорлоону негиздерди жана пайдубалдарды долбоорлоо боюнча ченемдин талаптарына ылайык аткаруу керек.

9.3.2 Имараттардын жана курулмалардын пайдубалдары аскалуу эмес кыртыштарга курулуп, эреже болгондой, бир деңгээлде каралууга тийиш.

Ар кандай белгилерде чектеш бөлүндөрдүн салынган учурда, тереңирээк бөлүгүнөн терең эмес бөлүгүнө өтүүнү тепкичтүү кылып аткаруу керек, мында бөлүндөрдүн чектеш бөлүктөрүнүн пайдубалдары тигиштен (шовдон) 1 метрден кем эмес узундукта бирдей тереңдетүүгө ээ болушу керек, ал эми осадок тигиш менен бөлүнгөн, түркүктөргө арналган айрым столба түрүндөгү пайдубалдар бир деңгээлде жайгашууга тийиш. Пайдубалдардын таман тепкичтеринин бийиктиги 0,6 м чейин кылып аткаруу сунушталат жана байланышкан грунт үчүн 1:2 чейин

(узундукка бийиктик) жана байланышпаган грунтка, терең салынган пайдубалдардан анча терең салынбаган пайдубалдарга өткөн жерлерде 1:3 чейин салуу сунушталат. Аскалуу грунттарда тепкичтерди жасабай коюуга жол берилет.

9.3.3 Пайдубалдардын таманын түптөө тереңдиги жердин пландаштырылган белгисине салыштырмалуу имараттын жер үстүндөгү бөлүгүнүн бийиктигинен 10% кем эмес жана грунттун тоңуучу тереңдигинен кем эмес тереңдикте кабыл алуу сунушталат.

Көп кабаттуу имараттардын жер төлө бөлүктөрүнүн коңторулууга туруктуулугун жогорулатуу үчүн чектеш курулмалардын конструкциялары менен бириктирүүгө жол берилет.

9.3.4 Монолит темир бетондон токулган ленталар же бүтүн темир бетон плиталар түрүндөгү имараттардын пайдубалдары (бир кабаттуу каркастуулардан тышкары) төмөнкүдөй кабыл алынууга тийиш:

– Сейсмикалуулугу 9 баллдан жогору болгон аянтчаларда;
– Жогорку кабаттуулуктагы (9 жана андан жогору);
– Сейсмикалуулук мүнөздөмөлөрү боюнча кыртыш шарттарынын III типтеги кыртышта.

Имараттардын бийиктиги 16 кабат жана андан жогору, ошондой эле сейсмикалык касиеттери боюнча жер кыртышынын шарттары III типке кирген топуректарда бийиктиги 4 кабат жана андан жогору болгон учурда темир-бетон плиталуу пайдубалдарды кабыл алуу керек.

4 кабаттуу жана андан жогору бийиктиктеги түркүк пайдубалдар үчүн бүтүн плитадан ростверк жасоо керек.

Жер төлөлөрдүн тышкы дубалдарын чогултулуучу монолит же темир бетондук монолит караштыруу керек.

9.3.5 Сейсмикалуулук 9 балл жана андан жогору болгон аянттарда же сейсмикалуулук мүнөздөмөлөрү боюнча кыртыш шарттарынын III тибиндеги бир кабаттуу каркас имараттардын пайдубалдары распорка аркылуу шарнир менен бириктирилген өзүнчө турган темир бетон катары кабыл алынышы мүмкүн. Мындай имараттардын полунун плиталарын төмөн жагынын деңгээлинде (же алардын жогору жагынын деңгээлинде столба түрүндөгү пайдубал менен) бириктирилген колонналар менен горизонталдык диафрагмалардын монолиттик темир бетон түрүндө аткаруу сунушталат. Полдун плиталарынын горизонталдык катуулугу сейсмикалык таасирлерде жер үстүндөгү курулманын столба түрүндөгү пайдубалынын бирге иштешин камсыздоо үчүн жеткиликтүү болушу керек.

9.3.6 Курама тасмалык пайдубалдардын үстү жагынан 100 дөн кем эмес аралашманын катмарын же болбосо B7,5 төмөн эмес классындагы бетонду 50 мм кем эмес калыңдыкта жана диаметри 10 мм болгон узата арматураны караштыруу керек, ал 7, 8 жана 9 балл эсептик сейсмикалуулук учурунда үч, төрт жана алты өзөктүү болуп кетет. Ар бир 300-400 мм аркылуу узата өзөктөр диаметри 6 мм болгон туура өзөктөр менен бириктирилет.

Жер төлөнүн дубалдарын тасма пайдубалдары менен конструктивдик байланышкан темир бетон панелдеринен аткарган учурда, аралашманын аталган катмарын жаткырууга мүмкүн эмес.

9.3.7 Ири бетон блоктон жасалган пайдубалдарды жана жер төлөнүн дубалдарын куруу учурунда ар бир катарда, ошондой эле бардык бурчтарда жана кесилиштерде блоктун бийиктигинин 1/3 кем эмес тереңдигинде коюунун байланышы камсыздалышы керек; фундаменталдык блокторду үзгүлтүксүз тасма катары колдонуу керек. Блоктордун ортосундагы шовдорду толтуруу үчүн 50 дөн кем эмес маркадагы цемент аралашмасын колдонуу керек.

Горизонталдык шовдордо жана жер төлөнүн дубалдарынын кесилишинде узата жаткан арматуранын жалпы кесилиш аянты 1 см$^2$ кем эмес 2м узундуктагы арматуралык торлорду жаткыруу керек.

Бетон блоктордун ортосундагы байланышты дубалдын жана монолиттик темир бетон байламталарынын бардык калыңдыгына кошулган вертикалдык темир бетондор менен жүргүзүүгө жол берилет, алардын бийиктиги дубалдын үстү боюнча 200 мм дан кем эмес. Вертикалдык темир бетон кошулмалар 4 метрден көп эмес терең дубалдарда, жер төлөнүн дубалдарынын кесилишинде орнотуу керек. Вертикалдык темир бетон кошулмалар монолиттик темир бетон байламтасы жана горизонталдык арматуралык торлор менен байланышта болушу керек.

9.3.8 Сейсмикалуулугу 7 жана 8 балл болгон аянтта жайгашкан, бийиктиги 3 кабатка чейинки имараттарда, жертөлөнүн дубалдарын коюу үчүн 25% га чейинки боштук менен колдонууга жол берилет.

9.3.9 Дубалдардагы горизонталдуу гидроизоляциялык катмарларды цемент аралашмасынан караштыруу керек.

9.3.10 Отургузуучу кыртыштарда курулуш жүргүзгөн учурда, алардын негиздеги отургузуучу касиеттерин четтетүүнү камсыз кылуу керек.

9.3.11 Бийиктиги 5 жана андан көп кабаттар үчүн жер төлө имараттарын орнотуу сунушталат. Жер төлөөлөрдү, эреже болгондой, бардык имараттын алдында (бөлүк менен) жайгаштыруу керек.

9.3.12 Бийиктиги 5 жана андан көп кабаттуу имараттардын жер төлөсүнүн дубалдарын (ири панелдүүдөн башка) монолиттик темир бетон менен кабыл алуу керек.

### 9.4 Жабуулар жана калкалар

9.4.1 Имараттардын жабуулары жана калкалары катуу жана горизонталдык тегиздикте болушу керек жана сейсмикалык таасир учурунда вертикалдык конструкциянын биргелешкен ишин камсыз кылышы керек.

9.4.2 Курама темир бетон жабууларынын жана калкаларынын катуулугу жана бышыктыгын төмөнкү жолдордун бири менен камсыз кылуу керек:

а) плиталардын ортосунда келип чыккан аракеттерди кабыл алуучу байланыштарды орнотуу;

б) жылдырылган жабуу плиталарынын ортосундагы шовдордо монолиттик темир бетон байламталарын орнотуу;

в) монолиттик темир бетон катмарларынын жабууларынын үстүнөн орнотуу.

9.4.3 Курама жабуулардын жана калкалардын плиталарынын каптал кырлары шпонкалуу же бодуракай бетке ээ болушу керек. Антисейсмикалык алкак менен бириктирүү үчүн жана каркас же дубал элементтери менен байланышуу үчүн плиталардан арматуралык чыгууларды же коймо деталдарды кароо керек.

9.4.4 Каркастык имараттардын ригелдеринин үстү боюнча орнотулган темир бетон байламталарын арматуралоо керек:

колонналардын ортодогу катарлары боюнча – жалпак каркастар менен;

колонналардын четки катарлары боюнча – мейкиндик каркастар менен;

9.4.5 Темир бетон каркастык имараттарынын катуулук ядросу жана диафрагмалары менен кабат ортосундагы жабуулар жана калкаларды монолиттик темир бетондон жасоо керек. Катуулук ядросу жана диафрагмалары менен жабуулардын бирикмелери конструктивдик системанын бардык вертикалдык элементтеринин биргелешкен ишин камсыз кылышы керек.

9.4.6 Ригелдердин үстү боюнча көп боштуктуу плиталарга таянган учурда, акыркыларда 400 мм көп эмес кадам жана диаметр менен арматуранын вертикалдык чыгуулары түрүндө байланыштар каралган:

7 жана 8 балл сейсмикалуу аймактарда – 12 мм;

9 жана андан жогорку балл сейсмикалуу аянттарда – 16 мм.

9.4.7 Болот фермалар менен жабууларда жеңил чатырды колдонуу сунушталат. Болот конструкциялар боюнча курама темир бетон плиталарын колдонууга жол берилбейт.

9.4.8 Болот профилденген төшөлмөнү же пластмассанын же фанеранын атайын түрлөрүн колдонуу менен даярдалган профилденген, толкундуу же жалпак листтерди колдонуу менен аткарылган жабуулардын катуулугу, сейсмикалык эсептик жүктөмдөрдүн аракет алдында келип чыккан аракеттерди кабыл алууга эсептелген горизонталдык байланыштын системаларын орнотуунун эсебинен камсыз кылуу сунушталат.

9.4.9 Болот профилденген төшөлмөнү прогондорго же устундуу конструкциялардын үстүңкү алкактарына бекитүү өзү кесүүчү болттор менен толкун аркылуу, ал эми төшөлмөнүн чекесине ар бир толкунга бурап бекитүү сунушталат. Профилденген төшөлмөнүн листтери өз ара бекиткичтер менен бектилет, алардын ар бир кадамы 250 мм дан ашпашы керек.

9.4.10 Жабуу плиталарынын жана калкалардын таянуу участокторунун узундугу төмөнкүдөн кем эмес кабыл алынат:

- комплекстүү конструкциянын дубалына – 120 мм;
- темир бетон жана бетон дубалдарына, болот жана темир бетон устундарына (ригелдерге) эки жагынан таянган учурда – 90 мм;
- контуру же үч жагы боюнча таянган учурда – 60 мм.

Устундардын таянуучу бөлүгү имараттардын көтөрүүчү конструкцияларында ишенимдүү бекитилүүгө тийиш.

9.4.11 Монолиттик темир бетондон турган көтөрүүчү дубалдары менен имараттар үчүн монолиттик, курама монолиттик же курама жабууларды колдонушу мүмкүн.

Монолиттик жана курама монолиттик жабууларды кесилген темир бетон плита түрүндө долбоорлоо сунушталат. Курама жабууларды жалпак же көп боштуктуу темир бетон жабуу плиталарынан аткарууга жол берилет, алар 9.4.2 б), в) пункттарында көргөзүлгөн конструктивдик иш чаралардын жардамы менен биргелешип иштөө үчүн бириктирилет. Жыгач жабууларды колдонуу жыгач көтөрүүчү конструкциялары менен имараттарда жол берилет, ошондой эле комплекстүү конструкциянын көтөрүүчү дубалдары менен бир кабаттуу имараттарга коюлса болот.

Жыгач жабууларынын (калкалардын) устундарын антисейсмикалык алкактарга бекитип, алардын үстүнө диагоналдык төшөлмө салуу керек. Диагоналдык төшөлмөнүн доскаларын жабуулардын (калкалардын) үстүнөн жана алдынан орнотуу керек.

## 9.5 Тепкичтер

9.5.1 Тепкич аянттары жана лифт шахталарын эреже болгондой, имараттын (бөлүктүн) планынын чегинде жайгаштыруу керек.

9.5.2 Имараттын планынын чегинде жайгашкан тепкич клеткалары бар реконструкцияланган имараттарда, кошумча тепкич аянттары жана лифт шахталарын орнотуу имараттын планынын чегинен тышкары орнотуугажол берилет, бирок аны менен конструктивдик байланышып турат.

9.5.3 Имараттын ар бир бөлүгүндө бирден кем эмес тепкич аянты болушу керек. Тепкич аянтынын конструкциялары имараттын көтөрүп туруучу тутумуна кириши керек. Имараттын көтөрүп туруучу элементтери менен конструкциялык байланыш бар болгон учурда, өзүнчө турган курулма түрүндө негизги тепкич аянтына кошумча тепкич аянтын орнотууга уруксат берилет. Адамдар туруктуу болууга арналбаган жогорку кабаттарында жайлары менен 3

кабатка чейин бийиктиктеги жалпы аянты 150 м$^2$ ашпаган, кошулган бөлүктөр үчүн тепкич клеткасын орнотпоого жол берилет.

9.5.4 Ишке катышпаган, толтуруу менен каркастык имараттын тепкич клеткалары жана лифт шахталарын катуулук ядролору түрүндө орнотуу сунушталат, алар сейсмикалык жүктөмдү кабыл алат, же каркастын катуулугуна таасир этпеген кабаттагы кесилиши менен киргизилген конструкция түрүндө кабыл алынат.

Курама тепкич марштарынын конструкциялары жана алардын имараттардын көтөрүүчү элементтерине бекитүү түйүндөрү, туташ жабуулардын горизонталдык өз ара айкалышына тоскоол болбошу керек. Бул учурда тепкич марштары бир учунан жакшы бекитилиши керек, ал эми экинчи учунун таянуу конструкциясы, анын кулап кетүүсүнө жол бербей, таканчыкка салыштырмалуу эркин жылышын камсыз кылууга тийиш.

Эки учунан жабуу менен байланышкан тепкич марштарынын конструкциясын колдонууга жол берилет, бул учурда тепкич марштарынын конструкциясын колдонууга жол берилет, бул учурда тепкич марштарынын жана аларды бекитүүчү түйүндөрдүн көтөрүп туруучу жөндөмдүүлүгү жабуулардын өз ара жылышуусунда пайда болгон жүктөмдөрдү кабыл алууга эсептелиши керек.

9.5.5 Тепкичтерди монолиттик темир бетондон, өз ара ширетүүнүн жардамы менен бириктирилген ири курама темир бетон элементтеринен караштыруу керек. Металл же темир бетон косоур конструкцияларын колдонуу менен, ширетүүнүн жардамы менен же косоур болтторунда бекитилген шартта топтом тепкичтери менен, аянттары менен жана косоуру менен колдонууга жол берилет.

9.5.6 Кабат ортосундагы тепкич аянттары жана алардын устундарын дубалга киргизүү керек. Комплекстүү конструкциялардан жасалган дубалдардагы имараттарда тепкич аянттары жана алардын устундарын 250 мм кем эмес тереңдикке киргизип, анкерлөө керек. Кабат ортосундагы жабуулардын деңгээлинде жайгаштырылган тепкич аянттары антисейсмикалык алкактар менен бекем бекитилиши керек же түз эле калкаларга бекитилет.

Таш коюуга бекитилген консолдук тепкичтер түзмөгүнө жол берилбейт.

9.5.7 Тепкич клеткаларынын конструкциясы жана бекитүү түйүндөрү өзгөчө кырдаал режиминде эвакуация учурунда тепкичтерди коопсуз колдонуу шартын камсыз кылышы керек.

### 9.6 Көтөрбөөчү дубалдар жана тосмолор

9.6.1 Көтөрбөөчү дубалдар жана тосмолорду (мындан ары, башкасы айтылбаса – көтөрбөөчү дубал конструкциялары) жеңил, панелдик же каркастык конструкция менен аткаруу сунушталат.

9.6.2 Көтөрбөөчү дубал конструкцияларынын жана имараттын көтөрүүчү конструкцияларынын ортосундагы бирикмелер төмөнкүдөй аткарылышы мүмкүн:

сейсмикалык таасир учурунда көтөрүүчү жана көтөрбөөчү конструкциялардын өзүнчө ишин камсыз кылбаган;

сейсмикалык таасир учурунда көтөрүүчү жана көтөрбөөчү конструкциялардын өзүнчө ишин камсыз кылган.

9.6.3 Көтөрбөөчү жана көтөрүүчү конструкциялардын өзүнчө ишин камсыз кылган бирикмелерди, кабаттардын горизонталдык кыйшыктарынын эсептик маанилери (7.29) формуласы боюнча аныкталган $d_{rs}$ маанисинен ашпашы керек.

9.6.4 Көтөрбөөчү жана көтөрүүчү конструкциялардын (асма дубалдардан башка) өзүнчө ишин камсыз кылуу үчүн:

а) көтөрбөөчү жана көтөрүүчү конструкциялардын ортосунда вертикалдык жылчыктарды кароо керек, алардын туурасы эсептөө менен аныкталат жана кабатка ылайык келген $d_{rs}$ кыйшыгынын максималдуу чоңдугу боюнча кабыл алынат, бирок 30 мм кем эмес;

б) көтөрбөөчү дубал конструкциясынын үстү менен төмөнкү жабуунун үстүртөн элементтеринин ортосундагы туурасы 20 мм ден ашпаган горизонталдык жылчыктардын жабууларын жана калкаларын кароо;

в) көтөрбөөчү жана көтөрүүчү конструкциялардын ортосундагы бекитүү элементтерин аткаруу, бул көтөрбөөчү конструкциялардын тегиздигиндеги өз ара горизонталдык жылууларга тоскоол болбошу керек;

г) көтөрбөөчү жана көтөрүүчү конструкциялардын ортосундагы вертикалдык жана горизонталдык жылчыктарды пороизол, гернит, пенололиуретан ж.б. чоюлчаак материалдар менен толтуруу.

Тегиздиктеги көтөрүүчү эмес конструкциялардын туруктуулугун камсыз кылган бекиткичтер катуу болушу керек.

9.6.5 Көтөрбөөчү дубал конструкциялары, көтөрүүчү дубалдар, колонналар, ал эми узундугу 3,0 м ашкан учурда жабуулар менен да бекитилет.

Тийиштүү эсептик же эксперименталдык негиздөө учурунда, каркастык конструкциянын тосуучу дубалдары жана тосмолорун жабууларга же колонналарга гана (дубалдарга) бекитүү керек.

9.6.6 Көтөрбөөчү конструкцияларды көтөрүүчү темир бетон конструкцияларына бекитүүнү коюлган буюмдарга же коймо элементтерге ширетилген, ошондой эле анкердик болттор же өзөктөр менен бекитилген бириктирүүчү элементтер тарабынан караштыруу керек. Болот конструкцияларга бириктирүүчү элементтер ширетүү менен бекитүү сунушталат.

Көтөрбөөчү конструкциялардын көтөрүүчү конструкцияларга дюбелдер менен аттырып бириктирүүгө жол берилбейт.

9.6.7 Кыш (таш) менен коюлган конструкцияда көтөрбөөчү дубал конструкцияларын сейсмикалуулугу 8 балл райондордо 8-кабатты кошуп, сейсмикалуулугу 9 балл райондордо бешинчи кабатка чейин эсептөөлөрдүн жыйынтыгына ылайык жана 9.6.7.1 – 9.6.7.5 пункттарынын жоболорун сактоо менен караштыруу керек

9.6.7.1 Көтөрбөөчү дубал конструкцияларынын кыш (таш) менен коюлган дубалдар үчүн төмөнкү материалдарды жана буюмдарды колдонуга жол берилет:

бүтүн күйгүзүлгөн кыш же ичи бош 50 жана андан жогорку маркадагы, 32 % дан көп эмес боштугу менен кыштар;

32% дан көп эмес боштугу менен, 75 маркадагы керамикалык таштар;

туташ бетон таштар жана B3,5 жана жогорку класстагы оор бетондон майда блоктор; туташ бетон таштар жана B2,5 жана жогорку класстагы жеңил бетондон майда блоктор;

B7,5 жана андан жогорку класстагы оор жана жеңил бетондордон жасалган ичи бош бетон таштар жана майда блоктор.

Көтөрбөөчү дубал конструкцияларын коюу жайкы шартта 25 тен төмөн эмес, ал эми кыш шартында – 50 дөн төмөн эмес маркадагы аралаш цемент аралашмада аткарылышы керек.

Жеңил бетондон жасалган блокторду коюу атайын клейде аткарылат, ал 9.6.7.2 пункттун талаптарын аткарууну камсыз кылышы керек.

9.6.7.2 Кыш (таш) коюунун байланбаган шовдор боюнча октук чоюлууга убактылуу каршылыктын мааниси (нормалдуу биригүүсү – $R_{nt}$), көтөрүүчү эмес дубалдар үчүн 1,2 кгс/см$^2$ кем эмес болушу керек.

9.6.7.3 Кыш (таш) менен кыналган көтөрүп турбаган дубал конструкцияларда эсептик сейсмикалуулугу 7, 8 баллдык аянттар үчүн бийиктиги 700 мм аралыктан аз эмес, 9 балл жана

андан жогорку аянттар үчүн 500 мм аралыктан аз эмес горизонталдуу арматура торлору менен кыноону караштыруу керек. Эсеп менен аныкталган горизонталдуу арматура торлорду тигишинде 0,2 см$^2$ кем эмес узатасынан кеткен чыбыктардын туурасынан кеткен жалпы кесилишин кабыл алуу керек.

9.6.7.4 Көтөрбөөчү дубал конструкцияларынын кыш (таш) коюусун 9.6.7.3 пунктунда каралган горизонталдык арматуралоого толуктоо катары, вертикалдык темир бетон кошулмалары менен бекемдөө керек (жазылыгы 120 мм дан кем эмес), о.э. металл түркүктөр (эсептөө боюнча аныкталган кесилиш) же кум-цемент аралашмасынын катмарында эки жактуу арматуралык тор менен бекитүү керек, ал эми кабаты 5 тен жогору болгон имараттарда – штукатурка катмарында сөзсүз түрдө эки жактуу арматура торлорун темир бетон же металл кошулмалары менен орнотуу керек.

Вертикалдык темир бетон кошулмаларынын жана металл түркүктөрүнүн кадамын эсептөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча кабыл алуу керек, бирок, 7 жана 8 балл курулуш аянтыгынын сейсмикалуулук учурунда 3 метрден, 9 жана 9 баллдан жогорку сейсмикалуулук учурунда- 2 м көп эмес.

Тосмолордогу эшик оюктары үчүн темир бетон же металл алкак караштыруу керек.

9.6.7.5 Кыш (таш) коюунун аралашмасынын катмарынын калыңдыгы, аны эки тараптуу арматуралык тор менен күчөтүү убагында, 20 мм кем эмес, ал эми аралашманын маркасын - 50 кем эмес кабыл алуу керек. Арматураланган аралашма катмары коюу менен ишенимдүү бекитилиши керек.

9.6.8 Кыш (таш) коюудагы өзү көтөрүүчү дубалдар дубал бойлогон каркастын горизонталдык жылуусуна тоскоолдук кылбаган каркас менен ийкем байланышта болушу керек.

9.6.9 Кыш (таш) менен коюлган өзү көтөрүүчү дубалдардын бүт узундугу боюнча, жабуулардын (калкалардын) жабуу плиталарынын деңгээлинде имараттын каркасы менен ийкемдүү байланышта бириктирилген антисейсмикалык алкактар каралышы керек. Каптал жана узата дубалдары бириккен жерлерде дубалдын бүт узундугу боюнча антисейсмикалык шовдор салынышы керек.

9.6.10 Өзү көтөрүүчү дубал конструкцияларынын жана алардын бекитүүлөрүнүн бышыктыгын, 7.10.3 пунктуна ылайык аткарылган эсептөө менен жүргүзүү керек. Өзү көтөрүүчү дубалдардын тегиздигинде аракет кылган сейсмикалык күчтөр дубалдардын өздөрү тарабынан кабыл алынышы керек.

9.6.11 Кыш (таш) дубалдарынын парапети 1,5 метрден көп эмес кадам менен жайгашкан темир бетон кошулмалары менен күчөтүлүшү керек, алар горизонталдык байламта менен бекемдетилет.

## 9.7 Каркастык имараттар

9.7.1 Имараттардын каркастарын долбоорлоо учурунда төмөнкү конструктивдик системаларды колдонуу керек:

колоннасы менен ригелдердин кошулуусунун (туура жана узата) бардык катуу түйүндөрү менен рамалык;

рамалык-байланыштыруучу;

байланыштыруучу;

каркастык-дубалдык.

9.7.2. Бир кабаттуу имараттардын каркастары төмөнкү конструктивдик схемалар боюнча долбоорлоно алат:

– айкалышкан, анда имараттын бир багытында рамалык схема, экинчисинде - байланыштыруучу схема кабыл алынат;

– пайдубалдарда жана шарнирдик туташкан стропилалык конструкциялар менен бекитилген түркүк түрүндө;

– пайдубал менен шарнирдик туташкан мейкиндиктеги рамалык конструкциялар түрүндө.

9.7.3 Каркастык имараттардын конструктивдик схемаларын тандоо учурунда, артыкчылыкты пластикалуулук аймактары биринчи кезекте каркастын горизонталдык элементтеринде (ригелдерде, устундарда) келип чыгышы мүмкүн болгон схемалар сунушталат.

9.7.4 Каркастык имараттарда катуулук диафрагмалары бийиктиги боюнча үзгүлтүксүз болушу керек. Диафрагмаларды катуулук менен имараттын бийиктиги боюнча азайтуу менен орнотууга жол берилет (диафрагмалардын калыңдыгынын азайуусунун же үстүңкү кабаттагы алардын санынын азайышынын эсебинен).

Имараттын ар бир багытында ар кайсы вертикалдык тегиздикте жайгашкан, эки катуулук диафрагмаларынан кем эмес орнотулушу керек. Узата жана туура багыттагы диафрагмаларды мейкиндик элементтерине бириктирүү максаттуу болмок.

9.7.5 Катуулук ядролору менен каркастык имараттарда акыркысын имараттын борбордук окторуна карата симметриялуу жайгаштыруу керек.

9 жана 9 баллдан көп сейсмикалуулугу менен аянттар үчүн катуулук ядролорунун санын имараттын ар бир бөлүгүнө экиден кем эмес катары кабыл алуу керек. Катуулуктун бир ядросуна, эгер анын пландагы аянты кабаттын аянтынан 25% көбүн түзгөн учурда жол берилет.

9.7.6 Рамалык-байланыштуу каркастык имараттарды жана байланыштуу конструктивдик системаларды эсептөө жабуулардын ийкемдүүлүгүн эске алуу менен аткаруу керек.

9.7.7 Ригелдердин жана колонналардын ванналык ширетүүдөгү арматуралык чыгууларынын бириккен жерлери колоннанын четинен $1{,}5h$ кем эмес алынып кетиши керек, мында $h$ – ригелдин бийиктиги.

9.7.8 Интенсивдүүлүгү 9 жана 9 баллдан ашык сейсмикалуулугу менен аянттарда курулган, бийиктиги үч же андан көп кабат болгон курама каркастарда, ригелдердин колонна менен консолсуз курамаларын колдонуу сунушталбайт.

9.7.9 Тосуучу көтөрбөөчү дубалдарды жана вертикалдык катуулук түзмөктөрү жок каркас имараттарынын тосмолорун жеңилдетилген ири өлчөмдөгү панелдерден же сейсмикалык таасир учурунда каркастардын деформацияланышына жол берген жана алардын ишине катышпаган, башка жеңил конструкциялык элементтерден куруу керек.

Каркастын ишине катышпаган толтурууну 9.6 «Көтөрбөөчү дубалдар жана тосмолор» бөлүмүнүн жоболоруна ылайык долбоорлоо керек.

9.7.10 Каркастын ишине катышкан толтуруулар катуулуктун вертикалдык диафрагмасы катары эсептелет жана конструкцияланат. Бул учурда имараттын каркасы имаратка болгон жалпы горизонталдык сейсмикалык эсептик жүктөмдөн 25% кем эмес түзүүчү болгон, сейсмикалык жүктөмдөргө эсептелиши керек.

Каркастын ишине катышкан, толтуруу кышынын (таштын) өзгөчөлүгү жана материалдары 9.10 «Комплекстүү конструкциялардан жасалган дубалдары менен имараттар» бөлүмүнүн талаптарына ылайык келиши керек.

9.7.11 Каркастардын элементтерин, ошондой эле катуулук ядролорун жана диафрагмаларды конструкциялоо учурунда, бул бөлүмдүн талаптарынан тышкары, ушул ченемдин 10 жана 11 бөлүмдөрүнүн жоболорун эске алуу керек.

9.7.12 Интенсивдүүлүгү 9 жана андан көп балл сейсмикалуулуктагы аймактарда 24 метрден ашык пролет менен темир бетон стропила конструкцияларын колдонууга жол берилбейт.

## 9.8 Ири панелдүү имараттар

9.8.1 Ири панелдүү имараттарды узата жана туура көтөрүүчү дубалдары менен долбоорлоо керек, алар өз ара жана жабуулары менен сейсмикалык жүктөмдү кабыл алган, бирдиктүү мейкиндик системасын түзүп турат.

9.8.2 Туура дубалдардын 3,6 метрге чейинки кадамы менен ири панелдүү имараттарда, анын ичинде дубалдардын жана жабуулардын панелдеринде, бөлмөгө болгон өлчөмдү карап чыгуу керек (конструктивдик-пландаштыруучу ячейка). Туура дубалдардын 3,6 метрден көп болгон кадамы менен ири панелдүү имараттарда бөлмөнүн бир бөлүмүнө болгон өлчөмдү карап чыгуу керек (конструктивдик-пландаштыруучу ячейка).

9.8.3 Ири панелдүү имараттардагы панелдердин бириккен жерлерин, тышкы жана ички дубалдардын кошулган панелдеринин бодурланган кырлары тарабынан түзүлгөн кудукчалар түрүндө орнотуу керек, аларга вертикалдык арматура орнотулат жана дубал панелдеринен урчуктар ширетилет. Вертикалдык жана горизонталдык кошулган жерлер В 20 классынан кем болбошу керек.

9.8.4 Дубалдар бүт узундугу жана бийиктиги боюнча үзгүлтүксүз болушу керек. Эшик жана терезе оюктарынын жайгашуусунун кабаттагы өзгөрүүсүнө жол берилет, бирок оюктардын жалпы аянтынын 20% көп эмес.

9.8.5 Панелдердин чүркө беттери арматуралык чыгууларды жана шпонкалар үчүн чуңкурларды камтышы керек.

9.8.6 Жабуу панелдери ар бир кырына бойлой жабуу же дубалдардын кошуна панелдери менен байланышуу үчүн экиден кем эмес байланышына ээ болушу керек.

9.8.7 Жабуулардын имараттын тышкы дубалдарына жана температуралык шовдордун жанындагы дубалдарда такалган убагында, дубал панелдеринин вертикалдык арматурасы менен жабуу панелдеринен турган арматуранын урчуктарынын бирикмелерин кароо зарыл.

9.8.8 Горизонталдык кошулган жерлер боюнча тоскоолдук кылган жылышуу байланышы катары бетон шпонкаларын же металл катуу чыгууларды кабыл алуу керек. Ошол шартта жылышуу байланышынын саны бир дубалга 2 ден кем болбоосу керек.

9.8.9 9 баллдан жогорку сейсмикалуулугу менен аянттарда кошулган деталдарды ширетүү жолу менен панелдерди бириктирүүгө жол берилбейт.

9.8.10 Дубалдардын бир катмарлуу панелдеринин калыңдыгын төмөнкүдөн кем эмес кабыл алуу керек:

дубалдардын туура панелдери – 120 мм;

узата көтөрүүчү дубалдын ичи менен – 160 мм.

9.8.11 Дубалдын панелдерди арматуралоону мейкиндик каркастары менен же ширетүүчү торлор менен аткаруу керек.

9.8.12 Дубалдардын кесилишкен жерлеринде имараттын бүт бийиктиги боюнча үзгүлтүксүз болгон вертикалдык арматура жайгашуусу керек. Аталган арматуранын туура кесилишинин аянты эсеп боюнча аныкталышы керек, бирок 2 см$^2$ кем болбошу керек жана төмөнкүлөрдү орнотушу керек:

дубалдардын кесилишкен жеринде;

дубалдын узундугун 0,1-0,2 участокторундагы дубалдардын чүркөсүндөгү аймактарда;

эшик жана терезе оюктарынын кырлары боюнча.

Эсептөө боюнча талап кылынган узата арматуранын 35% кем эмесин түздөн түз панелдерге жайгаштыруу керек.

Дубалдардын кесилишкен жеринде вертикалдык арматуранын эсептик санынын 65% көп эмесин жайгаштырууга жол берилет.

9.8.13 Вертикалдык боштуктарында монолиттенген, үзгүлтүксүз вертикалдык арматураны жайгаштыруу учурунда, панелдердин ортосунда панелдин бетону менен монолиттенген бетондун деформацияланышынын шайкештигин камсыз кылган конструктивдик иш чараларды карап чыгуу керек (панелдин бийиктиги боюнча бөлүштүрүлгөн шпонкалар; кошулган жерди кесип өткөн горизонталдык арматура).

9.8.14 Панелдердин ортосундагы вертикалдык жана горизонталдык шовдордун жылышуусунун зарыл болгон саны эсеп боюнча аныкталышы керек.

9.8.15 Кошулган жерлердин конструктивдик чечими эсептик жылдыруучу жана тартуучу аракеттердин кабыл алынышын камсыз кылышы керек.

Панелдердин ортосундагы вертикалдуу кошулган жерлердин металл байланыштарынын кесилиши кошулган жердин 1 погондук метрине 1 см$^2$ кем болбошу керек.

Арматуралык байланыштар кошулган жердин узата арматурасын камтышы керек. Вертикалдуу кошулуулардын байланыш диаметри 10 мм кем эмес кабыл алынышы керек.

Дубалдардын горизонталдык кошулган жерлери шпонкалуу бирикмелерди монтаждоо учурунда монолиттенген түрдө орнотуу керек. Дубал панелдеринин арматуралык чыгуулары өз ара жана жабуу панелдеринин чыгуулары менен ширетилип байланышып турушу керек. Горизонталдык кошулган жерлердеги арматуранын диаметри 12 мм кем болбоосу зарыл.

9.8.16 Дубал жана жубуу панелдер үчүн бетондун кысуу бекемдигинин классы В15 тен кем болбоосу зарыл.

9.8.17 Дубал панелдериндеги эшик, терезелердин ортосундагы дубал узундугу 500 мм ден кем болбойт.

9.8.18 Бүтүн жабуу панелдерди ширетилген арматуралык торчо менен же эки багытта кеткен өзүнчө арматуралар менен, жабуунун үстүнкү жана алдынкы кырлары менен арматураланат. Арматуранын кесилиш аянты эсеп менен аныкталат, мында арматуранын кадамы 200 мм ден көп эмес болуп, чыбыктардын диаметри плиталардын жогорку жана төмөнкү кырлары боюнча 5 мм жана 8 мм ден кем эмес болууга тийиш.

9.8.19 Дубалдардагы туташтырууларды узатасынан кеткен арматура менен симметриялуу кылып армирлөө керек, армирлөө анкеровканын тереңдигине тирөөчтүн аркасына киргизилиши керек, бирок 50 см кем эмес киргизилүүгө тийиш, тирөөчкө жакын зонада туурасынан кеткен чыбыктардын максималдуу кадамын туташтыруунун пролётунун 1/4 ине 100 мм ден көп эмес кабыл алуу керек.

Туташтыруулардын арматура каркасын дубал панелинин арматурасынын бирдиктүү мейкиндүү блогуна кошуу керек.

## 9.9 Монолиттик темир бетондон жасалган көтөрүүчү дубалдары менен имараттар

9.9.1 Монолиттик темир бетондон жасалган имараттарды узата жана туура дубалдар менен долбоорлоо керек, алар бирдиктүү мейкиндик системасына бириктирилиши керек.

Монолиттик темир бетондон жасалган көтөрүүчү дубалдары менен имараттарды кайчылаш-дубал конструктивдик схемаларын колдонуу менен долбоорлоо сунушталат.

Кабаттары 9,5,3 жана 1 жогору, тышкы дубалдары сейсмикалык жүктөмдү кабыл алууга катышпаган имараттарда, курулуш аянттарынын сейсмикалуулугу 7,8,9 жана 9 баллдан жогору болгон учурда экиден кем эмес ички узата дубалдарды кароо керек. Туурасынан кеткен

дубалдардын кадамын курулуш аянттарынын сейсмикалуулугу 7,8 балл болсо 7,2 м ашырбай жана 4,2 м курулуш аянттарынын сейсмикалуулугу 9 же андан жогору балл болгон учурда кабыл алуу керек. Көтөрүүчү дубалдарда туурасы 2400 мм ашпаган оюктарды орнотууга жол берилет.

9.9.2 Ушул ченемдердин 9.4.11 пунктунун талаптарына ылайык, монолиттик темир бетондон турган көтөрүүчү дубалдары менен имараттар үчүн монолиттик, курама монолиттик же курама жабууларды колдонушу мүмкүн.

9.9.3 Монолиттик темир бетондон жасалган көтөрүүчү дубалдары менен көп кабаттуу имараттарды долбоорлоо учурунда дубалдардын өзгөрмө калыңдыгынын дайындалышынын жана ар кандай класстагы бетонду колдонуунун эсебинен бийиктиги боюнча көтөрүүчү дубалдарды аймакташтырууну колдонууга жол берилет.

Көтөрүүчү монолиттик дубалдардын калыңдыгын эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча дайындоо керек, бирок 200 мм кем эмес.

9.9.4 Көтөрүүчү монолиттик дубалдарды оор, жеңил жана ячейкалуу бетондон аткаруу керек. Кысылууга болгон бышыктыгы боюнча бетондордун талап кылынган классын эсептөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча кабыл алуу керек, бирок кем эмес:

оор жана жеңил бетондон аткарылган дубалдар үчүн – B15;

ячейкалуу бетондон аткарылган дубалдар үчүн – B3,5.

9.9.5 Монолиттик темир бетон дубалдарды арматуралоону эсептөөнүн жыйынтыгы боюнча жана конструктивдик талаптар боюнча аткаруу керек.

Монолиттик темир бетон дубалдарды арматуралоо өзүнө төмөнкүлөрдү камтышы керек:

– дубалдардын чүркө кырларынын вертикалдык арматурасын, оюктардын кырларын жана дубалдардын кесилишкен жерлерин (перифериялык арматура);

– дубалдардын талаасындагы горизонталдык, вертикалдык же жантайма арматура (талаа арматурасы);

– вертикалдык дубалдардын кошулмасындагы горизонталдык же жантайма арматурасы;

– жабуулары менен дубалдардын горизонталдык, вертикалдык же жантайма арматурасы;

– туташтыргычтагы горизонталдык, вертикалдык же жантайма арматурасы;

9.9.6 Дубалдардын перифериялык участокторун арматуралоону дубалдын узундугунан 0,15 жана дубалдын калыңдыгынан 1,5 кем эмес аралыкта жайгашкан, мейкиндик вертикалдык каркастары менен караштыруу керек.

Перифериялык участоктордун вертикалдык каркастарынын узата арматурасын 8 мм кем эмес диаметр менен өзөктү кабыл алуу керек.

Перифериялык аймактардын арматуралык каркастарынын камыттарын токуп же туюк аткаруу керек. Мейкиндик каркастарынын камыттарынын диаметри 6 мм дан кем эмес болушу керек.

9.9.7 Дубалдардын талаа арматурасы жалпак вертикалдык каркастардан жасалган арматуралык блоктор менен караштыруу керек, алар горизонталдык өзөктөр менен бириктирилет.

Вертикалдык каркастарды 400 мм көп эмес кадам менен орнотуу керек. Вертикалдык каркастарынын узата арматурасын 6 мм кем эмес диаметр менен өзөктү кабыл алуу керек. Диаметри 4 ммкем эмес, 500 мм көп эмес кадамы менен туура арматураны.

Горизонталдык өзөктөрдү диаметри 8 мм кем эмес, 400 мм көп эмес кадамы менен орнотуп, кабыл алуу керек. Горизонталдык өзөктөр перифериялык арматуралоо аймагында анкерленген болушу керек.

9.9.8 Перифериялык жана талаа арматуралоонун вертикалдык каркастарынын узата арматурасынын кошулган жерлерин жабуу плиталарынан 500 мм кем эмес бийиктикте аткаруу керек.

9.9.9 Дубалдардын кесилишкен жерлеринде горизонталдык арматураны жайгаштыруу керек, анын кесилиш аянты эсептөө боюнча кабыл алынат, бирок кошулган жердин 1 метр узундугуна 2 $см^2$ кем эмес.

9.9.10 Монолиттик бетондон жасалган көтөрүүчү дубалдары менен имараттын дубалдарында орнотулган өзөктүк арматуранын баарынан чоң диаметри төмөндөгүдөн ашпашы керек:

Классы B15 жана андан жогору оор жана жеңил бетон үчүн – дубалдын 0,2 калыңдыгы жана 32 мм;

Ячейкалуу бетон үчүн – 16 мм.

9.9.11 Темир бетон дубалдарын конструкциялоо учурунда, бул бөлүмдүн талаптарынан тышкары, 10-бөлүмдүн жоболорун эске алуу керек.

## 9.10 Комплекстүү конструкциянын дубалдары менен имараттар

9.10.1 Комплекстүү конструкциянын кыш (таш) менен коюлган дубалдары төмөнкүдөй ыкмалардын бири менен күчөтүлгөн конструкцияда болушу мүмкүн:

а) монолиттик темир бетон вертикалдык жана горизонталдык линейлүү элементтер менен (мындан ары– темир бетон кошулмалары менен) жана коюунун горизонталдык шовдорунда коюлган арматурадан торлор менен;

б) B7,5 төмөн эмес класстагы торкретбетон катмарындагы арматурадан арматуралык вертикалдык торлор менен же 100 дөн кем эмес маркадагы цемент-кум аралашмасынын катмарында;

в) темир бетон катмарында ички коюуну орнотуу менен (үч катмарлуу таштуу-монолиттик коюу).

Кыштан (таштан) кыналган дубалдардын жер титирөөгө туруктуулугун жогорулатуу үчүн, эксперименталдык жактан негизделген учурда, башка ыкмаларды да колдонууга жол берилет.

9.10.2 Көтөрүүчү дубалдардын кыш коюусу үчүн төмөнкүлөрдүн колдонуу керек:

– бүтүн күйгүзүлгөн кыш 100 жана андан жогорку маркадагы кыштар;

– 100 дөн төмөн эмес маркадагы керамикалык таштар;

– B 3,5 төмөн эмес класстагы оор жана жеңил бетондордон жасалган туташ бетон таштар жана майда блоктор.

Коюу үчүн 50 дөн кем эмес маркадагы аралашманы колдонуу керек.

9.10.3 Көтөрүүчү жана өзүн көтөрүүчү дубалдарды коюуда табигый материалдардан алынган туура формадагы таштардан жана майда блокторду колдонуу (ракушечниктер, аки таштар, тоо таштары, кум таштар), аны менен бирге ичи бош бетон таштарын жана блокторун, күйгүзүлбөгөн технологияны колдонуу менен B 3,5 тен төмөн класстагы ячейкалуу бетондон жасалган туташ блокторду колдонуу ушул ченемдерди өнүктүрүүдө иштелип чыккан ченемдик документтер боюнча ишке ашырылышы керек.

9.10.4 Күйгүзүлгөн кышты же горизонталдык (коюунун төшөлмөсүнө параллель) боштуктары менен керамикалык таштарды комплекстүү конструкциянын дубалдары бар имараттарда колдонууга жол берилбейт.

9.10.5 Байланбаган шовдор боюнча октук чоюлууга убактылуу каршылыктын мааниси (нормалдуу биригүүсү $R_{nt}$), көтөрүүчү жана өзүн көтөрүүчү дубалдар үчүн $R_{nt}$ > 120 кПа (1,2 кгс/см$^2$) кем эмес болушу керек.

Коюунун нормалдуу биригишин жогорулатуу үчүн атайын кошулмалары менен аралашманы колдонуу керек.

9.10.6 Коюунун эсептик каршылыктарынын мааниси $R_t$ (октук тартылуу), $R_{sq}$ (кесик) жана $R_{tb}$ (бурулуш учурунда тартылуу) байлоочу шовдор боюнча таш жана арма таш конструкцияларын долбоорлоо боюнча курулуш ченемдеринин көрсөтмөлөрүнө ылайык кабыл алуу керек, ал эми байланбаган шовдор курулуш аянтында жүргүзүлгөн сыноолордун жыйынтыгында алынган чоңдукка жараша төмөнкү (9.4) $R_{nt}$ формуласы боюнча аныктоо керек:

$$R_t = 0{,}45 R_{nt},$$
$$R_{sq} = 0{,}7 R_{nt}, \qquad (9.4)$$
$$R_{tb} = 0{,}8 R_{nt}.$$

Маанилер кыш же таш боюнча коюунун бузулушу учурунда алынган тийиштүү $R_t$, $R_{sq}$, $R_{tb}$ маанилерден ашпашы керек.

9.10.7 Талап кылынган $R_{nt}$ маанисин, курулуш аянтында кыш (таш) коюудагы сыноолордун жыйынтыгына жараша долбоордо көргөзүлүшү керек.

Курулуш аянтында 120 кПа (1,2 кгс/см$^2$) барабар болгон же ашкан $R_{nt}$ маанисин алууга мүмкүн болбогон учурда, көтөрүүчү жана өзү көтөрүүчү дубалдарды орнотуу үчүн кыш же таш коюуну колдонууга жол берилбейт.

9.10.8 Имараттарды тургузуу учурунда, коюунун факты жүзүндөгү нормалдык биригүү чоңдугун аныктоо үчүн, контролдук сыноолорду жүргүзүү керек. Көтөрүүчү жана өзүн көтөрүүчү кыш (таш) дубалдары менен имараттарды көтөрүүгө, коюуну контролдук сыноо жүргүзбөй туруп, мүмкүн эмес.

9.10.9 Вертикалдык жана горизонталдык темир бетон кошулмалары жана арматурадан жасалган торлор менен күчөтүлгөн дубал түрүндө, комплекстүү конструкцияларды торкретбетон катмарында же цементтүү-кумдуу аралашманын катмарында долбоорлоо учурунда ( 9.10.1а) кара):

– вертикалдык темир бетон кошулмалар пайдубал, темир бетон антисейсмикалык алкактар жана монолиттик темир бетон жабуулары менен байланышта болушу керек;

– вертикалдык темир бетон кошулмалардын болжолдонгон жайгашуусу - терезе жана эшик оюктары боюнча, дубалдардын кошулган жерлеринде, терезе, эшиктердин ортосундагы дубалдардын чүркөлөрүндө, дубалдардын кадам менен туюк участокторунда, кабаттын бийиктигин ашпаган аймактарда;

– вертикалдык темир бетон кошулмалары алардын бийиктиги боюнча ар бир 500 мм болгон 6 мм диаметрдеги эки өзөк менен кыш коюунун байланышып турушу керек;

– вертикалдык темир бетон кошулмасынын минималдык туура кесилиши – 120x250 мм; арматуралоо – диаметри 12 мм болгон эки өзөк;

– темир бетон кошулмалардын бетону В15 классынан төмөн болбошу керек.

Комплекстүү конструкцияны коюудагы темир бетон кошулмалары жок дегенде бир тарабынан ачык болушу керек.

Дубалдардын жана антисейсмикалык алкактардын горизонталдык арматурасын вертикалдык темир бетон кошулмалары аркылуу өткөрүү керек.

9.10.10 Арматурадан жасалган торлор менен күчөтүлгөн кыштан (таштан) кыналган дубалдарды торкретбетон катмарында же цементтүү-кумдуу аралашманын катмарында долбоорлоо учурунда (9.10.1б) кара):

– торлор, эреже боюнча, дубалдын эки жагынан тең орнотулат.

– бетондун же аралашманын катмарынын калыңдыгы дубалдын эки жагында тең 40 мм дан кем болбошу керек;

– дубалдарга арматуралык тордун бекитилиши диаметри 6 мм кем эмес арматурадан жасалган анкер менен аткарылат, алар 600 мм көп эмес кадам менен шахматтык тартипте орнотулат.

Дубалдарды торкретбетон менен күчөткөн учурда, бетондун же аралашманын коюу катмары менен жакшы бекитилишин камсыз кылган технологиялык иш чараларды карашы керек.

9.10.11 Үч катмарлуу таш-монолит дубалдарда (9.10.1 в) ны кара):

– ички көтөрүүчү темир бетон катмар В10 төмөн эмес класстагы бетондон аткарылышы керек жана 100 мм кем эмес калыңдыкта болушу керек;

– таш-монолит коюунун тышкы катмарлары (кыш) өз ара горизонталдык арматура менен байланышта болушу керек, ал 600 мм кем эмес кадам менен орнотулат жана бетондун ички катмары аркылуу өткөрүлөт.

9.10.12 Көтөрүп туруучу дубалдардын чектешкен жерлеринде бийиктиги боюнча 7 жана 8 балл сейсмикалуулук учурунда узундугу 700 мм сайын 150 см ден кем эмес жана узата арматуранын кесилишинин суммардык аянты 1 см$^2$ кем эмес болгон жана сейсмикалуулугу 9 жана 9 баллдан жогору болгон учурда – 500 мм сайын кыноого арматура торлору жаткырылышы керек.

9.10.13 Комплекстүү конструкциянын имараттары менен жабуулардын жана кайра жабуулардын деңгээлинде, бардык туура жана узата көтөрүүчү дубалдары боюнча үзгүлтүксүз арматуралоо менен монолиттик темир бетондон антисейсмикалык алкактар караштырылышы керек.

Монолиттик жабуулар менен имараттарда, дубалдарга контуру боюнча жаткырылып, антисейсмикалык алкактар жабуулардын деңгээлинде караштырбай коюуга жол берилет. Бул учурда, кыш дубалдарга такалып турган монолиттик темир бетон жабууларынын жана калкаларынын бөлүктөрүнүн узундугу 250 мм кем эмес болушу керек.

9.10.14 Антисейсмикалык алкак калканын таканчыгы үчүн аймакка ээ болушу керек жана дубалдын бардык жазылыгына орнотулушу керек. Курама жабуулардын таканчыгы кыш дубалдарга түздөн-түз отургузулбоосу керек. Калыңдыгы 510 мм жана андан көпболгон тышкы дубалдарда алкактын жазылыгы дубалдын калыңдыгынан 150 мм ге чейинки чоңдукка азыраак болушу керек. Алкактын бийиктиги 150 мм кем эмес, бетондун классы В12, 5 тен кем эмес болушу керек. Антисейсмикалык алкактар диаметри 12 мм кем эмес диаметри менен 4 өзөктөн турган А400С, А500С жана А500СП (МАМСТ 34028 ылайык) класстагы узата арматура менен мейкиндик каркастары менен арматураланат.

9.10.15 Кыштан кыналган, 9.10.1 а), б) жана в) п. ылайык күчөтүлгөн дубалдары бар имараттардын бийиктигин 7,8,9 жана 9 баллдан жогорку сейсмикалуулук учурунда кабыл алууга жол берилет, ага ылайык кабаттар 5,0; 4,5; 4,0 жана 3,0 метр болот. Бул учурда кабаттын бийиктигинин дубалдын калыңдыгына болгон катнашы 12 көп эмес болушу керек.

9.10.16 Комплекстүү конструкциянын дубалдары менен имараттарда, тышкы узата дубалдардан башка, ички узата дубалдан кем эмес болушу керек, ал тышкы чүркө жана ички туура дубалдар менен байланышып турат. Тепкич аянтчаларынын туура көтөрүүчү дубалдары имараттын бүт туурасы боюнча өтүшү керек.

9.10.17 Туура дубалдардын окторунун ортосундагы же алардын ордун алмаштыруучу рамалардын ортосундагы аралык эсептөө менен текшерилиши керек жана курулуш аянтынын сейсмикалуулук учурунда: 7 балл – 15 м; 8 балл – 12 м; 9 балл – 9 м; 9 баллдан жогору– 6 м болуп, шайкеш келиши керек.

9.10.18 Кыш дубалдардагы эшик жана терезе оюктарынын темир бетон курчамы болушу керек.

9.10.19 Дубалдардын участоктору жана бийиктиги 400 мм болгон чатыр калкасынын үстүндө арматураланышы керек же антисейсмикалык алкактар менен анкерленген, монолиттик темир бетон кошулмалары менен күчөтүлүшү керек.

9.10.20 Кыш менен коюлган мамыларды, колонналарды, түркүктөрдү аткарууга жол берилбейт. Зарыл болгон учурда, күчөтүү керек болгон шартта темир бетон же металл элементтер менен күчөтүүгө уруксат берилет.

9.10.21 Туташтыргычтарды да дубалдын бүт жазылыгына караштыруу керек жана коюлган дубалга 350 мм терендикке киргизип жаткырууну караштыруу керек.

9.10.22 Туташтыргычтардын курама устундарын колдонууга жол берилбейт.

9.10.23 Сейсмикалык таасир этүүгө эсептөөдө эске алынуучу, каптал беттеринде жайгашкан темир-бетон кошулмалардын көтөрүмдүүлүгү жүктөмдөрдүн негизги айкалышына кесилиштерди эсептөөдө эске алынбашы керек.

9.10.24 Көтөрүүчү дубалдары менен имараттарда көбүрөөк бош аянт керек болгон биринчи кабаттарды темир бетон конструкцияларынан аткаруу керек.

## 10 Темир-бетон конструкцияларды долбоорлоонун өзгөчөлүктөрү

10.1 Темир-бетон конструкцияларынын элементтерин долбоорлоону бетон, темир-бетон жана болот конструкцияларды долбоорлоо боюнча ченемдердин талаптарына ылайык жана ушул ченемдердин кошумча талаптарын эске алуу менен аткаруу керек.

Вертикалдуу көтөрүүчү темир бетон конструкциялуу имараттардын – колонналарында, пилондорунда, дубалдарында жана катуулук ядролорунда – кысууга бышыктыгы боюнча оор бетондорду төмөнкүлөрдөн кем эмес колдонуу керек:

В25 – бийиктиги 60 м чейин имараттар үчүн (кошуп);

В30 – бийикти 60тан 75 м чейин имараттар үчүн.

Жабууларда кысууга бышыктуулугу боюнча В25 кем эмес класстагы оор бетондорду колдонуу керек.

10.2 Темир-бетон дубалдарда жана ийкемсиздик диафрагмасындагы вертикалдуу жана горизонталдуу арматуранын кесилиш аянты түзүшү керек:

периферийлык участоктордо – бетондун кесилиш аянтынын 0,2 % кем эмес жана 4 % көп эмес;

талаа участокторунда – бетондун кесилиш аянтынын 0,1 % кем эмес жана 4 %дан көп эмес.

10.3 Көп кабаттуу каркастуу имараттардын (алкактык, алкак-байланыштык, байланыштык жана башка) темир-бетон колонналарында узунунан кеткен арматуранын туурасынан кеткен кесилишинин аянтын эсептөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча, бирок төмөндөгүлөрдөн кем эмес кабыл алуу керек:

курулуш аянтчасынын сейсмикалуулугу 7 жана 8 балл болгондо – колоннанын туурасынан кеткен кесилиш аянтынын 0,8 %;

курулуш аянтчасынын сейсмикалуулугу 9 жана 9 баллдан жогору болгондо – колоннанын туурасынан кеткен кесилиш аянтынын 1,2 %.

10.4 Каркастуу имараттардын темир-бетон колонналарында узунунан кеткен арматуранын туурасынан кеткен кесилишинин жалпы аянты колонналардын туурасынан кеткен кесилиш аянтынын 4% ашпашы керек.

10.5 Борбордон тышкаркы кысылган жана ийилген элементтерде каамыттардын кадамын эсеп менен караштыруу керек, бирок 400 мм көп эмес жана 12*d* көп эмес, мында *d* – узунунан кеткен кысылган өзөктөрдүн эң кичине диаметри, эсеп боюнча жана аралыкта коюлушу керек.

Узунунан кеткен арматуранын кесилиш аянты 3% жогору болгон борбордон тышкары кысылган элементтерде каамыттарды 8*d* көп эмес жана 250 мм көп эмес аралыкта орнотуу керек.

10.6 Байланыштуу схемалар боюнча долбоорлонгондон тышкары каркастуу имараттардын колонналарында орнотулуучу каамыттардын кадамы 1/2*h*, ал эми байланыштуу схемалар боюнча долбоорлонгон каркастуу имараттардын колонналарында– 3/4*h* ашпашы керек, мында *h* –колоннанын туурасынан кеткен кесилиш тарабынын эң кичине өлчөмү.

Каамыттардын диаметрин 8 мм кем эмес деп кабыл алуу керек.

10.7 Темир-бетон алкактардын катуу түйүндөрү 100 мм көп эмес кадам менен орнотулган ширетилген торлор, спиралдар же туюк каамыттар менен бекемделиши керек.

10.8 Алкактардын катуу түйүндөрүнө (анын ичинде пайдубалга) туташкан ригелдердин жана колонналардын участоктору, алардын кесилишинин бир жарым бийиктигине барабар аралыкта эсеп боюнча, бирок 100 мм көп эмес кадам менен орнотулуучу туюк туурасынан кеткен арматура (каамыт) менен армирлениши керек. Биринчи каамыт түйүндүн кырынан 50 мм көп эмес аралыкта жайгашуусу керек.

10.9 Узунунан кеткен арматуранын диаметри 22 мм жана андан чоң болгондо, дубалдардын жана ийкемсиздик диафрагмаларынын периферриялык участокторунун узунунан кеткен арматураларын, ошондой эле колонналардын жана ригелдердин узунунан кеткен арматураларын бириктирүүнү ванналык ширетүү менен аткаруу керек.

10.10 Дубалдарда, колонналарда жана ригелдерде узунунан кеткен арматураны ашташтырып бириктирүү үчүн тиешелүү эксперименталдык негиздемелерде механикалык ашташтырып бириктирүүнү колдонууга жол берилет (пресстелген муфта, сайлуу муфталар ж.б. менен бекитүү).

10.11 Жумушчу арматураны бириктирүү (ширетүү менен же ширетүүсүз) бетон жана темир-бетон конструкцияларды долбоорлоо боюнча ченемдер тиешелүү жоболорун сактоо менен туш-тушка таратылып жайгашуусу керек.

10.12 Дубалдарда жана ийкемсиздик диафрагмаларында арматураны кайра өткөрүүнүн минималдуу узундугу, аны ширетүүсүз учун кайрып бириктирүүдө, курулуштун жер титиребеген шарттары үчүн талап кылынган маанилерден 25% га көп болушу керек.

10.13 Ширетүүсүз учун кайрып бириктирилген ригелдердин арматураларын кайра өткөрүү зоналарында каамыттардын кадам *h*/4 көп эмес болушу керек, мында *h* – ригелдин бийиктиги.

10.14 Ийилген каамыттардын учтары узунунан кеткен арматураны айлана ийилип жана каамыттын 6*d* жана андан жогору, бирок 8 см кем эмес узундугунда кесилиш тереңдигине киргизилиши керек.

10.15 Алдын ала-чыңалтылган темир-бетон конструкцияларды долбоорлоодо төмөндөгү талаптарды караштыруу зарыл:

кесилиштердин бекемдиги алардын жараңкага туруштуулугунан 25% кем эмес жогору болушу керек;

узунунан кеткен түйүлгөн арматура бетон менен илишүүгө ээ болушу керек;

диаметри 28 мм жана андан жогору болгон түйүлгөн өзөктүү арматура учтарында анкердик түзүлүштөргө ээ болушу керек;

Чоң пролеттуу жана жооптуу ийилген конструкциялар үчүн, ошондой эле каркастуу имараттардын колонналары үчүн аралаш армирлөө сунушталат.

Алдын ала чыңалтылган конструкцияларда 2% кем эмес айрылууда салыштырмалуу узартылган арматураны колдонууга жол берилбейт.

10.16 Арматураны бетонго керүү менен алдын ала чыңалтылган конструкцияларда бекемдиги боюнча эсептөө менен (биринчи топтун чектүү абалы) орнотулган түйүлгөн арматураны бекемдиги конструкциянын бетонунун бекемдигинен төмөн эмес бетон же эритме менен монолиттенген жабык каналдарда жайгаштыруу керек.

Экинчи топтун чектүү абалы боюнча эсеп менен кошумча орнотулган түйүлгөн арматура катары бетон менен илишүүсүз жабык түтүктөрдө жайгаштырылган арматура арканды пайдаланууга жол берилет.

10.17 Ийилген жана борбордон тышкары кысылган элементтердин нормалдуу кесилиштерин бекемдикке карата эсептөөдө бетондун кысылган зонасынын чектүү салыштырмалуу бийиктигинин маанилерин $\xi_R$ төмөндөгү эсептик сейсмикалуулукка барабар болгон: 7 балл – 0,85; 8 балл – 0,70; 9 жана андан жогору балл – 0,50 коэффициентке көбөйтүлгөн, бетон жана темир-бетон конструкцияларына карата колдонуудагы ченемдик документтер боюнча кабыл алуу керек.

Э с к е р т ү ү – Тилкелик эмес деформациялык моделдин негизинде нормалдуу кесилиштердин бекемдигин эсептөөдө $\xi_R$ мүнөздөмөсү колдонулбайт.

10.18 Түйүлбөгөн жумушчу арматура катары негизинен А500С жана А500СП классындагы ширетилген арматураны пайдалануу сунушталат. А600, В500 класстарындагы жана 25Г2С маркасынын А400 классындагы арматураларды колдонууга жол берилет.

10.19 Темир-бетон конструкциялардын көтөрмө элементтеринде догоо ширетүүсү менен бекитилген өзүнчө өзөктөрдү, ширетилген торлорду жана каркастарды, ошондой эле 35ГС маркасындагы А400 классындагы арматура болотунан жасалган түптөмө деталдардын анкердик өзөктөрдүн колдонууга жол берилбейт.

10.20 Түйүлгөн арматура катары негизинен А800 жана А1000 класстарындагы өзөктүү ысык тоголотулган же термомеханикалык бекемделген арматураны, Вр1400, В1500 жана В1600 класстарындагы турукташтырылган арматура зымын жана К1500 жана К1600 класстарындагы жети зымдуу турукташтырылган арматура аркандарын пайдалануу сунушталат.

10.21 Максималдуу чыңалтууда $\delta_{max}$ 2,5% кем эмес толук салыштырмалуу узартууга ээ болгон, түйүлгөн дагы, алдын ала чыңалтуусуз арматура прокатын, ошондой эле В500 классындагы арматура зымын жумушчу арматура катары пайдаланууга жол берилбейт.

10.22 Сейсмикалуулугу 8, 9 жана 9 баллдан жогорку болгон аянтчаларда В500С классындагы арматура прокатын колдонууда максималдуу чыңалтууда узартуу $\delta_{max}(A_{gt})$ 5,0% кем эмес же салыштырмалуу тегиз узартуу $\delta_p$ 4,5% кем эмес, ал эми $\sigma_в/\sigma_{0,2} \geq 1{,}08$ кем эмес болушу керек.

## 11 Болот конструкцияларды долбоорлоонун өзгөчөлүктөрү

11.1 Ригелде, диафрагмаларда, колонналардын таяныч траверстеринде болот каркастарды долбоорлоодо белгилүү участокторду кароо, ал эми болот байланыштарда – эсептиктен жогору болгон сейсмикалык жүктөрдө ийкемдүү эмес деформациянын өнүгүшү мүмкүн болгон шарттарда иштөө үчүн арналган атайын конструктивдик элементтерди кароо сунушталат.

Ийкемдүү пластикалык баскычта иштеген элементтер үчүн көмүртектин курамы төмөн болгон кадимки сапаттагы пластикалык көмүртектүү болот жана 20% кем эмес салыштырмалуу узартуу менен төмөнкү маңыздалган болот колдонулушу керек.

Болот конструкциялардын элементтеринде пластикалык деформациялардын өнүгүү участоктору ширетип жана бурап бириктирүүлөрдүн чегинен чыгарылышы керек.

11.2 Көп кабаттуу имараттардын алкак каркастарынын болот колонналарын негизги окко карата тең туруктуу туюк коробкалуу кесилиштерди, ал эми алкактык-байланыштуу каркастар үчүн – эки жагы тең кырдуу кесилиштерди долбоорлоо сунушталат.

Каркастардын колонналарынын аштaшкан жерин алкактын түйүндөрүнөн жеткирүү сунушталат. Ригелдердин курларынын деңгээлинде алкактуу каркастардын колонналарында диафрагмалар орнотулушу керек. Болот конструкциялардын элементтеринде пластикалык деформациялардын өнүгүү зоналары ширетип жана бурап бекитүүлөрдүн чегинен чыгарылышы керек.

Каркастардын болот ригелдерин прокаттык же ширетилүүчү эки жагы тең кырдуу болот менен жасоо сунушталат. Алкактуу каркастардын ригелдеринин таяныч кесилиштерин текчелердин туурасын чоңойтуунун же вуттарды орнотуунун аркасында өнүктүрүү сунушталат.

11.3 Колонналарда ийкемсиздик кырларын ригелдер колонналарга туташкан жерлерде орнотуу керек.

11.4 Имараттардын болот байланыштарында атайын конструктивдик элементтерди – энергияны жуткучтарды (шакектүү, түтүктүү, фрикциондук ж.б.) кароого жол берилет, аларда эсептиктен жогору болгон күчтөрдө пластикалык деформация өнүгүшү мүмкүн.

11.5 Туурасынан кеткен багыттагы алкактар жана узунунан кеткен колонналар боюнча вертикалдуу байланыштары менен бир кабаттуу өндүрүштүк имараттарды долбоорлоодо, вертикалдуу байланыштарды имараттын колонналарынын ар бир узунунан кеткен катары боюнча жайгаштыруу керек.

11.6 Жабуунун жана анын элементтеринин мейкиндиктик ийкемсиздигин жана туруктуулугун камсыздоо үчүн жогорку жана төмөнкү курлардын көңдөйүндө, ошондой эле вертикалдуу көңдөйлөрдө жабуунун көтөрмө конструкцияларынын (фермалардын) ортосундагы байланыштар системасын кароо керек.

11.7 Жабуу плиталарынын (калканын) жана болот ригелдердин ортосундагы горизонталдуу бириктирилген жерлерде чоюу жана жылышуу күчтөрүн кабыл алган байланыштарды кароо керек.

## 12 Транспорттук курулмалар

### 12.1 Жалпы жоболор

12.1.1 Ушул бөлүмдүн көрсөтмөлөрү сейсмикалуулугу 7 жана андан көп балл болгон райондордон өткөн I-IV категориядагы темир жолдорду, I-IV категориядагы автомобиль

жолдорун, IIIп жана IVп категориядагы тездик менен жүрүүчү шаар жолдорун жана магистралдык көчөлөрдү долбоорлоого жайылтылат.

Э с к е р т ү ү – Транспорттук багыттагы өндүрүштүк, көмөкчү, кампа жана башка имараттарды ушул ченемдердин талаптарынын көрсөтмөлөрү боюнча долбоорлоо керек.

12.1.2 Бөлүм менен эсептик сейсмикалуулугу 7 жана андан жогору балл болгон транспорттук курулмаларды долбоорлоого карата атайын талаптарды белгилейт. Транспорттук курулмалар үчүн эсептик сейсмикалуулук 12.1.3 пунктунун көрсөтмөлөрү боюнча аныкталат.

12.1.3 Узундугу 500 метрден ашкан тоннелдердин жана көпүрөлөрдүн долбоорлорун долбоорду бекитүүчү уюм менен макулдашуу боюнча белгиленген эсептик сейсмикалуулукка жараша, атайын инженердик-сейсмологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарын эсепке алуу менен иштеп чыгуу керек.

Бардык категориядагы темир жана автомобиль жолдорундагы, ошондой эле тездик менен жүрүүчү шаар жолдорундагы жана магистралдык көчөлөрдөгү тоннелдер, көпүрөлөр жана башка жасалма курулмалар үчүн эсептик сейсмикалуулук курулуш аянтчаларынын сейсмикалуулугуна барабар кабыл алынат.

Э с к е р т ү ү – Тоннелдерди, көпүрөлөрдү жана башка жасалма жол курулмаларын куруу аянтчасынын сейсмикалуулугун, ошондой эле кырдалган топуракты жана чуңкурларды куруу аянтчаларынын сейсмикалуулугун, эреже болгондой, 12.1.4 пунктта берилген кошумча талаптарды эске алуу менен 6.2 таблица боюнча жалпы инженердик-геологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтарынын негизинде аныктоо керек.

12.1.4 Өзгөчө инженердик-геологиялык шарттары бар аянтчаларда (рельефи жана геологиясы татаал аянтчалар, дарыя нуктары жана жээктери, жер астындагы иштетүүлөр ж.б.) тургузулуучу транспорттук курулмаларды куруу үчүн изилдөөлөрдө жана бул курулмаларды долбоорлоодо 30% га чейин кумдуу-чополуу толуктагычты камтыган магмалык, кубулма жана тунма породалардан турган ири жаракалуу азыраак нымдуу кыртыштарды, ошондой эле сууга каныккан тыгыз жана орточо тыгыздыктагы шагылдуу кумдарды сейсмикалык касиеттери боюнча II типтеги кыртыштарга (6.1-таблицага толуктама); көпшөктүк коэффициенти чопо үчүн $e < 0{,}9$ жана чополуу жана топурактуу кыртыш үчүн $e < 0{,}7$ болгондо консистенциясынын көрсөткүчтү $I_L \leq 0{,}5$ болгон чополуу кыртыштарды III типтеги кыртыштарга киргизүү керек.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Тоннелдерди куруу аянтчаларынын сейсмикалуулугун тоннель түптөлгөн кыртыштын сейсмикалык касиеттерине жараша аныктоо керек.

2 Тайыз түптөлгөн пайдубалы менен көпүрөлөрдүн таянычтарын жана тирегич дубалдарды куруу аянтчаларынын сейсмикалуулугун пайдубалды түптөө белгилеринде жайгашкан кыртыштын сейсмикалык касиеттерине жараша аныктоо керек.

3 Терең түптөлгөн пайдубалы менен көпүрөлөрдүн таянычын куруу аянтчаларынын сейсмикалуулугун, эреже болгондой, кыртыштын табигый бетинен тартып, ал эми кыртышты кесүүдө – кескенден кийинки кыртыштын бетинен тартып эсептөө менен жогорку 10 метр катмардагы кыртыштын сейсмикалык касиеттерине жараша аныктоо керек. Курулманы эсептөөдө пайдубал менен кесилүүчү кыртыштын массасынын инерция күчү эске алынган учурларда курулуш аянтчасынын сейсмикалуулугу пайдубалды түптөө белгилеринде жайгашкан кыртыштын сейсмикалык касиеттерине жараша аныкталат.

4 Кырдалган топуракты жана кырдалган топурак астында түтүктөрдү куруу аянтчаларынын сейсмикалуулугун кырдалган негиздеменин жогорку 10 метр катмарынын кыртышынын сейсмикалык касиеттерине жараша аныктоо керек.

5 Чуңкурларды куруу аянтчаларынын сейсмикалуулугун чуңкурдун боорунун контурунан тартып эсептөө менен, 10 метр катмардагы кыртыштын сейсмикалык касиеттерине жараша аныктоого жол берилет.

### 12.2 Жолдорду трассалоо

12.2.1 Жолдорду трассалоодо, эреже болгондой, инженердик-геологиялык жактан өтө жагымсыз участокторду, атап айтканда урап кетиши, жер көчүшү жана кар көчкү түшүүсү мүмкүн болгон зоналарды айланып өтүү керек.

12.2.2 Жантайманын тиктиги 1:1,5 жогору болгон аскалуу эмес кыяларда жолдорду трассалоого атайын инженерлик-геологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде гана жол берилет. Тиктиги 1:1 жана андан жогору болгон аскалуу эмес кыяларда жолдорду трассалоого тиешелүү техникалык-экономикалык негиздеме болгондо жана архитектура жана курулуш боюнча мамлекеттик органдын уруксаты менен артыкчылыктуу учурларда гана жол берилет.

### 12.3 Жер тилкеси жана жолдун жогорку түзүлүшү

12.3.1 Кырдалган топурактын бийиктиги (чуңкурдун тереңдиги) 4 метрден жогору болгондо аскалуу эмес кыртыштан турган жер полотносунун боорлорун сейсмикалуу эмес райондор үчүн долбоорлонгон боорлордон 1:0,25 эңкейиш кабыл алуу керек. Тиктиги 1:2,25 жана андан азыраак тик болгон боорлорду сейсмикалык эмес райондор үчүн ченемдер боюнча долбоорлоого жол берилет.

Аскалуу кыртышта жайгашкан чуңкурлардын жарым чуңкурлардын боорлорун, ошондой эле толуктагычтан массасы боюнча 20% кем эмес чоң жаракалуу кыртыштан турган кырдалган боорлорду сейсмикалык эмес райондор үчүн ченемдер боюнча долбоорлоого жол берилет.

12.3.2 Суу менен каныккан кыртыштарда I категориядагы темир же автомобиль жолдорунун астында кырдалган топуракты орнотууда кырдалган топурактын негизин, эреже болгондой, кургатуу керек.

12.3.3 Кырдалган топурак үчүн ар кандай кыртыштарды колдонгон учурда салууну негизинде оор кыртыштардан тартып үймөктүн үстүндө жеңил кыртышка акырындык менен өтүү аркылуу жасоо керек.

12.3.4 Кыяларда жер полотносун жасоодо негизги аянтчаны, эреже болгондой, же толук бойдон боор кылып кесилген текчеге, же бүтүн бойдон үймөккө жайгаштыруу керек. Өтмө участоктордун узундугу минималдуу болушу керек.

12.3.5 Аска-урама кыяда жайгашкан темир жолдун жер полотносун долбоорлоодо жолду урандылардан коргоо боюнча иш-чараларды кароо керек. Коргоочу иш-чара катары неизги аянтчанын жана жогорку боордун же жантайманын ортосунда кармоочу траншеяны орнотууну кароо керек, анын габариттери урай турган кыртыштын мүмкүн болуучу көлөмүн эске алуу менен аныкталышы керек. Тиешелүү техникалык-экономикалык негиздөөдө кармоочу дубалдар жана башка коргоочу курулмалар колдонулушу мүмкүн.

12.3.6 1:2 тик кыяда жайгашкан темир жол кырдалган топурагынын төмөнкү боорун тирегич дубалдар менен бекемдөө керек.

12.3.7 Темир жолду, эреже болгондой, шагылдуу балластта төшөө керек.

### 12.4 Көпүрөлөр

12.4.1 Тирегинин аралыгы 18 метрден узун болгон көпүрөлөрдү, эреже болгондой, тектоникалык жаракалар зоналарынан тышкары, туруктуу жантаймасы менен дарыя өрөөндөрүнүн участокторунда жайгаштыруу керек.

12.4.2 Негизинен кесилген жана кесилбеген тирегич курулмалары менен устун системасындагы көпүрөлөрдү колдонуу керек.

12.4.3 Арка көпүрөлөрдү аска негиздемеси болгондо гана колдонууга жол берилет. Жыйнактардын жана аркалардын таканчыгын массивдүү тирөөчтөргө тирөө жана мүмкүн болушунча төмөнкү деңгээлде жайгаштыруу керек. Арка астындагы имаратты өтмө кылып долбоорлоо керек.

12.4.4 Эсеп сейсмикалуулугу 9 жана андан жогору балл болгондо, эреже болгондой, тирөөчтөрдүн курама, курама-монолиттик жана монолиттик темир-бетон конструкцияларын, анын ичинде мамылардан, кабыктардан жана башка темир-бетон элементтеринен турган конструкцияларды колдонуу керек. Орто аралык тирөөчтөрдүн суу астындагы бөлүгүн темир-бетон алкактык курулуш же кергич менен байланыштырылган өзүнчө мамылар түрүндө долбоорлоого жол берилет.

12.4.5 Эсеп сейсмикалуулугу 7 жана 8 балл болгондо кошумча жер титирөөгө каршы конструктивдик элементтери менен курама, курама-монолиттик жана монолиттик бетон тирөөчтөрүн колдонууга жол берилет.

12.4.6 Монолиттик ядросу бар контурлуу блоктордон турган курама-монолиттик бетон тирөөчтөрдүн долбоорлору менен пайдубалга жана ферма алдындагы плитага киргизилген конструктивдик арматуранын ядросун армирлөөнү, ошондой эле арматуранын чыккан жерлеринин жардамы менен же курама элементтерди бекем бекитүүнү камсыздаган башка ыкмалар менен контурлуу блокторду ядро менен бириктирүүнү кароо керек.

12.4.7 Эсеп сейсмикалуулугу 9 жана андан жогору балл болгондо узундугу 18 метрден узун устун кесилген тирегич курулмалары бар көпүрөлөрдүн долбоорлору менен тирөөчтөн тирегич курулмаларынын кулап кетүүсүнүн алдын алуу үчүн жер титирөөгө каршы түзүлүштөрдү кароо керек.

12.4.8 Көпүрөлөрдүн тирөөчтөрү үчүн жер титирөөгө туруштуу курулуш жана сейсмикалык тобокелдик боюнча илимий-изилдөө уюму менен макулдашуу боюнча резина жана көп катмарлуу резина-металл конструкцияларды колдонууга жол берилет.

12.4.9 Эсептик сейсмикалуулук 9 жана андан көп балл болгондо $L$ узундугу 50 метрден узун кесилген тирегич курулмалары менен устун көпүрөлөрдө ферма алдындагы плиталардын өлчөмүн, эреже болгондой, планда тирөөчү бөлүктөрдү орнотуу үчүн аянтчалардын четинен тартып ферма алдындагы плитанын кырына чейинки көпүрөнүн огун бойлой аралык 0,005 $L$ кем эмес болгондой дайындоо керек.

12.4.10 Түбөлүк тоңгон кыртыштар менен түптөлгөн аянтчаларда пайдубалды I принциби боюнча негиз катары пайдаланылган кыртышта долбоорлоого жол берилет. Эгер тоңбогон кыртыш болсо же II принциби боюнча пайдаланылса, анда тайыз түптөлгөн пайдубалдардын таманын же түркүктүн, мамылардын жана кабыктардын төмөнкү учтарын негизинен аскалуу же чоң жаракалуу кыртыштарга, шагылдуу тыгыз кумдарга, катуу жана жарым катуу консистенциядагы чополуу кыртыштарга тирөөнү кароо керек.

Түркүктүн, мамылардын жана кабыктардын төмөнкү учтарын 0,01ден жогору муз кошулмаларынан же консистенциясы 0,5тен жогору көрсөткүчтөрү менен чополуу кыртыштардан улам эрип жаткан муз аралаш кумдуу кыртышка тирегенге жол берилбейт.

12.4.11 Эсептик сейсмикалуулук 9 жана андан көп балл болгондо аскалуу эмес негиздеги көпүрөлөрдүн тирөөчү туурасынан кеткен алкактарынын мамылары тайыз түптөлгөн жалпы пайдубалга ээ болушу керек же бардык түркүктөрдүн (мамылардын, кабыктардын) баштарын бириктирген плитага таянышы керек.

12.4.12 Тайыз түптөлгөн пайдубалдардын таманы горизонталдуу болушу керек. Урчуктары бар пайдубалдарга аскалуу негизде гана жол берилет.

12.4.13 Орточо жана чоң көпүрөлөр үчүн кыртыш астында жайгаштырылган түркүк тирөөчтөрүн жана плита менен пайдубалдарды 400x400 мм чейинки кесилиштеги же диаметри 600 мм чейинки жантайма түркүктөрдүн колдонуу менен долбоорлоо керек. Орточо жана чоң көпүрөлөрдүн пайдубалдарын жана тирөөчтөрүн ростверка плиталарынын абалынан көз карандысыз 600x600 мм кем эмес кесилиши же диаметри 800 мм кем эмес вертикалдуу түркүктөр менен жана эгер ростверка плитасы кыртышка терең киргизилсе, кесилиши 400x400 мм чейинки же диаметри 600 мм чейинки вертикалдуу түркүктөр менен долбоорлоого жол берилет.

12.4.14 Сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен көпүрөлөрдү эсептөөнү конструкциялардын бекемдигине, туруктуулугуна карата жана пайдубалдардын кыртыш негиздеринин көтөрүү жөндөмдүүлүгү боюнча жүргүзүү керек.

12.4.15 Көпүрөлөрдү эсептөөдө сейсмикалык, туруктуу жүктөрдүн жана таасирлердин биргелешкен таасирин, кыймылдуу тирөөч бөлүктөрүндөгү сүрүлүү таасирлерин жана кыймылдуу курамдан болгон жүктү эске алуу керек. Сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен көпүрөлөрдү эсептөөнү кыймылдуу курам болгондо, ошондой эле көпүрөдө ал жок болгондо жүргүзүү керек.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 Кыймылдуу курамдын сейсмикалык жүктөрүнүн биргелешкен таасирин тышкы өтмө жолдор үчүн жана өнөр жай ишканаларынын ички жолдору (долбоорлоого карата тапшырмада белгиленген учурлардан тышкары) үчүн долбоорлонгон темир жол көпүрөлөрүн, ошондой эле IIIп, IV жана IVп категориясындагы автомобиль жолдорунда долбоорлонгон көпүрөлөрдү эсептөөдө эске алууга болбойт.

2 Сейсмикалык жүктөрдү темир жол көпүрөлөрүн эсептөөдө транспортерлордон жана кыймылдуу курамдын соккусунан улам болгон жүктөр менен, ошондой эле автожол жана шаардык көпүрөлөрдү эсептөөдө оор транспорттук бирдиктерден болгон (НК-80 жана НГ-60) жүктөр менен, кыймылдуу курамды токтотуудан улам жана соккусунан улам болгон жүктөр менен биргеликте эске алууга болбойт.

12.4.16 Сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен көпүрөлөрдү эсептөөдө айкалыш коэффициенттерин $n_c$ төмөндөгүлөргө барабар катары кабыл алуу керек:

– туруктуу жүктөр жана таасирлер, туруктуу жүктөр менен, ошондой эле кыймылдуу тирөөч бөлүктөрдө туруктуу жүктөрдөн болгон сүрүлүү таасири менен бирге эске алынган сейсмикалык жүктөр үчүн - 1;

– таасири кыймылдуу курамдын жана автомобилдик жолдордун жүгү менен бирге эске алынуучу сейсмикалык жүктөр үчүн - 0,8;

– кыймылдуу курамдын темир жолго жүгү үчүн - 0,7;

– кыймылдуу курамдын автомобилдик жолдорго жүгү үчүн - 0,3.

12.4.17 Көпүрөлөрдүн конструкцияларынын туруктуулугун эсептөөдө жана узундугу 15 метр жана андан узун тирегич курулмалардын бекемдигине карата эсептөөдө кыртыштын вертикалдуу жана горизонталдуу курамынын биринин термелүүлөрү пайда кылган сейсмикалык жүктү эске алуу керек.

Көпүрөнүн огун бойлой жана ага кесилиш багытталган кыртыштык термелүүлөрдүн горизонталдык түзүүчүсүнөн келип чыккан сейсмикалык жүктөрдү өзүнчө эске алуу керек.

12.4.18 Көпүрөлөрдү эсептөөдө сейсмикалык жүктү негиздин термелүүсүндө пайда болуучу көпүрөнүн бөлүктөрүнүн жана кыймылдуу курамдын инерция күчү түрүндө, ошондой эле кыртыштын жана суунун сейсмикалык басымы түрүндө эске алуу керек.

12.4.19 Көпүрөнүн бөлүктөрүнөн жана кыймылдуу курамдан болгон сейсмикалык жүктөрдү конструкциялардын ийкемдүү деформациясын жана көпүрөнүн негизин, ошондой эле темир жол курамынын рессорун эске алуу менен ушул ченемдердин талаптарына ылайык аныктоо керек.

12.4.20 Көпүрөлөрдү эсептөөдө, эсептик реакция спектрлерин 7.5.2, 7.5.3 жана 7.5.5 пункттарына ылайык аныктоо керек.

12.4.21 Көпүрөлөрдүн тирөөчтөрүн суунун сейсмикалык басымын эске алуу менен эсептөө керек.

12.4.22 Көпүрөнүн тирөөчү бөлүгүнүн жылышуусуна каршы тирөөчү аянтчаларда бекитилүүчү анкердик буроолордун бекемдигине карата Эсептөөлөрдө бекемдик коэффициентин $K_н = 1{,}5$ кабыл алуу керек.

12.4.23 Көпүрөлөрдүн конструкцияларын оодарылууга каршы туруктуулукка карата эсептөөдө иштөө шарттарынын коэффициенти $m$ катары кабыл алуу керек: өзүнчө тирөөчтөргө таянган конструкциялар үчүн - 1; аскалуу кыртышта жана негиздерде бетон конструкциялардын жана пайдубалдардын кесилиштерин текшерүүдө - 0,9; аскалуу эмес кыртышта жана негиздерде пайдубалдарды текшерүүдө - 0,8. Жылышууга каршы туруктуулукка эсептөөдө иштөө шарттарынын коэффициентин $m$ 0,9га барабар кабыл алуу керек.

12.4.24 Көтөрүү жөндөмдүүлүгү боюнча тайыз түптөлгөн пайдубалдар үчүн кыртыштарды жана негиздерди эсептөөдө жана түркүктөрдүн (кыртыш боюнча) көтөрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоодо сейсмикалык таасирлерди негиздердин, пайдубалдардын, түркүктөр пайдубалдарынын, түбөлүк тоң кыртыштардын тиешелүү ченемдеринин жана МАКЭ 5.01-102 талаптарына ылайык эске алуу керек.

12.4.25 Тайыз түптөлгөн пайдубалдарды долбоорлоодо тең таасир берүүчү активдүү күчтөрдүн пайдубалдардын таманы боюнча кесилиш оордун борборуна карата эксцентриситети $e_0$ төмөндөгү чектер менен чектелет:

– аскалуу эмес кыртышта түптөлгөн пайдубалдардын таманы боюнча кесилиштерде, - $e_0 \le 1{,}5\rho$;

– аскалуу кыртышта түптөлгөн пайдубалдардын таманы боюнча кесилиштерде, - $e_0 \le 2{,}0\rho$;

мында $\rho$– көбүрөөк жүктөлгөн четинен пайдубалдын таманы боюнча кесилиштин ядросунун радиусу.

### 12.5 Үймө топурак алдындагы түтүктөр

12.5.1 Эсептик сейсмикалуулук 9 балл болгондо туюк контур звенолору менен темир-бетон пайдубал түтүктөрүн колдонуу керек. Звенолордун узундугун, эреже болгондой, 2 метрден кем эмес колдонуу керек.

12.5.2 Жалпак темир-бетон жабуулары менен бетон тик бурчтуу түтүктөрдү колдонуу учурунда арматуранын чыккан жерлерин монолиттөө аркылуу дубалды пайдубал менен бириктирүүнү кароо керек. Түтүктөрдүн бетон дубалдарын конструктивдик арматура менен армирлөө керек. Бөлүнгөн пайдубалдардын ортосунда кергичти орнотуу керек.

### 12.6 Тирегич дубалдар

12.6.1 Тирегич дубалдарды орнотуу үчүн кургак таш коюуну колдонууга жол берилбейт.

12.6.2 Темир-бетон тирегич дубалдардын максималдуу бийиктиги, пайдубалдын таманынан тартып анын эң жогорку жагына чейин эсептегенде эсептик сейсмикалуулук 8 балл болгондо – 12 м, 9 балл болгондо – 10 м болушу керек.

12.6.3 Тирегич дубалдардыар бир секциянын таманын бир түрдүү кыртышта жайгаштырууну эске алуу менен, узундугу боюнча өтмө вертикалдуу бириктирилген жерлер менен секцияларга бөлүү керек. Секциялардын узундугу 15 метрден ашпашы керек.

12.6.4 Тирегич дубалдын чектеш секцияларынын негиздерин ар кандай деңгээлде жайгаштырууда негиздеменин бир белгисинен башкасына өтүү тепкичтин бийиктигинин анын узундугуна карата 1:2 катышы менен тепкичтер аркылуу жүргүзүлүшү керек.

12.6.5 Кайырма жыйнак түрүндө тирегич дубалдарды колдонууга жол берилбейт.

### 12.7 Тоннелдер

12.7.1 Тоннелдерди долбоорлоодо ушул ченемдердин жана МАКЧ 3.03-07 талаптарын сактоо керек.

12.7.2 Тоннель өтмөсүнүн трассасын тандоодо, эреже болгондой, тоннелди тектоникалык жаракалар зоналарынан тышкары сейсмикалык ийкемсиздиги боюнча бир түрдүү кыртышта түптөнө кароо керек.

Башка тең шарттарда тоннелди терең түптөө варианттарын тандоо керек.

12.7.3 Тоннель менен тоо породаларынын массиви жылып кетиши мүмкүн болгон, тектоникалык жаракаларды кесип өтүү участоктору үчүн, тиешелүү техникалык-экономикалык негиздөөдө тоннелдин кесилишин чоңойтууну кароо керек.

12.7.4 Тоннелдерди алкактоону туюк долбоорлоо керек. Ачык ыкма менен жабдылган тоннелдер үчүн бүтүн секциялык курама элементтерди колдонуу керек.

12.7.5 Тоннелдердин порталдары жана маңдайкы тирегич дубалдарын, эреже болгондой, темир-бетон түрүндө долбоорлоо керек.

12.7.6 Алкактоонун узунунан кеткен деформациясын компенсациялоо үчүн жер титирөөгө каршы деформациялык бириктирилген жерлерди жасоо керек, алардын конструкциясы алкактоо элементтеринин жылышуусуна жана гидроизоляцияны сактоого жол бериши керек.

12.7.7 Камералар жана көмөкчү тоннелдер (желдетүүчү, дренаждык ж.б.) негизги тоннелге туташкан жерлерде жер титирөөгө каршы деформациялык бириктирилген жерлерди жасоо керек.

## 13 Гидротехникалык курулмалар

### 13.1 Колдонуу чөйрөсү

Бул бөлүмдүн ченемдери жаңы курулуп, кеңейтилип жана реконструкцияланып жаткан басымдык жана басымы жок гидротехникалык курулмаларды (ГТК) долбоорлоого, ошондой эле 7, 8, 9 жана 9 баллдан жогору сейсмикалуу аянттарда ГТКларды курууга, пайдаланууга киргизүүгө, пайдаланууга, техникалык абалын текшерүүгө, коопсуздугун декларациялоого, камсыздандырууга, калыбына келтирүүгө, консервациялоого жана жоюуга жайылтылат.

### 13.2 Жалпы жоболор. Ченемдик, баштапкы жана эсептик сейсмикалуулукту аныктоо

13.2.1 Гидротехникалык курулмаларды долбоорлоодо тийиштүү гидротехникалык курулмаларды долбоорлоо боюнча колдонуудагы ченемдердин жана ушул ченемдердин кошумча талаптарын сактоо керек.

13.2.2 Ушул бөлүмдүн ченемдери КР аймагын сейсмикалык райондоштуруу картасы боюнча 7 баллга барабар жана андан ашык $I^{nor}$ ченемдик сейсмикалык райондорго жайгаштырылып жаткан же жайгашкан ГТКлар үчүн атайын талаптарды белгилейт (В тиркемесин караңыз).

13.2.3 Долбоорлонуп, курулуп жана пайдаланылып жаткан ГТКлардын сейсмикалык туруктуулугун камсыз кылуу үчүн төмөнкүлөр талап кылынат:

- I жана II класстардагы суу өткөргүч курулмаларды долбоорлоо баскычында курулуш аянтынын баштапкы жана эсептик сейсмикалуулугун, сейсмикага байланыштуу кооптуу процесстердин жана көрүнүштөрдүн бар экенин белгилөө, эсептик сейсмикалык таасирлерди аныктоо, бул таасирлер үчүн акселерограммалардын топтомосун алуу милдети менен атайын изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- негиз жана суу сактагыч менен курулмалардын өз ара таасирлерин көңүлгө алуу менен курулмалардын жана алардын элементтеринин бекемдигин жана туруктуулугун баалоо боюнча эсептөөлөрдүн комплексин аткаруу;
- курулмалардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулаткан конструкциялык чечимдерди жана материалдарды колдонуу;
- I жана II класстардагы суу тирегич курулмалардын долбоорлоруна курулманы пайдалануу процессинде кооптуу геодинамикалык көрүнүштөргө, анын ичинен жер титирөөлөргө көз салууну жүргүзүү жөнүндө атайын бөлүмдүн киргизүү;
- курулманын аянтында 6 балл жана андан ашык интенсивдүүлүктөгү ар бир болгон жер титирөөдөн кийин ГТК жана анын негиздеринин абалын изилдөө.

13.2.4 Негиз жана суу сактагыч менен курулмалардын өз ара таасирлерин көңүлгө алуу менен курулмалардын жана алардын элементтеринин бекемдигин жана туруктуулугун баалоо боюнча комплексин ГТК классы боюнча коюлган ушул талаптарга жооп берген лицензиялык программаларда жүргүзүү керек.

13.2.5 Бардык ГТКларды долбоорлоодо курулуш аянтынын сейсмикалуулугу 3-стадиялык схема боюнча белгиленет:

1-стадия: райондун ченемдик сесймикалуулугу;

2-стадия: курулуш аянтынын баштапкы сейсмикалуулугу;

3-стадия: курулуш аянтынын эсептик сейсмикалуулугу.

ГТКлар эсептик сейсмикалык таасирлерди өзүнүн кыйрап калуу коркунучу жок кабыл алышы керек, ал эми бардык класстардагы басым фронтунун курамындагы суу тирегич курулмалар (ФСК) – басым фронтун бузуп өтүү коркунучу жок кабыл алышы керек. Мында курулманын жана негиздин башка каалаган бузулууларына, анын ичинен объектти нормалдуу пайдаланууну бузган бузулууларга жол берилет.

13.2.6 Курулуш районунун нормативдик сейсмикалуулугу $I^{norm}$ КР аймагын сейсмикалык райондоштуруу картасы боюнча (В тиркемесине ылайык) же калктуу пункттардын тиешелүү тизмеси боюнча (Г тиркемесине ылайык) аныктоого жатат.

13.2.7 I жана II класстарындагы ФСК аянтчаларынын баштапкы сейсмикалуулугун $I^{beg}$ деталдуу сейсмикалык райондоштуруунун (ДСР) жыйынтыктары боюнча аныктоо керек. Мында өзүнө картаны жана мүмкүн болуучу жер титирөөлөрдүн (МБЖТ) негизги зоналарынын мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле активдүү жаракалардын болушу же жоктугу жана чоң көлөмдөгү боорлордун жылышуу мүмкүнчүлүгү жана алардын параметрлери жөнүндө маалыматтарды камтыган, объект жайгашкан сейсмикалык райондун сейсмотектоникалык моделин түзүү керек. ДСР адистештирилген уюмдун илимий коштоосунда аткарылышы керек.

Калган ГТК баштапкы сейсмикалуулугун райондун нормативдик сейсмикалуулугуна барабар кабыл алуу керек.

Райондун нормативдик сейсмикалуулугу 9 баллдан ашкан учурларда курулуш аянтчасынын баштапкы сейсмикалуулугун ГТК түрүнөн жана классынан көз карандысыз ДСР негизинде аныктоо керек.

13.2.8 Гидротехникалык курулмалардын аянтчаларынын эсептик сейсмикалуулугун $I^{des}$ баштапкы сейсмикалуулугуна жараша жана сейсмикалык микрорайондоштуруунун (СМР) маалыматтарын эске алуу менен аныктоо керек. I жана II класстагы ФСК үчүн СМР изилдөөлөрдү инструменталдык жана эсептик методдор менен аткаруу керек.

Башка ГТК, бардык класстагы оргутуучу эмес ГТК үчүн, ошондой эле III жана IV класстагы тирегич курулмаларды тиешелүү негиздөөдө аянтчалардын эсептик сейсмикалуулугун курулуш аянтчасындагы инженердик-геологиялык жана геофизикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын эске алуу менен 13.1 таблица боюнча кабыл алууга жол берилет.

СМР учурунда, ошондой эле инженердик-геологиялык изилдөөлөрдө кыртыштын сейсмикалык касиеттерин изилдөө катмарынын тереңдигин аянтчанын геологиялык түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша, бирок курулманын таманынан 40 метрден кем эмес аныктоо керек (оргутуу фронтунун курамына кирбеген, III жана IV класстагы курулмалар үчүн – 20 метрден кем эмес).

Кыртыштын тибин жана анын физикалык-механикалык жана сейсмикалык мүнөздөмөлөрүн курулманы куруу жана эксплуатациялоо процессинде кыртыштын касиеттеринин мүмкүн болуучу техногендик өзгөрүүлөрүн эске алуу менен аныктоо керек.

Аянтчанын эсептик сейсмикалуулугун СМР методдору менен аныктаган учурларда курулманын негизинин кыртышынын ылдамдык, жыштык жана резонанстык мүнөздөмөлөрүн кошумча аныктоо керек.

Э с к е р т ү ү л ө р

1 ГТК аянтчалары өзүнүн курамы боюнча I жана II же II жана III типтеги кыртыштардын ортосундагы орто аралык абалды ээлеген кыртыштар менен түптөлгөн учурларда (мисалы, курулманын негизи катмарлуу кыртыш менен берилген) 13.1 таблицада көрсөтүлгөн кыртыштын типтерине кошумча I–II, II–III типтерин киргизүүгө жол берилет. Мында I–II типтеги кыртыштардагы аянтчанын эсептик сейсмикалуулугу $I^{des}$ II типтеги кыртыштагыдай, ал эми II–IIIтиптеги кыртышта – III типтеги кыртыштагыдай кабыл алынат.

2 Суу сактагыч бошотуу абалында турган мезгилде (мисалы, курулуш же оңдоо мезгили) суутирөөчү курулмалардын аянтчаларынын эсептик сейсмикалуулугун тиешелүү негиздөөдө 1 баллга төмөндөтүүгө жол берилет.

13.2.9 Долбоорлоонун алгачкы баскычтарында ГТК аянтчасын тандоодо баштапкы сейсмикалуулукту $I^{norm}$ чоңдугуна барабар катары кабыл алууга, ал эми эсептик сейсмикалуулугу инженердик-геологиялык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарынын негизинде 13.1 таблица боюнча тактоого жол берилет.

13.2.10 Эсеп сейсмикалуулугу 9 баллдан жогору болгон, ошондой эле эсептик сейсмикалуулугу 9 балл болгон, бирок аянтчанын негизинде сейсмикалык касиеттери боюнча III типтеги кыртыш болгон аянтчаларда ГТК курууну тиешелүү илимий негиздөө менен ишке ашыруу талап кылынат.

13.2.11 Нук, плотина жана деривациялык түрдөгү ГЭС имараттарын 13.4, 13.5 жана 13.6 көрсөтмөлөрүнө ылайык долбоорлоо керек. Мында бардык түрдөгү имараттарды ФСК катары кароо керек (13.4.1).

13.2.12 Суу астындагы имараттарды, кран эстакадаларын, ЭБЧ тирегичтерин жана гидротүйүндөрдүн курамына кирген башка курулуш конструкцияларын 5,7,8,9-бөлүмдөргө ылайык долбоорлоо керек; мында курулуш аянтчасынын эсептик сейсмикалуулугун 13-бөлүмгө ылайык кабыл алуу керек (ГТК).

Бул объекттерди ГТКга же алар менен байланыштырып жайгаштыруу учурунда сейсмикалык таасирди негизги курулма тараптан берилген кыймыл менен белгилениши керек.

### 13.3 Сейсмикалык таасирлер жана алардын мүнөздөмөлөрүн аныктоо

13.3.1 Сейсмикалык таасирди $I^{des}$ (эсептик) чоңдугунун мааниси 7 балл жана андан жогору болгон учурларда эске алуу керек.

Э с к е р т ү ү – Сейсмикалык таасирлер жүктөрдүн жана күчтөрдүн өзгөчө айкалыштарынын курамына кирет (МАКЧ 3.04-01).

13.1 т а б л и ц а с ы – Курулманын аянтчасынын эсептик сейсмикалуулугу

| Сейсмикалык касиеттери боюнча грунттунтиптери | Грунтту мүнөздөө | Баштапкы сейсмикалуу-луктагы курулманын аянтчасынын эсептик сейсмикалуулу-гу, балл | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 7 | 8 | 9 | >9 |
| I | Жемирилбеген жана азыраак жемирилген бардык түрдөгү аска кыртыштары (анын ичинде тоңгон жана эриген абалдагы көп жылдык тоң кыртыштар); 30%га чейин кумдуу-чополуу толуктагычты камтыган, магмалык породалардан тыгыз азыраак нымдуу чоң жаракалуу кыртыштар; жемирилген жана абдан жемирилген аска жана аскалуу эмес катуу тоңгон кыртыштар (көп жылдык тоң) минус 2 $^{0}$С жана андан төмөн температурада I принциби боюнча курууда жана эксплуатациялоодо (негиздин кыртышын тоңгон абалда сактоо); туурасынан кеткен толкундардын жайылуу ылдамдыгы $Vs$>800 м/с; узунунан кеткен жана туурасынан кеткен толкундардын ылдамдыктарынын катышы $Vp/Vs$ = 1,7–2,2 суу менен каныгуу деңгээлинен көз карандысыз | 7 | 8 | 9 | >9 |
| II | Жемирилген жана абдан жемирилген аска кыртышы, анын ичинде көп жылдык тоңгон, I типке киргизилгенден тышкары; чоң жаракалуу кыртыштар, I типке киргизилгенден тышкары; шагылдуу, чоң жана орточо чоңдуктагы тыгыз жана орточо тыгыздыктагы азыраак нымдуу жана нымдуу кумдар; майда жана чаңдуу тыгыз жана орточо тыгыздыктагы азыраак нымдуу кумдар; көңдөйлүк коэффициенти чопо жана чополуу жана кумдуу топурак үчүн $e$<0,9,кумдуу топурак үчүн $e$<0,7 болгон агуучулук көрсөткүчү $J_L \leq$ 0,5 чаңдуу-чополуу кыртыштар; ийкемдүү тоң же үбөлөнмө тоң, ошондой эле катуу тоң көп жылдык тоңгон аскалуу кыртыштар минус 2 $^{0}$С тан жогорку температурада I принциби боюнча курууда жана эксплуатациялоодо; $Vs$=250–800м/с; $Vp/Vs$ = 1,7–2,2 суу менен каныкпаган кыртыштар үчүн; $Vp/Vs$ = 2,2–3,5 суу менен каныккан кыртыштар үчүн | 7 | 8 | 9 | >9 |
| III | Нымдуулук жана чоңдук деңгээлинен көз карандысыз борпоң кум; шагылдуу, чоң жана орточо чоңдуктагы тыгыз жана орточо тыгыздыктагы сууга каныккан кумдар; майда жана чаңдуу тыгыз жана орточо тыгыздыктагы нымдуу жана сууга каныккан кумда; агуучулук көрсөткүчү $J_L$>0,5 чаңдуу-чополуу кыртыштар; көңдөйлүк коэффициенти чопо жана чополуу жана кумдуу топурак үчүн $e$<0,9, кумдуу топурак үчүн $e$<0,7 болгон агуучулук көрсөткүчү $J_L \leq$0,5 чаңдуу-чополуу кыртыштар; II принциби боюнча курууда жана эксплуатациялоодо көп жылдык аскалуу эмес кыртыштар (негиздин кыртыштарынын эрүүсүнө жол берүү); $Vs$<250 м/с; $Vp/Vs$=1,7–3,5 сууга каныкпаган кыртыштар үчүн; $Vp/Vs$ > 3,5 сууга каныккан кыртыштар үчүн | 8 | 9 | >9 | >9 |

13.3.2 ФСКI же II классы менен сейсмикалык райондун МБЖТ негизги зоналарынын жайгашуусу жана мүнөздөмөлөрү, анын ичинде сейсмикалык таасирдин параметрлери аныкталышы керек.

Аткарылган изилдөөлөрдүн негизинде ГТК аянтчасы үчүн негиздин максималдуу жогорку ылдамдануууларынын маанилери $a_p$ аныкталышы керек, алардын төмөнкү чегин 13.4.5 теңмеделерине ылайык аныкташат.

13.3.3 Динамикалык теория (ДТ) колдонуудагы эсептик сейсмикалык таасирлер эсептик акселерограммалар (ЭА), $a_p$ мааниси боюнча масштабдоо (зарыл болгондо) менен белгилениши керек. Курулманын негизинде жаткан кыртыштардын ылдамдык, жыштык жана резонанстык мүнөздөмөлөрү жөнүндө маалыматтарды эске алуу менен ЭА тандоо керек.

ЭА колдонулушу керек:

- аянтчада же курулманын районунда алынган жазуулардан;
- сейсмотектоникалык, геологиялык жана башка сейсмологиялык шарттары боюнча курулуш аянтчасынын районуна окшош райондордо алынган окшош жазуулардын ичинен;
- сейсмикалык таасирдин төмөндө көрсөтүлгөн эсептик параметрлерине ылайык түзүлгөн синтезделген:
- сейсмикалык термелүүлөрдүн жалпы узундугу τ, с;
- негиздин сейсмикалык термелүүлөрүнүн фазасынын узактыгы $\tau_{0,5}$, бул убакыт ичинде эсептик жер титирөөдө жогорку ылдамдануу 0,5 $a_p$, с кем эмес мааниге жетет;
- максималдуу жогорку ылдамданууга шайкеш келген термелүүлөрдүн мезгили $T_{max}$, с;
- узактыгы $\tau_{0,5}$ сейсмикалык термелүүлөр фазалары үчүн жер титирөөдөгү термелүүлөрдүн басымдуулук кылган мезгили $T_{0.5}$

Мында синтезделген акселерограмманын элес спектры сеймикалык термелүүлөрдүн эске алынган жыштыктарынын бардык диапазонунда тандалган аналогдук акселерограмманын элесинин ийүүчү спектринен төмөн болбошу керек.

Берилген параметрлер эсептик акселерограмманын эки горизонталдуу жана бир вертикалдуу компонентин берет.

Э с к е р т ү ү – Сейсмологиялык изилдөөлөрдүн көлөмүн жана курамын башкы долбоорлоочу белгилейт жана тапшырыкчы менен макулдашылат.

13.3.4 ФСК класстары IV же III жана оргутуучу эмес ГТКнын бардык класстары үчүн эсептик сейсмикалык таасирлер убакыт боюнча туруктуу жана 13.4.5 теңдемелерине ылайык аныкталган максималдуу жогорку ылдамдануунун маанисине барабар негиздин сейсмикалык ылдамдануусунан аныкталат.

13.3.5 ГТК жана алардын негиздеринин эсептеринде төмөндөгү сейсмикалык жүктөрдү эске алуу керек:

- курулманын жана анын негизинин көлөмү боюнча интенсивдүүлүк менен жайылган (ошондой эле каптал топтоолордо жана шилендиде) инерциялык күч $\vec{P}v(x, y)$

$$\vec{P}_v(x,t) = -\rho(x)\ddot{\vec{U}}(x,t),$$

мында ρ(*x*) – 1, 2, 3 октору боюнча *x*1, *x*2, *x*3 координаттары менен (жалпы учурда) *x* байкоо чекитиндеги материалдын тыгыздыгы;

$\ddot{\vec{U}}(x,t)$ – «курулма-негиз» системасынын абсолюттук кыймылында *t* убакыт учурунда *x* чекитинин ылдамдануу вектору;

- курулма менен суюктуктун бир бөлүгүн термелткен инерциялык таасир пайда кылган, курулманын суу менен тийишкен бети боюнча жайылган гидродинамикалык басым;
- жер титирөөдө пайда болгон суу көлмөсүнүн бетинде толкундар жараткан гидродинамикалык басым.

Зарыл болгон учурларда сейсмикалык толкундун өтүшү менен пайда болгон курулмалардын негизинде блоктордун өз ара жылышуусу эске алынат.

Ошондой эле жер титирөө менен байланыштуу болгон төмөндөгүдөй мүмкүн болуучу кесепеттер эске алынат:

- тектоникалык жаракалар боюнча жылышуу;
- кыртыштын чөгүшү;
- уроо жана жер көчкү;
- кыртыштын суюлушу.

Атайын негиздөөдө негиздин инерциялык касиеттерин эсепке алуудан баш тартууга жол берилет.

## 13.4 Эсептик сейсмикалык таасирлер. Гидротехникалык курулмалардын сейсмикалык таасирге карата эсептөөлөрүнүн шарттары

13.4.1 Суу оргутуучу курулмаларды ДТ методдору менен эсептөө керек. III жана IV класстагы суу оргутуучу курулмаларды жана оргутуучу эмес ГТК эсептик сейсмикалык таасирге карата бул класстагы ГТК үчүн лицензиялыкпрограммаларда жүзөгө ашырылган методдор менен эсептөөгө жол берилет.

Э с к е р т ү ү – Оргутуучу фронттун курамындагы суу оргутуучу курулмаларга кирген курулмалардын тизмеси ГЭС имараттарынын, диаметри чоң оргутуучу кубур түтүктөрдүн жана кыйрашы өзүнүн кесепеттери боюнча оргутуучу фронттун жарылышына окшош болгон башка объекттердин эсебинен долбоордук уюмдун кароосу боюнча кеңейтилиши мүмкүн.

13.4.2 Курулмалардын жер титирөөгө туруштуулугун баалоо үчүн өзүнө негизги айкалыштын жүктөрүн жана таасир этүүлөрүн жана интенсивдүүлүгү курулуш аянтчасынын эсептик сейсмикалуулугуна $I^{des}$ жооп берген интенсивдүүлүк менен сейсмикалык таасирден болгон өзгөчө жүктү камтыган жүктөрдүн жана таасир этүүлөрдүн өзгөчө айкалышын түзүү керек. Мында бекемдикти жана туруштуулукту 13.2.5 талаптарын аткарууну камсыздаган, долбоордук уюм атайын иштеп чыккан чен белгилер боюнча аткаруу керек. Бул учурларда бардык курулмалар үчүн 1,1 барабар болгон курулманын жоопкерчилиги боюнча ишенимдүүлүк коэффициентинин маанисин колдонууга жол берилет.

Ошондой эле курулмалардын жер титирөөгө туруштуулугун баалоо үчүн мүмкүндүк методдорун колдонууга жол берилет.

13.4.3 ДТ колдонуу менен ГТК жер титирөөгө туруштуулугун эсептөөлөрдө негиздин сейсмикалык ылдамдануусун жалпы учурда бир компоненттүү, эки компоненттүү же үч компоненттүү ($j$ = 1, 2, 3) убакыт функциясын $\ddot{U}_0(t)$. түшүндүргөн жер титирөө ЭА менен белгилөө керек. Мында жылышууну (деформация, чыңалуу жана бекемдөө) курулмага карата сейсмикалык таасирдин бардык убакыт аралыгында аныкташат.

Тилкелик динамикалык талдоону колдонуу учурунда бүтүндөй каралган убакыт аралыгындагы көрсөтүлгөн чоңдуктардын максималдуу жана минималдуу маанилерин өзүнө сейсмикалык таасирлерди камтыган, жүктөрдүн жана таасир этүүлөрдүн өзгөчө айкалышынын курамына кирген калган жүктөрдөн жана таасир этүүлөрдөн алынган жылышуулардын (деформация, чыңалуу жана күч-аракет) маанилери менен кошуу керек.

Э с к е р т ү ү – Баштапкы сейсмикалык таасир катары велосиграмманы же сейсмограмманы дагы пайдаланууга болот.

13.4.4 ГТКны тилкелик эмес же тилкелик убакыттык динамикалык талдоону колдонуу менен ДТ боюнча эсептөө керек. Программа аткарышы керек:

- дифференциалдык теңдемелерди кабамдык интеграциялоону колдонуу менен убакыттык динамикалык талдоо (тилкелик жана тилкелик эмес);

- тилкелик динамикалык талдоо (ТДТ). ТДТ өздүк термелүүлөрдүн формалары боюнча катарга чечимдерди жайгаштыруу методу менен дагы аткарууга жол берилет.

13.4.5 ДТ боюнча ГТК эсептерин курулманын негизинде максималдуу жогорку ылдамдануу $a_p$ менен ЭАда аткаруу керек

$$a_p = \max\left|\ddot{U}_0(t)\right|. \tag{13.1}$$

Кызмат өтөө мөөнөтү 50 жылдан ашык болгон курулмалар үчүн ылдамдануулар маанилери $a_p$ төмөндөгү формулалар боюнча аныкталгандан аз болбошу керек:

- I жана II классындагы ФСК үчүн

$$a_p = gA \tag{13.2}$$

- III классындагы ФСК үчүн

$$a_p = 0{,}93gA \tag{13.3}$$

- IV классындагы ФСК жана оргутуучу эмес ГТК үчүн

$$a_p = 0{,}5gA \tag{13.4}$$

Кызмат өтөө мөөнөтү 50 жылдан ашпаган курулмалар үчүн ылдамдануулар маанилери $a_p$ төмөндөгү формулалар боюнча аныкталгандан аз болбошу керек:

- I жана II классындагы ФСК үчүн

$$a_p = 0{,}9gA \tag{13.5}$$

- III классындагы ФСК үчүн

$$a_p = 0{,}84gA \tag{13.6}$$

- IV классындагы ФСК жана оргутуучу эмес ГТК үчүн

$$a_p = 0{,}45gA \tag{13.7}$$

(13.2) - (13.7) формулаларында $A$ аркылуу $g$ ($g$ = 9,81 м/с$^2$) үлүштөрүндө негиздин эсептик ылдамдануунун мааниси белгиленген. Ылдамдануу мааниси $A$ баштапкы сейсмиктиктин маанисине $I^{beg}$, курулуш аянтчасынын эсептик сейсмикалуулугуна $I^{des}$ жана конкреттүү аянтчадагы реалдуу кыртыш шарттарына жараша 13.2 таблицасында берилген.

13.2 т а б л и ц а с ы – Ылдамдануулар маанилери

| Кыртыштын тиби | $I^{beg}$, балл | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 7 | | 8 | | 9 | | >9 | |
| | $I^{des}$, балл | $A$ | $I^{des}$, балл | $A$ | $I^{des}$, балл | $A$ | $I^{des}$, балл | $A$ |
| I | - | - | 7 | 0.12 | 8 | 0.24 | 9 | 0.48 |
| I-II | 7 | 0.08 | 8 | 0.16 | 9 | 0.32 | - | - |
| II | 7 | 0.10 | 8 | 0.20 | 9 | 0.40 | - | - |
| II-III | 8 | 0.13 | 9 | 0.25 | - | - | - | - |
| III | 8 | 0.16 | 9 | 0.32 | - | - | | - |

13.4.6 Долбоорлоонун алдын ала баскычында эсептик ылдамдануулар катары 13.4.5 пунктта аныкталган ылдамданууларды пайдалануу керек.

13.4.7 ГТК сейсмикалуулугун динамикалык талдоону аткарууда сейсмикалык таасирлерде курулманын абалын динамикалык изилдөөлөрдүн негизинде аныкталган басаңдоо параметрлеринин маанилерин ζ колдонуу керек.

Басаңдоо параметрлеринин реалдуу маанилери жөнүндө эксперименталдык маалыматтар жок болгондо жер титирөөгө туруштуулукту эсептөөлөрдө төмөндөгүдөн ашпаган басаңдоо параметрлеринин маанилерин ζ колдонууга жол берилет:

0,01 – болот курулмалар жана курулмалардын болот элементтери үчүн;

0,05 – бетон жана темир-бетон курулмалар жана курулмалардын бетон жана темир-бетон элементтери үчүн;

0,15 – кыртыш материалдарынан курулмалар үчүн;

0,08 – негиздердин аска породалары үчүн;

0,12 – негиздин жарым аска жана аска эмес кыртыштары үчүн.

13.4.8 III жана IV класстагы суу оргутуучу курулмаларды жана оргутуучу эмес ГТК эсептөөлөрдө курулманын жана негиздин материалдары тилкелик-ийкемдүү деп эсептелет; “курулма-негиз” системасынын абалында геометриялык, конструктивдик же физикалык тилкелик эместик жок.

Негизди сейсмикалык ылдамдануу убакытта туруктуу вектордук чоңдук $\ddot{\vec{U}}_n$ менен берилет, анын модулу максималдуу жогорку ылдамданууга барабар маани $a_p$ [(13.1) формуланы кара] катары кабыл алынат, ал эми жогорку ылдамдануунун чоңдугунун конкреттүү маанилери $a_p$ 13.4.5 көрсөтмөлөрүнө ылайык аныкталат.

13.4.9 Курулманын материалдарынын жана негиздин кыртыштарынын тыгыздыгын гидротехникалык курулмалардын негиздеринин, кыртыштык материалдардан турган плотиналардын, бетон жана темир-бетондун, ошондой эле бетон жана темир-бетон гидротехникалык курулмалардын конструкцияларынын тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелери боюнча аныктоо керек. Мында материалдардын жана кыртыштардын тыгыздыгы алардын суу менен каныгуу деңгээлин эске алуу менен аныкталат.

13.4.10 Курулманын материалдарынын жана негиздин кыртыштарынын динамикалык деформациялык жана бекемдик мүнөздөмөлөрүн I жана II Классындагы ГТК жер титирөөгө туруштуулугун эсептөөдө эксперименталдык аныктоо керек; III жана IV классындагы курулмалар үчүн маалымдама маалыматтарын колдонууга жол берилет.

Бардык курулмалар үчүн натуралык изилдөөлөрдүн маалыматтарын колдонууга болот, анын ичинде:

- плотинанын тулкусуна жана негизине геофизикалык мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыктары, мында белгилүү корреляциялык көз карандылыктар геофизикалык изилдөөлөрдөгү термелүүлөрдүн жыштык спектрына жооп берген маалыматтардан эсептик сейсмикалык окуядагы термелүүлөрдүн болжолдуу жыштык спектрына өтүү үчүн колдонулат;
- тесттик динамикалык сыноолордун (13.6.2) жүрүшүндө же стационардык инженердик-сейсмометриялык байкоолор процессинде өлчөнгөн курулманын термелүүлөрүнүн иш жүзүндөгү өздүк жыштыктары;
- плотинанын тулкусунан жана негизден кесилип алынган үлгүлөр үчүн бекемдик сыноолорунун жана кыйратпоочу контролдоонун маалыматтары.

Тиешелүү эксперименталдык маалыматтар жок болгон учурларда геофизикалык методдор менен аныкталган жалпы деформациянын статикалык модулунун $E_0$ (же ийкемдүүлүктүн статикалык модулунун $E_{st}$) жана ийкемдүүлүктүн динамикалык модулунун $E_{dyn}$ маанилеринин ортосундагы корреляциялык байланышты колдонууга жол берилет. Ошондой эле курулмалардын материалдарынын жана негиздин кыртыштарынын статикалык бекемдик мүнөздөмөлөрүн колдонууга жол берилет; мында кыска убакыттык динамикалык таасирлердин бул мүнөздөмөлөргө таасирин эске алуу үчүн тиешелүү курулмаларды долбоорлоо ченемдери менен белгиленген иштөө шарттарынын кошумча коэффициенттерин киргизүү керек.

13.4.11 Негизде, каптал топтоодо же ГТК тулкусунда сууга каныккан байланышпаган же начар байланышкан кыртыштар болгондо сейсмикалык таасирдеги кыртыштардын суюлуу, локалдуу тыгыздыктын ажыроо жана кыртыштын бузулуу таасирин эске алуу керек (мисалы, курулманын көрсөтүлгөн элементтеринде чополуу тиксотроптук кыртыштар болгондо – бул кыртыштардын агуучулук мүмкүнчүлүгү).

13.4.12 Кыртыш материалдарынан жасалган курулмалар үчүн, ошондой эле жээк боорлору үчүн 13.2.5 пунктунда көрсөтүлгөн курулмалардын абалына ылайык келген жол берилген калдык деформациясынын жана бузулуулардын (чөгүү, жылышуу, жараңка ж.б.) чектүү маанилерин курулуш аянтчасынын жаратылыш шарттарын, конструкциянын өзгөчөлүктөрүн жна курулманы эксплуатациялоо шарттарын эске алуу менен атайын негиздөөнүн жыйынтыктары боюнча дайындоо керек.

Кайталанган сейсмикалык таасирге карата курулмалардын жер титирөөгө туруштуулугун экинчи схема боюнча эсептөө керек.

Э с к е р т ү ү – Экинчи схема – жер титирөө аяктагандан тартып оңдоо иштери башталганга чейинки мезгилдеги курулманын абалын чагылдырган эсептик схема.

Долбоорлоонун алдын ала баскычтарында (каралган ГТК аянтчасында маанилүү кайталанма силкинүүлөрдүн пайда болуу мүмкүндүгүн баалоолор жок болгондо) нормативдик интенсивдүүлүккө салыштырмалуу 1 баллга азайтылган интенсивдүүлүк менен кайталанма жер титирөөгө туруштуулукту текшерүүгө жол берилет.

13.4.13 Сейсмикалык таасирлерде ГТК чыңалган-деформацияланган абалын аныктоо үчүн, эреже болгондой, негизги айкалыштын жүктөрүнө жана таасир этүүлөрүнө карата курулманын эсептери үчүн схемаларга шайкеш келген эсептик схемаларды колдонуу керек. Мында курулмага карата сейсмикалык таасирдин багытын жана жер титирөөдө курулманын термелүүлөрүнүн мейкиндиктик мүнөзүн эске алуу керек.

Бир катар курулмалар үчүн эки ченемдүү эсептик схемаларды колдонууга жол берилет:

- жалпак деформация схемасы боюнча эсептөөлөр – гравитациялык плотиналар, тирегич дубалдар жана башка массивдүү курулмалар үчүн;
- көрсөтүлгөн курулмаларды орточо калыңдыктагы кабыктар, ошондой эле ийилүүчү плиталар сыяктуу ортоңку көңдөйдө иштеген пластиналар менен схемалаштыруудагы эсептөөлөр – арык плотиналары жана аларга окшош конструкциялар үчүн.

Атайын негиздөөдө өзөк түрүндөгү конструкциялар үчүн бир ченемдүү эсептик схемаларды дагы колдонууга жол берилет.

13.4.14 Негиздин эсептик чөйрөсүнүн өлчөмдөрүн башка кыртыш массивдери менен биргеликте негиздин чөйрөсүнүн кабыл алынган өлчөмдөрүндө эсептөөнүн жыйынтыктарынын керектүү тактыгы камсыздалгандай дайындоо керек. Кыртыш массивдери ээлеген эсептик чөйрөнүн өлчөмдөрү курулмалар үчүн дагы, кыртыш массивдери үчүн дагы мүнөздүү болгон чектүү абалдардын пайда болушуна шарт түзүшү керек.

Оргутуучу фронттун курамына кирген курулмалар үчүн негиздин эсептик чөйрөсү, эреже болгондой, өзүнүн төмөнкү чеги боюнча $5H$ кем эмес, ал эми курулманын таманынан тартып тереңдик боюнча – $2H$ кем эмес пландуу өлчөмдөргө ээ болушу керек, мында $H$ – курулманын мүнөздүү өлчөмү (суу оргутуучу курулмалар үчүн $H$ – курулманын бийиктиги).

Башка түрдөгү ГТК үчүн негиздин эсептик чөйрөсүнүн өлчөмдөрүн бул өңдүү курулмаларды долбоорлоо тажрыйбасынын негизинде долбоордук уюм кабыл алат.

Э с к е р т ү ү – Эгер $2H$ кем эмес тереңдикте 1100 м/с кем эмес ийкемдүү жылуучу толкундардын жайылуу ылдамдыктары менен мүнөздөлүүчү породалар болсо, негиздин эсептик чөйрөсүнүн таманын бул породалардын чатыры менен айкалыштырууга жол берилет.

13.4.15 ДТ боюнча сейсмотуруштуулукту эсептөөлөрдө эсептик схемада кабыл алынган жылышуу векторунун компоненттеринин ар бири үчүн сейсмикалык таасирлерди ЭА

компоненттери боюнча түзүлгөн акселерограмма түрүндө аныкташат (алардын мейкиндиктик багытын эске алуу менен). Эсептөөнү ЭА компонентин эске алуучу биргелешкен аракетке карата жүргүзүшөт. Мында курулманын абалын мүнөздөгөн жана анын термелүүлөрдөгү туруктуулугун аныктаган маанилерди эсептөө (жылышуу, деформация, чыңалуу, күч) силкинүү аракеттери аяктаган учурга карата жалпыланган маанилер менен аныкталышы керек.

Курулмалардын сейсмотуруштуулугун эсептөөдө сейсмикалык таасирдин багытын $\ddot{u}_0$ курулма үчүн өтө кооптуу таасир болгондой тандоо керек.

Узун тоннелдерди сейсмикалык таасирге карата тоннелдин огуна карата нормалдуу көңдөйдө эсептөөгө жол берилет.

Өзөктөр менен схемалаштырылган өзүнчө турган ГТК горизонталдуу сейсмикалык таасирге карата жогорку жана төмөнкү ийкемсиздиктеги көңдөйлөрдө эсептөө керек.

13.4.16 Көрсөтүлгөн формалар боюнча чечимдерди ажыратууну колдонуу менен бекемдик эсептөөлөрүндө эске алынуучу өздүк термелүүлөрдүн формаларынын санын $q$ төмөндөгү шарттар аткарылгандай кылып тандоо керек:

$$\omega_q \geq 3\omega_1, \tag{13.8}$$

$$\omega_q \geq 2\omega_c, \tag{13.9}$$

мында $\omega_q$ – өздүк термелүүнүн акыркы эске алынган формасынын жыштыгы;
$\omega_1$ – өздүк термелүүнүн минималдуу жыштыгы;
$\omega_c$ – эсептик акселерограмманын элем спектрындагы жогорку мааниге шайкеш келген жыштык.

Мында колдонулган термелүү формаларынын саны 25тен кем эмести түзүшү керек.

Э с к е р т ү ү – Долбоорлоонун баштапкы баскычтарында тиешелүү негиздөөдө ушул пунктта көрсөтүлгөндөн аз сандагы термелүү формаларын эске алууга жол берилет.

13.4.17 ГТК бышыктыгын эсептөө учурунда, кыртыш менен курулмалардын каптал кырларынын контактысы болгон учурда сейсмикалык таасирлерди эске алуу менен (анын ичинде нанос менен), кыртыштын каптал басымынын маанисине сейсмикалык таасирлерин эске алуу керек.

Курулмалардын бышыктыгын эсептөөдө сейсмикалык таасирди эсептөө учурунда каптал кыртышты аныктоонун конкреттүү ыкмаларын курулмалардын конструкцияларынын өзгөчөлүктөрүн жана аларды эксплуатациялоо шарттарын эске алуу менен кабыл алышат.

13.4.18 ГТК туруктуулугу жана сейсмикалык жүктөмдөрдү эске алуу менен алардын негиздерин гидротехникалык курулмалардын негиздеринин жана кыртыштык материалдардан турган плотиналардын тиешелүү курулуш ченемдери жана эрежелеринин көрсөтмөлөрүнө ылайык текшерүү керек.

Курулманын туруктуулугун жоготуу учурунда эсептик схема боюнчакыртыштык массивдин бөлүгү менен биргелешип жылышкан учурларда, курулмалардын жана алардын негиздеринин туруктуулугун эсептөө учурунда негиздин эсептик тармагындагы жылдыруучу бөлүктөгү кыртыштын сейсмикалык күчтөрүн эсептөө керек.

Бардык учурларда жылдырылган кыртыш тармактары (кыртыштык материалдардан курулмалардын кырлары, жээктердин жана котловандардын боорлору, таканчык дубалдардын толтургучтары, наностор, ошондой эле кыртыштык массивдер, катмарланган негиздер) бардык жүктөмдөрдү жана өзгөчө айкалыштагы таасирлерди эсепке алуу менен бул тармактагы чек тең салмактын шарттарынан аныкталат, ал өзүнө сейсмикалык таасирди да камтыйт.

Жылдырылган кыртыш массивдеринин чек абалын аныктоонун конкреттүү ыкмалары, анын ичинде жылдыруу учурунда кыртыштын каптал басымы болгон учурда, конструкциянын өзгөчөлүктөрүн жана курулманы эксплуатацялоонун шартын эске алуу менен долбоордук уюмдарды кабыл алышат.

Э с к е р т ү ү – Эгер кыртыш массивдери курулманын каптал кырларына эки жагынан жакын болуп чектешип турса, анда туруктуулук эсептөөлөрүндө, эки кыртыштык массивдерде сейсмикалык күчтөр бир багытта аракет кылат жана ошону менен курулмалардын каптал кырларынынжалпы басымын көбөйтөт жана бир эле убакта карама каршы чекке басымды азайтат.

13.4.19 ГТК долбоорлоо учурунда шилендинин курулманын жогорку чегине топтолуп калышы болжолдонот, бул шилендилердин сейсмикалык таасир учурунда курулманын туруктуулугуна жана бышыктыгына эсептөө менен таасирин эске алуу керек.

Бул учурда шилендилердин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн эсептөө обьектиси катары кабыл алуу керек:

- курулманы эксплуатациялоонун ар кандай убактагы этаптарында шилендилердин катмарынын өзгөрмө бийиктиги;

- кыртыштардын катмарланган шилендилеринин олуттуу бир түрдүү эмес болуу мүмкүнчүлүгү жана шилендилердин катмарынын бийиктиги боюнча алардын физикалык – механикалык касиеттери;

- шилендилерди катмарланткан кыртыштардын касиетин жана курамынын убактысында өзгөртүү мүмкүнчүлүгү.

Курулманы эксплуатациялоонун ар кандай убактары үчүн курулманын жогорку кырындагы шилендилердин бардык негизги мүнөздөмөлөрү курулманы долбоорлоо учурунда аныкталышы керек жана натуралык байкоолордун жана изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча обьекттик эксплуатациялоо процессинде такталышы керек. Өзгөчө көңүлдүү сейсмикалык таасирлер учурунда шилендилердин кыртыштарын суюлтуу мүмкүнчүлүгүн орнотууга жана бул көрүнүштүн аймагынын өлчөмүнө буруу керек.

13.4.20 Курулманын створунда, суу сактагычтын аймагында жана алдыңкы бьефте жээк боорлорунун участокторунун туруктуулугуна текшерүү жүрөт, жер титирөө учурунда талкалануу коркунучу бар болгон потенциалдуу опурталдуу жерлерди карашат.

Жээк боорлору үчүн кызмат өтөөнүн дайындалган мөөнөтү катары бул гидро түйүндүн курулмасы үчүн максималдуу мөөнөттү алышат.

13.4.21 ГТК туруктуулугун эсептөө учурунда, алардын негиздери жана жээк боорлорун эсептөөдө сейсмикалык таасирдин алдында кошумча (динамикалык) буу басымы, ошондой эле кыртыштын деформациялык, бышыктык жана башка мүнөздөмөлөрүн 13.4.10 жана 13.4.11 ге ылайык өзгөрүшүн эске алуу керек.

13.4.22 Сейсмикалык таасирлерге болгон I жана II класстарынын жер алдындагы курулмаларды ДТ боюнча эсептөө керек. Мындай болгон учурларда, курулманын чыңалуучу-деформацияланган абалын бирдиктүү динамикалык эсептөө системасынан алып эсептөө керек, ал өзүнө кыртыштык чөйрөнү, жер алдындагы курулманы жана курулуштун өзүн камтыйт.

ДТ боюнча эмес аткарылган III жана IV класстарынын жер алдындагы курулманы эсептөө учурунда төмөнкүлөрдү өзүнчө эсепке алуу керек:

а) кыртыштын сейсмикалык басымы, ал кыртыштык чөйрөдө жылышуунун кысуу-чоюу сейсмикалык толкундарынын өтүшү менен пайда болот.

б) жер алдындагы курулманын конструкциясынын массасынан жана тек жыйындысынын массасынан инерциялык сейсмикалык жүктөмдөр.

ДТ боюнча да, ДТ боюнча эмес да жер алдындагы курулмаларды эсептөө учурунда, суунун сейсмикалык бөлүнүшүн эске алуу керек.

13.4.23 Сейсмикалык таасирге болгон ГТК ны эсептөө учурунда курулма менен биргелешип термелген суюктуктун бөлүгүнүн инерциялык таасирин эске алуу керек. Ушул максат менен курулманын массасына, курулманын нымдалган бетине термелүүчү суунун массасын кошушат.

Курулмага болгон суунун сейсмикалык басымын, эгер курулманын жанындагы чуңкурдун тереңдиги 10 метрден кем эмес болсо гана эсептөөгө жол берилет.

13.4.24 Сейсмикалык таасирдин горизонталдык түзүүчүсүнө ГТК ны эсептөө учурунда, алардын бетинин аянтынын бирдигине туура келген суунун бириктирилген массасын $m_w$, төмөнкү формула боюнча аныктоо керек:

$$m_w = \rho_w h\mu\psi, \tag{13.10}$$

мында $\rho_w$ – суунун тыгыздыгы;

$h$ – курулманын жанындагы суунун тереңдиги;

$\mu$ – 13.5 таблицасы боюнча аныкталган, суунун бириктирилген массасынын өлчөмсүз коэффициенти;

$\psi$ – суу көлмөсүнүн узундугунун чектелишин эске алган коэффициент, жана $l/h \geq 31$ ге барабар деп кабыл алынат, ал эми $l/h < 3$ үчүн –13.5 таблицасы боюнча;

бул жерде $l$ – курулма менен ага карама каршы жайгашкан суу көлмөсүнүн жээгинин ортосундагы аралык (шлюз жана ага окшогон курулмалар үчүн - конструкциянын карама каршы дубалдарынын ортосундагы аралык), ал суунун эркин бетинен $2/3h$ тереңдикте жайгашкан.

Эскертүүлөр

1 Курулманын термелүү мүнөзүн 13.5 таблицасы боюнча алдын ала тандоо үчүн курулманын катуу тело катары айлануу жана жылышуу термелүүсүнүн аскалуу эмес негизде бетон жана темир бетон плотиналары үчүн эске алуу керек, ал эми кыртыш материалдарынан жасалган плотиналар үчүн - жылышуунун деформациясы каралат. Эсептөө катары бириктирилген суунун массасынын максималдуу маанисин алууга алып келген термелүүнүн мүнөзүн колдонуу керек.

2 Эгер суу курулманын эки жагында болсо, ага бириктирилген массаны бириктирилген суунун массасына барабар катары кабыл алуу керек, ал курулманын ар бир жагы үчүн аныкталат.

13.4.25 Суу чыгаруучу мунаралар жана түркүктөр сыяктуу өзүнчө турган курулмалар үчүн конструкциянын узундук бирдигине туура келген суунун бириктирилген массасын төмөнкү формула боюнча аныктоо керек:

$$m_w = \rho_w d^2\mu, \tag{13.11}$$

мында $d$ – тегерек курулманын диаметри же курулманын туура чарчы кесилишинин жактарынын өлчөмү, м;

$\mu$ – 13.4 таблицасына ылайык кабыл алынган коэффициент.

13.4.26 Басымсыз курулмалардын туруктуулугун жана бышыктыгын эсептөө учурунда төмөнкү формулалар боюнча аныкталган суунун сейсмикалык басымын эске алуу керек:

а) катуу массивдүү тосуучу жана причалдык порттук ГТК үчүн:

$$\begin{aligned} p &= 0.45A\rho_w g h D\psi, \\ P &= 0.45A\rho_w g h^2 D\psi, \\ h_0 &= h\chi; \end{aligned} \tag{13.12}$$

б)13.4.25 те саналып кеткен өзүнчө турган курумалар үчүн:

$$\begin{aligned} p_0 &= 0.45A\rho_w g d^2 D, \\ P_0 &= 0.45A\rho_w g d^2 \Omega h, \\ h_0 &= h\chi; \end{aligned} \tag{13.13}$$

мында $p$ – курулманын бетинин аянт бирдигине киргизилген, гидродинамикалык басымдын эпюр ординаттары.

$p_0$ – өзүнчө турган курулмалардын бийиктик бирдигине таандык болгон, гидродинамикалык басымдын эпюр ординаттары;

$P$ – курулманын узундук бирдигине суммардык гидродинамикалык басым;

$P_0$ – өзүнчө турган курулманын узундук бирдигине суммардык гидродинамикалык басым;

$h_0$ – гидродинамикалык басымга бирдей аракет кылуучу тиркеменин чөмүлүү чекитинин тереңдиги;

*D, Ω, χ* – 13.4 таблицасы боюнча аныкталган өлчөмсүз коэффициенттер;

Э с к е р т ү ү – Эгер суу курулманын эки жагында турса, гидродинамикалык басымды курулманын ар бир жагы үчүн аныкталган гидродинамикалык басымдын абсолюттук маанисинин суммасына барабар катары кабыл алуу керек.

13.4.27 Басым менен суу агымдарында гидродинамикалык басым $P_{max}$ төмөнкү формула боюнча аныкталат:

$$P_{max} = 0.072A\rho_w gC_w T_0, \quad (13.14)$$

мында $Cw$ – 1300 м/с га барабар болгон суудагы добуштун ылдамдыгы;

$T_0$ – кыртыштын сейсмикалык термелүүсүнүн басымдуулук кылган мөөнөтү, анын мааниси 0,5 с барабар деп кабыл алынат.

13.4.28 ГТКны сейсмикалык таасирдин вертикалдык түзүүчүсү катары эсептеген учурда, суунун кошумча сейсмикалык басымын эсепке алуу керек $p_{w,ad}$ (басымдын ординаттары), ал төмөнкү формула менен аныкталып, курулманын эңкейген бетине алынат:

$$P_{w,ad} = 0.225\rho_w gzA\sin\Theta, \quad (13.15)$$

мында z – каралып жаткан кесилиштен суунун бетине чейинки аралык;

Θ– вертикалга карата басымдуу чектин эңкейиш бурчу.

13.4.29 Эгер жер титирөөнүн жыйынтыгында суу сактагычынын түбүнүн формасынын калдыктуу бузулушу (жылышы) болуп өтсө, же суу сактагычынын жээгинде кыртыштын чоң көлөмүнүн боордон ылдый жылышуу коркунучу бар болсо, анда суу сактагычынын эсептик горизонтунун үстүндөгү плотинанын кырын жогорулоосун дайындаган учурда суу сактагычтын бетинде сейсмикалык келип чыккан толкундардын пайда болуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу керек.

Суу сактагычтын түбүнө тоо тектеринин калдыктуу жылышы, эреже болгондой, суу сактагычтын аймагында тектоникалык бузулуулар болгондо, өзгөчө - активдүү жаракалар барда мүмкүн. Бул учурда толкундардын бийиктигин тектоникалык жараканын бортторунун сейсмотектоникалык кыймылынын (калдык жылышуу) мүнөзүнөн жоромолун эске алуу менен баалоо керек.

Эгер жер титирөө учурунда жараканын тилкеси боюнча басымдуулук кылып, түбүнүн структуралык-тектоникалык блокторунун субгоризонталдык кыймылы мүмкүн болсо (курулма менен биргелешип), $\Delta h$, толкундун бийиктигин м, төмөнкү формула менен аныкташат:

$$\Delta h = 0.225AT_0\sqrt{gh}, \quad (13.16)$$

мында $A$ –13.2 таблицасы боюнча кабыл алышат;

$T_0$ – сейсмикалык изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча аныкталган суу сактагычынын төшөмүнүн сейсмикалык термелүүсүнүн басымдуулук кылган мөөнөтү, ал эми алар жок болгон учурда $T_0$ = 0,5 с барабар катары кабыл алынат;

$g$ – эркин кулоонун ылдамдоосу;

$h$ – суу сактагычтын тереңдиги, м.

13.4 т а б л и ц а с ы – Курулманын кыймылынын мүнөзү боюнча коэффициенттерди эсептөө

| Курулманын кыймылынын мүнөзү | Коэффициенттер | | | |
|---|---|---|---|---|
| | μ | D | *Ω* | *χ* |
| 1 $zc \neq h$ учурунда эпке келүүчү негизде вертикалдык оргутуучу чеги менен формасы бузулбаган курулманын айлануусунун термелүүсү | $\dfrac{z_c R - \frac{2h}{\pi} G}{z_c - z}$ | $\dfrac{z_c R - \frac{2h}{\pi} G}{z_c - h}$ | $\dfrac{0.543 z_c - 0.325h}{z_c - h}$ | $\dfrac{0.325 z_c - 0.210h}{0.543 z_c - 0.325h}$ |
| 2 Формасы бузулбаган курулмалардын умтулуучу горизонталдык жылышуулары:<br>жантайыш оргутуучу чегименен басымдуу<br>вертикалдык кыры менен | R<br>R sin$^3$θ | R<br>R sin$^2$θ | 0.543<br>0.543R sinθ | 0.6<br>0.6 |
| 3 V-түрүндөгү капчыгайда вертикалдык оргутуучу чеги менен формасы бузулбаган курумалардын горизонталдык умтулуучу жылышуулары | $\mu_1$ | D= $\mu_1$ | - | - |
| 4 Вертикалдык оргутуучу чеги менен курулмалардын горизонталды кийилген термелүүлөрү | $\dfrac{R + C_1(a-1)}{1 + C_3(a - 1}$ | $R + C_1(a-1)$ | - | - |
| 5 Вертикалдык оргутуучу чеги менен консолдук типтеги курулмалардын горизонталдык жылышкан термелүүлөрү | $\dfrac{aR + C_2(a-1)}{a - (a-1)\frac{z^2}{h^2}}$ | $aR + C_2(a-1)$ | - | - |
| 6 Суу топтоочу мунара, көпүрө таканчыктары, туура кесилиштеги тегерек форма менен түркүк сыяктуу өзүнчө турган вертикалдык курулмалардын горизонталдык термелүүлөрү | $\frac{\pi}{4}\left(\frac{z}{h}\right)^{d_1/2h}$ | $\frac{\pi}{4}\left(\frac{z}{h}\right)^{d_1/2h}$ | $\dfrac{\pi}{4(1 + d_1)/2h)}$ | $\dfrac{2h + d_1}{4h + d_1}$ |
| 7 Суу топтоочу мунара, көпүрө таканчыктары, туура кесилиштеги төрт чарчы форма менен түркүк сыяктуу өзүнчө турган вертикалдык курулмалардын горизонталдык термелүүлөрү | $\left(\frac{z}{h}\right)^{d_2/2h}$ | $\left(\frac{z}{h}\right)^{d_2/2h}$ | $\dfrac{1}{1 + d_2/2h}$ | $\dfrac{2h + d_2}{4h + d_2}$ |

*13.4 таблицасынын аягы*

| Курулманын кыймылынын мүнөзү | Коэффициенттер | | | |
|---|---|---|---|---|
| | μ | D | $\Omega$ | $\chi$ |

Э с к е р т ү ү л ө р

1 $R$, G, $\mu_1$, $C1$, $C2$, $C3$ коэффициенттерин –13.6 таблицасы боюнча кабыл алышат; $z$ – оргутуучу чектин чекитинин ординаты, аны үчүн суунун бириктирилген массасынын чоңдугун эсептеп чыгарышат (координаттардын башталышы суу бетинин деңгээлинде кабыл алынат); $z_c$ – суу чөйрөсүнүн таасирин эсепке албай туруп, курулманын эсебинен аныкталган, айлануу борборунун ординаты; θ – оргутуучу чектин горизонталга болгон жантайыш бурчу; $d_1$ – туура кесилиштин диаметри, м; $d_2$ – туура кесилиштин квадрат жагы, м; $a$ –0.45$A$ чоңдукка суу чөйрөсүнүн таасирин эске албай туруп, плотинанын эсебинен аныкталган кырдын ылдамдануу мамилеси.

2 Оргутуучу чегинин жантайыш бурчу θ≥75° болгон учурда, өлчөмсүз коэффициенттердин маанисин вертикалдык оргутуучу чек катары кабыл алышат.

3 $\mu_1$ симметриялык аркалуу плотиналар үчүннегизги кесилиши үчүн өлчөмсүз коэффициенттин маанисин 13.6 таблицасы боюнча кабыл алат. Аркалык плотиналардын калган кесилиши үчүн бул коэффициенттин маанисин 1,3 $\mu_1$ көбөйтүшөт.

4 Бул таблицада каралбаган учурлар үчүн, бириктирилген суунун массасын атайын эсептешүүлөр менен аныкташат.

13.5 т а б л и ц а с ы – Суу өлчөмүнүн узундугунун чектелишин эске алган коэффициент

| $l/h$ мамилеси | 0.2 | 0.4 | 0.6 | 0.8 | 1.0 | 1.2 | 1.4 | 1.6 | 1.8 | 2.0 | 2.5 | 3.0 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ψ коэффициенти | 0.26 | 0.41 | 0.53 | 0.63 | 0.72 | 0.78 | 0.83 | 0.88 | 0.90 | 0.93 | 0.96 | 1.00 |

13.6 т а б л и ц а с ы – $z/h$ мамилесине жараша кабыл алынган коэффициенттердин мааниси

| Өлчөмсүз коэффициенттер | | | $z/h$ мамилеси | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 0.1 | 0.2 | 0.3 | 0.4 | 0.5 | 0.6 | 0.7 | 0.8 | 0.9 | 1.0 |
| $R$ | | | 0.23 | 0.36 | 0.47 | 0.55 | 0.61 | 0.66 | 0.70 | 0.72 | 0.74 | 0.74 |
| $G$ | | | 0.12 | 0.23 | 0.34 | 0.45 | 0.55 | 0.64 | 0.72 | 0.79 | 0.83 | 0.85 |
| $\mu_1$ | θ = 90° | b/h=3 | 0.22 | 0.38 | 0.47 | 0.53 | 0.57 | 0.59 | 0.61 | 0.62 | 0.63 | 0.64 |
| | | b/h=2 | 0.22 | 0.35 | 0.41 | 0.46 | 0.49 | 0.52 | 0.53 | 0.54 | 0.54 | 0.55 |
| | | b/h=1 | 0.21 | 0.29 | 0.35 | 0.38 | 0.41 | 0.43 | 0.44 | 0.45 | 0.45 | 0.44 |
| | θ=30°,b/h бардык мамилелеринде | | 0.08 | 0.15 | 0.18 | 0.22 | 0.23 | 0.23 | 0.22 | 0.20 | 0.18 | 0.15 |
| $C_1$ | | | 0.07 | 0.09 | 0.10 | 0.10 | 0.09 | 0.08 | 0.07 | 0.07 | 0.06 | 0.06 |
| $C_2$ | | | 0.04 | 0.09 | 0.13 | 0.18 | 0.23 | 0.28 | 0.34 | 0.38 | 0.42 | 0.43 |
| $C_3$ | | | 0.86 | 0.73 | 0.59 | 0.46 | 0.34 | 0.23 | 0.14 | 0.06 | 0.02 | 0.00 |

Э с к е р т ү ү – $b$ параметри – суу бетинин деңгээлинде капчыгайдын жазылыгы.

Эгер суу сактагычтын аймагында тектоникалык жараканын тилкеси боюнча субвертикалдык багытталган калдыктуу жылышууларды күтүү керек болсо, анын гравитациялык толкундун мүмкүн болгон бийиктиги жер титирөөнүн $M$ магнитудасына жараша аныкталат (бул учурда толкундун бийиктиги суу сактагычтын терендигинен көз каранды эмес):

$-5 \leq M < 7$ учурда

$$\Delta h = 0.5 + 1.15(M - 5); \qquad (13.17)$$

$-7 \leq M \leq 8,5$ учурда:

$$\Delta h = 1.3 * 10^{-2+1.8\sqrt{M-5.3}}, \qquad (13.18)$$

мында $M$ – суу сактагычтын аймагындагы борбору менен толкундун бети боюнча жер титирөөнүн магнитудасы; магнитуданын мааниси сейсмологиялык изилдөөлөрдүн маалыматтары боюнча аныкталат. $M$ маанисинин мындай маалыматтары жок болгон учурда төмөнкү формуласы боюнча кабыл алуу керек:

$$M = 0.67I + 2.33 \lg H_0 - 2, \tag{13.19}$$

мында $I$ – суу сактагычынын райондун эсептик сейсмикалуулугу (балл менен шкала);

$H_0$ – жер титирөө очогунун терендиги, км.

Суу сактагычынын бетиндеги сейсмикалык толкундардын бийиктигин аныктоо учурунда мындай толкундун курулма менен өз ара аракеттенүүсү жок учурда, суунун кошумча деңгээлинин кошумча көтөрүлүүсүн эске албоого жол берилет.

13.4.30 Бийиктиги 100 м ашык плотиналардын сейсмикалык таасирине эсептөөлөрдү жүргүзүү учурунда, суунун төмөндөшү жана жогорку бьефтин түбүнүн энергияны сиңириши сыяктуу факторлорду эске алуу сунушталат.

### 13.5 Гидротехникалык курулмалардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу боюнча иш чаралар

13.5.1 Курулмаларды тектоникалык жараканын участогунда жайгаштыруу зарылчылыгы келип чыккан учурда, гидротүйүндүн негизги курулмаларды (плотиналар, ГЭС имараттары, суу топтогучтар) бирдиктүү структуралык-тектоникалык блокто жайгаштыруу керек анын чегинде курулмалардын бөлүктөрүнүн өз ара кыймылдоо мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылган.

Долбоордо, курулмалардын бөлүктөрүнүн өз ара кыймылдоону жокко чыгарууга мүмкүн болбогон учурда, курулманын коопсуздугу үчүн зыяны жок дифференциялдашкан кыймылдаткычтарды кабыл алууга мүмкүндүк берген конструктивдик атайын иш чаралар иштелип чыгышы керек.

13.5.2 Көчкү жүрүшү мүмкүн болгон участоктордо оргутуучу фронттун курамына кирген курулмалардын курулушу (13.4.1 кара, эскертүү) курулманын створундагы жээк боорлорунда жана курулманын негизиндеги көчкү деформациялардын түзүлүшүн жокко чыгарылган иш чараларды жүзөгө ашыруу учурунда гана жол берилет, ошондой эле плотинанын кыры аркылуу суунун ашып ташуусуна алып келүүгө жөндөмдүү суу сактагычтардын бортун катастрофалык бузуу учурунда жол берилет.

13.5.3 Курулманын туруктуулугун бузууга мүмкүн болгон учурда, ошондой эле курулманын тулкусундагы ашыкча деформациянын өнүгүүсүндө жана негиздеги кыртышта же сейсмикалык таасирлердин алдында курулманын тулкусуна абалынын деструктивдүү башка өзгөрүүлөрү жана суюлушунун кесепетинен, бул кыртыштарды жасалма таптоо же бекитүүнү карап чыгуу керек.

13.5.4 Таш-топурак плотиналары үчүн ядролордун жана экрандардын үстүңкү жагы менен чыпкалардын түзмөгүн карап чыгуу керек (өтмө катмар), бул учурда чыпканын биринчи катмарынын курамын тандоо жер титирөө учурунда чыпкалоого каршы элементинде түзүлүшү мүмкүн болгон жаракаларды кольматацияны (өзүн дарылоону) камсыз кылышы керек.

13.5.5 Топурак материалдарынан плотиналардын үстүңкү сууга каныккан призмаларын бир түрдүү эмес жана чыпкалоонун ири бүртүктүү кыртыштан алып долбоорлонушу керек (таш менен толтурулуу, шагыл, шагылдар ж.б.), булар сейсмикалык таасир учурунда суюлтууга жөндөмдүү болгон олуттуу чектелген жөндөмдүүлүккө ээ. Зарыл болгон учурда үстүңкү призманын тулкусундагыири бүртүктүү материалдын көлөмүнүн азайышына ири бүртүктүү

катуу дренаждалган материалдардан (ири кесектүү) горизонталдык катмарларды киргизүүгө жол берилет.

Э с к е р т ү ү – Бул пункттун көрсөтмөсү экраны менен топурак материалдарынан жасалган ГТК га жайылбайт.

13.5.6 Сейсмикалык таасир учурунда ядросу менен же диафрагмалары менен плотинанын үстүңкү туруктуу призмасынын туруктуулугун жогорулатуу максатында кыртыштарда ашыкча басымды азайтууну камсыз кылган иш чараларды иштеп чыгууга таандык, негизинен, байланышпаган кыртыштардын максималдык бекемдеши, таш менен толтурулган боорлор, кошумча дренаждалган катмарлардын түзмөгү ж.б.

13.5.7 Плотиналарды жана башка суу тосуучу курулмаларды долбоорлоо учурунда төмөнкүлөрдүн жардамы менен алардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу керек:

а) анын төмөнкү бөлүгүндө плотинанын туура профилин кеңейтүү;

б) минималдык массанын головкасын колдонуунун эсебинен курулмалардын үстүңкү бөлүгүн жеңилдетүү, стенка, контрфорстуу же рамалык конструкция түрүндө курулманын үстүңкү бөлүгүн орнотуу, курулманын кыр аймагында боштуктарды аткаруу ж.б.;

в) бул кыртыштарды инъекциялоо жолу менен аскалуу эмес кыртыштар менен түзүлгөн негизди бекитүү;

г) суу өтпөгөн экран менен топурак материалдарынан плотинанын оргутуучу чегин коргоо;

д) мейкиндикте иштөөчү массивдик гравитациялык плотиналарды колдонуу;

е) аркалык плотиналар үчүн периметралдык шовду орнотуу;

ж) жер плотиналарды куруу үчүн «арматураланган кыртышты» колдонуу.

13.5.8 Эксплуатацияланган, сейсмикалык туруктуулук жетишсиздигине ээ болгон плотиналардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу үчүн, 13.5.7 а), б), д) пункттарда саналып өткөн иш чараларды, ошондой эле кыртыш плотиналардын туруктуу призмаларын цемент же башка аралашмалар менен толуктоону карап чыгуу керек.

13.5.9 Причалдык курулмалар жана жээктерди, эреже болгондой, кыртыштын бир тараптуу кысымына дуушар болбогон конструкция түрүндө куруу.

Причалдык жана жээктеги курулмалардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу үчүн:

- анкерленген шпунт стенкалары менен конструкцияларды кабыл алуу;
- антисейсмикалык шовдор менен секцияларга бөлүү.

13.5.10 Курама гравитациялык дубалдардын причалдык жана жээктеги курулмалардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу үчүн, эреже болгондой, курама элементтердин өлчөмдөрүн чоңойтуу керек жана бул конструкцияларды арматуранын же болот коймо деталдарды ширетүү менен монолиттөө керек.

13.5.11 Причалдар жана жээктеги эстакадалык типтер үчүн таканчык катары аларды алдын ала чыңалган, центрифугаланган темир бетон кабыктары менен болот түтүк, шпунттан жасалган куту түрүндөгү түркүктөрдү колдонуу керек. Призматикалык темир бетон түркүктөрүн колдонуу сунушталбайт.

Түркүктөрдү бекем, суюулууга жөндөмдүү кыртыштардын тереңдигине чейин чөмүлтүү керек. Түркүктөрдүн төмөнкү учтарынын борпоң сууга каныккан кыртыштарга, жумшак пластикалуу, акма пластикалуу жана аккан консистенциядагы чополуу кыртыштарга такалышына жол берилбейт.

Түркүктөрдүн үстүңкү учун эстакадалык конструкциянын үстүңкү курулмасына катуу бекитүү керек. Бириккен жерлер өзгөрмө жүктөмдөргө эсептелген болушу керек.

Эстакадалардын горизонталдык катуулугун зарыл болгон учурда, жантайма түркүктөрдү колдонуу менен, же рамага диагоналдык байланыштарды киргизүү менен камсыз кылуу керек.

13.5.12 Причалдардын жана анкерленген шпунт дубалдары тибиндеги жээктеги курулмалардын сейсмикалык туруктуулугун жогорулатуу үчүн, 13.5.9 пунктунда анкердик таканчык катары түркүк ростверкаларын колдонууга жол берилет.

Шпунт дубалдарынын артындагы кран алдындагы жолдорду түркүк пайдубалдарында орнотуу керек.

## 13.6 Эксплуатациялоо процессинде гидротехникалык курулмаларга геодинамикалык мониторинг

13.6.1 I жана II классындагы суудагы таканчык курулмаларынын долбоорунда өзүнө төмөнкүлөрдү камтыган геодинамикалык мониторингдин комплекстүү системасын түзүү каралууда:

- өзүнө курулмаларды жана суу сактагычтарды камтыган аймактагы табигый жана техногендүү жер титирөөлөргө сейсмологиялык мониторинг жүргүзүү;
- курулмаларда жана жээк бирикмелеринде инженердик-сейсмометрикалык мониторинг;
- курулманын жана негиздин физикалык-механикалык касиеттери жана чыңалган-деформациялык абалынын геофизикалык мониторинги, ошондой эле гидротүйүн жайгашкан аймак;
- курулмада жана негизде болуп жаткан деформациялык процесстерге, ошондой эле суу сактагыч районундагы жер бетине геофизикалык мониторинг;
- курулмага тесттик динамикалык сыноолор;
- курулуш аянтынын сейсмикалык шарттарын өзгөрткөн учурда сейсмикалык коркунучту баалоо жана сейсмикалык туруктуулукту, эксплуатациялоо учурунда курулманын жана негиздин касиеттерин текшерүүчү эсептөөлөрүн жүргүзүү;
- эксплуатациялоо учурунда опурталдуу геодинамикалык процесстерди жана көрүнүштөрдүн терс таасирин төмөндөтүү же болбосо алдын алуу боюнча колдонуудагы ГТК персоналынын регламенттик иш чараларынын системасы.

Геодинамикалык мониторинг комплекстүү жүргүзүлөт жана ГТКнын эксплуатациядоонун аягына чейин курулуштун башынан башталган мөөнөттү камтыйт.

Байкоолор жана изилдөөлөрдүн конкреттүү курамдары жана ыкмалары адистештирилген долбоордук же изилдөөчү уюм менен биргелешип, генералдык долбоорчу тарабынан аныкталат.

13.6.2 Ушул курулуш ченемдердин 13.6.1 пунктунда көргөзүлгөн курулмаларда, аларды эксплуатацияга берген учурда, андан кийин ар бир беш жылда бул курулмалардын динамикалык мүнөздөмөлөрүн аныктоо боюнча тесттик сыноолорду (динамикалык тестирлөө) профилдик уюштуруунун күчү менен жүргүзүү керек, анда динамикалык паспортторду түзүү менен аткарышат.

Динамикалык тестирлөө учурунда, термелүүлөрдүн формасы жана өздүк жыштыгы, формасы боюнча өчүшү, динамикалык ийкемдүүлүктүн амплитудалык-жыштык мүнөздөмөлөрү аныкталат.

Термелүүлөрдү козгоо үчүн төмөнкү табигый жана жасалма булактарды колдонууга жол берилет:

- гидроагрегаттардын режимдик иши менен байланышкан курулмалардын фонддук термелүүлөрү;
- динамикалык изилдөөлөргө ыйгарылган атайын, гидроагрегаттарды токтотуу жана иштетүү;
- микросейсмалар;
- анча көп эмес заряддагы тесттик жарылуулар;
- атайын тестирлөөчү вибромашинанын таасири.

Курулманын динамикалык мүнөздөмөлөрүн нормалдуу таканчык деңгээлинде жана суу сактагычтагы суунун бир метрлик көлөмүнүн деңгээлинде орнотушат.

## А тиркемеси
(милдеттүү)

## Терминдер жана аныктамалар

Ушул ченемдерде төмөнкү терминдер жана аныктамалар колдонулган:

Э с к е р т ү ү – Айрым төмөндө келтирилген терминден жана аныктамалар ушул ченемдин текстинде колдонулбайт, бирок имараттарды жана курулмаларды конструкциялоого жана эсептөөгө таандык болгон түшүнүктөрдүн бирдигин камсыз кылат.

**А.1 акселерограмма:** Кыртыштын, курулманын же конструкциянын кыймылынын ылдамдаган убагында мүнөздөлгөн көз карандылык (графика түрүндө же санарип формада).

**А.2 инструменталдык акселерограмма:** Чыныгы жер титирөө учурунда инструменталдык катталган, кыртыштын же курулманын ылдамдаган убагында мүнөздөлгөн көз карандылык.

**А.3 жасалма акселерограмма:** Тездөөдө жана сейсмикалык процесстин башка мүнөздөмөлөрү менен реакциялардын берилген спектри менен макулдашылган убакытта кыртыштын кыймылынын ылдамдануусун өзгөртүү процессин мүнөздөгөн, жасалма түзүлгөн көз карандылык, анда алар катары анын узундугу, ийилүүчү формасы жана жыштык курамы каралат.

**А.4 синтезделген акселерограмма:** Сейсмогендик булактын механизмин моделдештирүү жолу менен жана сейсмикалык толкундарды таратуу жолу менен аналитикалык ыкмада алынган акселерограмма.

**А.5 амплитуда:** Термелүүлөрдүн каралып жаткан циклиндеги "нөлдүк" абалдан алмашма чоңдуктун чоңураак четтөөсү (ылдамдануу, ылдамдыгы, жылышы).

**А.6 пиктик амплитуда:** Каралып жаткан убакыттын аралыгында өзгөрүп жаткан чоңдуктун экстремумунун жогорку чектеги абсолюттук мааниси.

**А.7 антисейсмикалык иш чаралар**: Аталган ченемдердин көрсөтмөлөрүн аткарууга негизделген конструктивдик жана пландаштыруучу чечимдердин жыйындысы, алар курулмалардын сейсмотуруктуулугунун ченемдер менен регламенттелген, аныкталган бир деңгээлин камсыз кылат.

**А.8 антисейсмикалык байлоо**: Горизонталдык катуу дискти түзүү үчүн жабуулар деңгээлиндеги дубалдарда орнотулган элемент.

**А.9 антисейсмикалык алкак**: Жабуулардын деңгээлинде орнотулган жана жабуулардын таканчыгы үчүн аймагы бар элемент.

**А.10 антисейсмикалык шов**: Сейсмикалык таасир учурунда алардын өз ара биригишин жана кагылышынан качуу үчүн багытталган, имараттын конструкцияларынын ортосундагы ажырым.

**А.11 балл:** Имараттардын жана курулмалардын абалына, адамдардын реакциясына, ландшафттын, кыртыштын ж.б. өзгөрүүлөрүнө негизделген, жер титирөөлөрдүн интенсивдүүлүгүнүн сүрөттөөчү макросейсмикалык шкала боюнча, жердин үстүндөгү аныкталган бир участоктогу жер титирөөнүн макросейсмикалык интенсивдүүлүгүн сандык баалоо үчүн багытталган шарттуу белги.

**А.12 туура толкундар:** Узун толкундарга салыштырмалуу жайыраак тараган жана узун толкундардын жайылуу багытына карата туура кыймылдардан турган толкундар.

**А.13 узун толкундар:** Термелүүлөр тароо багытын бойлой таралган толкундар (чөйрөнүн бөлүкчөлөрүнүн жылышуу багыты менен дал келет).

**А.14 калыбына келтирүү:** Оңдоо-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү, анын натыйжасында конструкциялардын (имараттардын) көтөрүүчү жөндөмдүүлүгү жабыркоолордун пайда болуусуна чейинки деңгээлге чейин калыбына келет (күчөтүлөт).

**А.15 ийкемдүү кабат:** Горизонталдык катуулугу жогорку жайгашкан кабаттын катуулугунан 70% кем болгон же үч жогорку кабаттардын орто катуулугунун 80% кем болгон имараттын кабаты.

**А.16 конструктивдик системанын башкы багыттары:** Пландагы конструктивдик системанын инерциясынын башкы борбордук окторунун багыты менен дал келген, горизонталдык ортогоналдык багыттар.

**А.17 вертикалдык катуулук диафрагма:** Узундугу катуулук диафрагмасынын 4 эсе калыңдыгынан аз эмес калыңдыгы 4 аз эмес вертикалдык байланыштардын дубалы же системасы, алар имаратты системасындагы сейсмикалык горизонталдык жүктөмдөрдү кабыл алган жана аларды пайдубалдарга берген жана эсептөөлөрдүн жыйынтыгы боюнча долбоорлонгон.

**А.18 горизонталдык катуулук диафрагма:** Горизонталдык конструкция (мисалы, кабат аралык жабуулар), ал эсептөөлөрдүн жыйынтыгы бюнча долбоорлонгон жана сейсмикалык жүктөмдөрдү кабыл алган, вертикалдык элементтерге горизонталдык жүктөмдөрдү берүү үчүн багытталган.

**А.19 монолиттик дубалдуу имараттар**: Көтөрүүчү конструкциясы болуп монолиттик темир бетон дубалдар саналган каркасы жок имараттар.

**А.20 жер титирөө:** Жер ичиндеги процесстер тарабынан пайда болгон, жер үстүндөгү силкинүүлөр.

**А.21 сейсмикалык таасирдин интенсивдүүлүгү:** Сейсмикалык интенсивдүүлүк шкаласы боюнча же ылдамдануунун жогорку амплитудасында бүтүн саналган балл менен чагылдырылган, сейсмикалык таасирлердин чоңдугу.

**А.22 жер титирөө очокторунун мүмкүн болгон аймактары (ЖОМБ аймактары):** Жер титирөөнүн булактары болуп саналган, жердин үстүңкү мантиясынын жана жер кабыгынын сейсмикалык активдүү структуралар.

**А.23 толтурулган каркас**: Толугу менен толтурулган же табигый жана жасалма таштарды колдонуу менен жарым жартылай толтурулган рамалардан турган көтөрүүчү система, алар каркас элементтер менен биргелешип, вертикалдык жүктөмдөрдү кабыл алат.

**А.24 комплекстүү конструкциялар**: Кышты, бетон блокторун же башка табигый жана жасалма таштарды колдонуу менен аткарылып коюлган жана раманы (каркас) түзбөгөн, темир бетон кошулмалары менен күчөтүлгөн дубал конструкциясы.

**А.25 конструкция (конструктивдик элемент):** Конструктивдик системанын айырмаланган физикалык бөлүгү, мисалы, балка, колонна, дубал.

**А.26 конструктивдик система:** Анын катуулугун, бышыктыгын жана туруктуулугун камсыз кылган имараттын же курулманын өз ара байланышкан конструкциясынын жыйындысы.

**А.27 каркастык конструктивдик системалар:** Негизги вертикалдык көтөрүүчү конструкциялар болуп саналган системалар каркастын колонналары жана ригелдери саналат, аларга жабуулардан жүктөм берилет. Каркастык имараттардын бышыктыгы, туруктуулугу жана мейкиндик катуулугу жабуулардын жана вертикалдык конструкциялардын биргелешкен иши менен камсыздалат. Конструктивдик системалардын бышыктыгын, туруктуулугун жана катуулугун камсыз кылуу үчүн колдонулган вертикалдык конструкциялардын айкалышына жараша, төмөнкү каркастык конструктивдик системаларды айырмалашат:

а) **рамалык каркас** – вертикалдык жана горизонталдык жүктөмдөрдүн бардык жыйындысын кабыл алган, алардын бирикмелеринин бардык же айрым катуу түйүндөрү менен колонналардын жана ригелдердин мейкиндик системасы (ийилүүчү учурларды кабыл алууга жөндөмдүү);

б) **рамалык-байланыш каркасы** – рамалык каркас жана катуулуктун вертикалдык диафрагмасы түрүндө мейкиндик системасы, анда вертикалдык жүктөмдөрдү, негизинен, негизге рамалык каркас кабыл алат жана берет, ал эми горизонталдык жүктөмдөрдү катуулуктун вертикалдык диафрагмалары жана каркастары кабыл алат;

в) **байланыш каркасы** – бирикмелердин катуу эмес же катуу түйүндөрү менен каркас түрүндөгү мейкиндик системасы, анда вертикалдык жүктөмдөрдү, негизгиси, каркастын колоннасынын негизи кабыл алат жана берет, ал эми горизонталдык жүктөмдөрдү – вертикалдык катуу диафрагмалар кабыл алып, берет;

г) **катуулук ядросу менен каркас (каркастык-өзөктүү система)** – байланыштык, рамалык-байланыштык же каркастык-дубалдык конструктивдик системасы, анда каркас өзөктүн же катуулук ядросун куруу түрүндө аткарылат (пландагы туюк форманын катуулугунун вертикалдык мейкиндик элементтери).

**А.28 каркастык-дубал конструктивдик системасы:** Каркас жана көтөрүүчү дубал түрүндөгү мейкиндик конструктивдик системасы, анда дубалдар вертикалдык жүктөмдөрдүн 60% азын жана горизонталдык жүктөмдөрдүн 80% кем эмесин кабыл алышат жана беришет.

**А.29 дубалдык конструктивдик системалары:** Жабуулардын горизонталдык дисктеринин биргелешкен иши үчүн бириктирилген, вертикалдык жана горизонталдык жүктөмдөрдүн бардык жыйындысын кабыл алган, көтөрүүчү дубалдардан жасалган мейкиндик конструктивдик системалар. Имараттын планында көтөрүүчү дубалдардын жайгашуу схемасынан жана аларга жабуулардын таянуу мүнөзүнө жараша, төмөнкү дубалдык конструктивдик схемаларды айырмалашат:

а) **кайчылаш-дубал** – туура жана узун көтөрүүчү дубалдары менен мейкиндик конструктивдик схема, аларга жабуулар контур боюнча же үч жагы боюнча барып такалат;

б) **туура-дубалдык** – конструктивдик схема, анда жабуулардан жана көтөрбөөчү дубалдардан болгон вертикалдык жүктөмдөр негизинен туура көтөрүүчү дубалдарга берилет, ал эми жабуу плиталар негизинен устундук схема боюнча иштейт; туура дубалдардын багытында аракеттенүүчү горизонталдык жүктөмдөр бул дубалдар тарабынан кабыл алынат; туура дубалдарга перпендикуляр аракеттенүүчү горизонталдык жүктөмдөр катуулуктун узата диафрагмалары тарабынан кабыл алынат, алар тепкич клеткаларынын узата дубалы болуп кызмат кыла алат, ошондой эле узата тышкы жана ички дубалдардын участоктору болушу мүмкүн;

в) **узата-дубалдык** – конструктивдик схема, анда жабуулардан жана көтөрбөөчү дубалдардан болгон вертикалдык жүктөмдөр негизинен узата көтөрүүчү дубалдарга берилет, ал эми жабуу плиталар негизинен устундук схема боюнча иштейт; узата дубалдардын багытында аракеттенүүчү горизонталдык жүктөмдөр бул дубалдар тарабынан кабыл алынат; узата дубалдарга перпендикуляр аракеттенүүчү горизонталдык жүктөмдөр катуулуктун узата диафрагмалары тарабынан кабыл алынат, алар тепкич клеткаларынын туура дубалы болуп кызмат кыла алат, ошондой эле туура тышкы жана ички дубалдардын участоктору болушу мүмкүн.

**А.30 айландырылган маятник тибиндеги конструктивдик системалар:** Массанын 50% же андан көбү анын бийиктигинин төрттөн үч бөлүгүндө жайгашкан система, же энергиянын диссипациясы негизинен анын төмөнкү бөлүгүндө болуучу бир массалуу система.

Э с к е р т ү ү – Айландырылган маятник тибиндеги конструктивдик системаларга, үстүндөгү колонналары биргелешкен иштөө үчүн бириктирилген жана колоннадагы нормалдаштырылган октук аракеттерин мааниси $v_d$ 0,3 төн ашкан бир кабаттуу каркастар кирбейт.

**А.31 конструктивдик схема:** Анын негизги көтөрүүчү конструкцияларынын курамы жана жайгашуу белгилери боюнча имараттын же курулманын конструктивдик системасынын варианты.

**А.32 имараттын же курулманын конфигурациясы:** Тышкы чийилиши, ошондой эле пландагы жана имараттын же курулманын бийиктиги боюнча көтөрүүчү жана көтөрбөөчү элементтердин өз ара жайгашуусу, алар сейсмикалык таасири учурунда анын ишине таасир тийгизиши мүмкүн.

**А.33 жоопкерчилик коэффициенти:** Жер титирөө учурунда курулманын баш тартуусунун кесепетинин коркунучун эске алган коэффициент.

**А.34 абал коэффициенти:** Курулманын линейлүү эмес реакциясын эсепке алуу максатында, материалдын линейлүү эмес иши менен, конструктивдик система жана долбоорлоонун кабыл алынган методикасынын өзгөчөлүктөрү менен шартталган, линейлүү эсептөөнүн жыйынтыгында аныкталган, күчтөрдү азайтуу үчүн колдонулган редукциянын коэффициенти.

Э с к е р т ү ү – Абал коэффициенти $q$ сейсмикалык жүктөмдөрдүн шайкештигинин жакындатылган маанисинен турат, алар имаратка же курулмага анын толук серпилгич реакциясы жана жабышкак 5 % демпфирлөө учурунда сейсмикалык жүктөмдөргө таасирлейт, алар линейлүү-серпилгич эсептөөнүн жыйынтыгына негизделген долбоорлоо учурунда колдонулушу мүмкүн. Абал коэффициентинин мааниси q линейлүү эмес деформациялоо тармагындагы конструктивдик системасынын сейсмикалык таасирлерге каршы туруу жөндөмдүүлүгүн мүнөздөйт жана сейсмикалык таасирлер учурунда алардын линейлүү эмес абалын эсептөө даражасын аныктайт.

